# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ДЕКАБРЬ 2017 - ЯНВАРЬ 2018 | № 12 - 1 (73-74) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

**Жарандардын ЖӨБго катышуусу**

"МЫКТЫ МЫКТЫГА" форуму ........ 2

Бюджеттик сандар элеттиктерге түшүнүктүү болуп калды ........ 10

**Мыйзамдардагы жаңылыктар**

Байытылбаган унду пайдалануу үчүн айып жөнүндө; кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө; мамлекеттик сырды коргоо жөнүндө; республикалык бюджет жөнүндө жана башка ........ 13

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары**

Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналган “ЖАКШЫ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР-2017” аттуу плакаттардын Улуттук сынагы жана көргөзмөсү ........ 16

Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) Чүй облусунун жергиликтүү жамааттарына мектепке чейинки курактагы балдар үчүн шарттарды жакшыртууга жардам берди ........ 18

Жаңы жабдуулар: Ош жана Нарын облустарынын муниципалитеттери жалпы суммасы 677 миң сомго калк менен иштөө үчүн заманбап жабдууларды алышты ........ 20

Билимдүү ЖӨБ: Нарын жана Ош облустарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 45 өкүлү компьютердик сабаттуулуктун негиздерин үйрөнүштү ........ 20

Нарын жана Ош облустарынын муниципалитеттери өздөрүнүн Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгышты ........ 21

ЖӨБ текшерүүлөрү: Эскертүү албай өтүүнүн жолдору барбы? ........ 21

Аймактык ЖОЖдор үчүн 2018-2023-жылдарга КРнын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу системасын өркүндөтүү программасынын долбоорунун бет ачары ........ 22

**ӨСИ жаңылыктары**

Бишкекте КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин башкаруу системасына мониторингди жана баалоону киргизүү боюнча сунуштар талкууланды ........ 23

Баткенде мамлекеттик социалдык заказ (МСЗ) механизми тартууланды ........ 23

**Юридикалык консультация**

Жайыттар жөнүндө; айдоолорду майкандоо жөнүндө; мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө; дем берүүчү гранттар жөнүндө (подрядчынын айынан жумуштун үзгүлтүккө учурашы) ........ 24

**Мониторинг жана баалоо**

Коомдук мониторинг: көйгөйлөр жана перспективалар ........ 30

**ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүлөрү**

Кыргыз Республикасынын аймагында катуу тиричилик калдыктарын жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө тарифти эсептөө методикасы ........ 35

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге дarектелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үметалиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**



# "МЫКТЫ МЫКТЫГА" форуму

**Айнура БАЛАКУНОВА, Анара МУСАЕВА, Сабина ГРАДВАЛЬ, Нургүл ЖАМАНКУЛОВА**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоору

2017-жылдын 27-ноябрынан 23-декабрына чейин үч облустун борборунда – Бишкек шаарында, Нарында жана Ошто “Жергиликтүү демилге: бүгүн жана эртең” аттуу темада аймактык форумдар өттү. Форумдар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча муниципалитеттердин мыкты мисалдарын, жергиликтүү бюджеттеги каражаттарды ачык-айкын башкаруунун, ЖӨБ органдары менен жергиликтүү жамааттын кызматташтыгынын үлгүлөрүн элге жеткирүү максатында уюштурулду. Форумдардын ишине жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (ЖӨБ) өкүлдөрү жана Чүй, Нарын, Ош облустарындагы чакан шаарлардан жана айылдык аймактардан жарандык коомдордун өкүлдөрү катышты. Иш-чараны Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору (мындан ары – Долбоор) уюштурду. Жалпысынан иш-чараларга 192 адам, анын ичинде 70 аял катышты.

Долбоор 2017-жылы Чүй, Нарын жана Ош облустарындагы бардык муниципалитеттердин арасында өткөргөн үч конкурстун жыйынтыгын жарыялаганы бул иш-чаранын өзөктүк учуру болуп калды. Конкурстар ЖӨБ органдары, бейөкмөт уюмдар жана жергиликтүү жамааттар арасында өз-өзүнчө өткөрүлгөн.

Ошентип, 2017-жылы “Жергиликтүү демилге” конкурсуна Нарын, Ош жана Чүй облустарындагы 37 муниципалитеттен 64 өтүнмө түштү. “Жарандардын бюджетти түзүүгө реалдуу катышуусу” конкурсуна Ош жана Чүй облустарындагы 13 ЖӨБ органы катышты. Бул муниципалитеттерде 2018-жылдын бюджетинин долбоору боюнча коомдук угуулар өткөрүлгөн болчу. “Жарандарды бюджеттик процесске тартууда жарандык коом уюмдарынын (БӨУ) ролу” конкурсуна Чүй, Ош, Нарын облустарынан жана Бишкек шаарынан 21 БӨУ катышты. 2017-жылы үч конкурстун жалпы байге фонду 1 миллион 397 миң 500 сомду түздү.

Жеңүүчүлөрдүн жана байге ээлеринин өтүнмөлөрүнө ылайык, каражаттар ЖӨБ органдарынын калк менен кызматташуусу үчүн дагы да жагымдуу шарттарды түзүүгө, конкурска берилген иш-чаралар, демилгелер кайталанып, ал эми тажрыйбалар улам өркүндөтүлүп туруусуна багытталган. Айталы, жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын кызматташтыгын жакшыртуу, коомдук иш-чараларды өткөрүү үчүн бала бакчалар жана мектептер өңдүү социалдык объекттер үчүн жабдуулар жана шаймандар сатып алынган.

Конкурстардын жеңүүчүлөрү форумдун катышуучулары алдында сөз сүйлөп, ийгилигинин сырлары менен бөлүштү. Ошондой эле иш-чаранын жүрүшүндө катышуучулар жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн актуалдуу болгон көйгөйлөрдү, аларды чечүү жолдорун карап чыгып, ЖӨБ органдары менен жергиликтүү жамааттар ортосундагы

кызматташтыкты жакшыртуу механизмдерин талкуулашты. Мындан тышкары 2017-жылы күчүнө кирген Бюджеттик кодекс жөнүндө маалымат берилип, "Бюджеттик кодекс иштеп кетиши үчүн эмнелерди жасаш керек?" деген суроонун тегерегинде талкуу болду.

### Чүй форуму

Чүйдөгү муниципалитеттердин катышуусу менен облустук форум 2017-жылдын 27-ноябрында Бишкекте өттү. Форумдун ишине Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (ЖӨБЭММА), КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзунун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Чүй облусундагы айылдык аймактардан жана чакан шаарлардан жарандык коомдун өкүлдөрү, шаардык, райондук жана облустук жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катышты.

Форумдун ачылышында сөз алган Долбоордун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ иш-чаранын максаттары менен милдеттерине токтолуп, бардык катышуучуларга жигердүү жарандык позициясы үчүн, ошондой эле кызматташкандан бери Долбоордун конкурстарына катышып жатканы үчүн ыраазычылыгын билдирди. Ал эми ЖӨБЭММАнын жана КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзунун өкүлдөрү Кыргызстандын өнүгүүсүнө кошкон салымы жана көп жылдан берки достук колдоосу үчүн Швейцария өкмөтүнө ыраазычылыгын билдиришти.

Долбоордун эксперти Айнура БАЛАКУНОВА конкурстун жыйынтыктарын жарыялагандан кийин форум "Мыкты мыктыга" форматында уланды. Мында мыкты жыйынтыктарга жетише алгандар башкалар менен өз тажрыйбасы менен бөлүштү.

Мисалы, Ысык-Ата районунун Юрьевка айылдык аймагынын башчысы Бек ЖЕКШЕМБАЕВ бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрүү тажрыйбасы менен бөлүштү. Мына ушул тажрыйбаны сүрөттөп бергени үчүн ал "Жарандардын бюджетти түзүүгө реалдуу катышуусу" конкурсунда 1-орунду ээлеген. Башчы коомдук иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү этаптары тууралуу катышуучуларга айтып берип, мында маалымат өнөктүгү абдан маанилүү болгонун баса белгиледи.

"Ушул өңдүү иш-чараларды өткөрүүдө тажрыйбасы аз адам алдыда болчу иш-чара тууралуу жашоочуларды кабардар кылып коюу маалымат өнөктүгү болуп эсептелет деп ойлошу мүмкүн. Бир кездери биз да ушинтип ойлочубуз. Бирок Долбоор менен кызматташуунун натыйжасында биз бир сабакты жакшы өздөштүрдүк – тренингде алган билимди иш жүзүндө колдонуш керек. Жаңы ыкмаларды колдонуу менен биз чогулуштарга жана жыйындарга катышкан жашоочулардын санын көбөйтө алдык, тургундар аймактын жашоосуна мурдагыдан дагы жигердүү катыша баштаышты. Менин силерге берээр бир кеңешим бар – коомдук иш-чараларды өткөрүп жатканда иш-чарага ЧЕЙИН жана АНДАН КИЙИН маалымат өнөктүгүн сөзсүз өткөрүңүз. Анткени айрымдар иш-чарага катышып, анда айтылгандарды уга албай калышы ыктымал. Бирок бул жашоочуларга иш-чарада кандай маселелер талкууланып, жыйынтыгы кандай болгону кызык. Ошондуктан иш-чарадан КИЙИН маалымат өнөктүгү абдан маанилүү. Мында силер ошол иш-чаранын бардык протоколдорун жана таратып берме материалдарын маалымат такталарына илип, жеткиликтүү болгон маалымат аянтчасына жайгаштырышыңар керек. Мисалы, биз өнөктөшүбүз – "Жеңиш туусу" райондук гезити аркылуу маалымдайбыз, "Вотсаптагы" топ аркылуу маалымат таратабыз. Бул жерде райондогу кесиптештерим да бар, аларды коомдук иш-чараларга катышууга чакырып турам; жеке чакыруу баракчаларын таратабыз, жарыяларды, баннерлерди, анонсторду эл көп жүргөн жерлерде – почтада, клубда, АӨ имаратында ж.б. илип чыгабыз. Мындан тышкары айыл старосталары жашоочуларды үн күчөткүчтөрдүн жардамы менен кабардар кылып турушат. Жеке тажрыйбамдан улам айта турган болсом, маалымат өнөктүгү ЖӨБ органдарынын ишинде ачыктыкты жана айкындуулукту камсыз кылууда өтө маанилүү механизм болуп саналат".

Катышуучулар менен байге ээлеринен тышкары Бишкек шаарынан жаштар кыймылдарынын өтө активдүү өкүлдөрү да жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу боюнча өз тажрыйбасы тууралуу айтып беришти. Албетте борбор калаада ресурстар да, мүмкүнчүлүктөр да башка, аймактарга караганда өзгөчөлүктөр бар, инфраструктура да айырмалуу. Бирок жашоочулардын көйгөйлүү маселелерин чечүү үчүн ресурстар бардык эле жерлерде жетишсиз болуп келет. Жамааттардын активдүүлүк деңгээли ар башка, артыкчылыктар жана кызыкчылыктар да айырмаланып турат. Бирок ЖӨБ органдары чече албаган же жашоочулардын кызыкчылыктарын эсепке албай, адаттагыдай эле чечип сала турган маселелер бул адамдардын баарын бириктирүүдө. Жашоочулар эмнени каалап жатканы тууралуу маалыматтын жоктугу чечимдердин мына ушундай варианттарынын бирден бир себеби. Ошондуктан жарандардын коомдук жашоого катышуу маселеси бардык жерде актуалдуу болуп саналат. Ошол эле маалда жалпынын жыргалы, жалпы үй кожолуктар үчүн, жалпы аянттарды жарыктандырууга, коомдук жайларда бардыгы үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө өз убактысын, күч-кубатын сарптоого, билими менен бөлүшүүгө даяр активисттер бардык эле жерлерде бар. Ал эми коомдук жайлар шаарларда да, айылдарда да бар эмеспи. Бишкектик активисттердин китепканаларга "экинчи өмүр" берип жаткан тууралуу баянын форумда жигердүү активисттердин бири айтып берди.

"Шаардык демилгелер" Коомдук фондунун өкүлү Айканыш ДЕРБИШЕВА "№13 китепкана. Коомдук мейкиндик" демилгеси менен тааныштырды. Бул демилгенин алкагында активисттер китепкананы өзгөртүп чыгышкан. Бул жерде түрдүү иш-чаралар



өткөрүлүп турат: байге сайылган шахмат таймаштары (катышуучулар бул таймаштарды өздөрү өткөрүшөт, ал эми катышуу үчүн 100 сом төлөнөт), тренингдер, сүрөт көргөзмөлөрү өтөт, акысыз тасмалар көрсөтүлөт. "Кандайдыр бир максатты көздөбөстөн, акы албастан чын ниетинен жардам берген адамдар дайыма табылат. Мисалы, китепкананын тышкы көрүнүшүн жасалгалап жатканда биз дизайнерге кайрылганбыз. Ал жалпы ишке өз салымын кошкусу келди. Андан соң биз китепкананын кире беришиндеги шатыны көрүп, аны кантип кооздоп, ыңгайлуу жана пайдалуу кылса болот деп кеңеш сурап, "Фейсбукка" жазганбыз. Ошол замат кайдыгер эмес балдар чыгып, дизайнын иштеп чыгышты; алар өзгөчө отургучтарды сунушташты, жакын арада биз аларды орнотобуз. Ал жерде аянт, жарык бар, ансыз деле тегерек четин тазалап турушат. Ошондо кошумча акча жумшабастан, кийин кантип иштетебиз деп баш оорутпастан эле жаштарда жолугушуулар, баарлашуулар үчүн коопсуз, ыңгайлуу жер пайда болот. Ошондой эле китепканада бир бөлмөнү бошоттук. Ал жерде каалаган окурман бир аз акчага репетитордук кызматын көрсөтө алат. Эми мектептердеги бир нече мугалимдер бош убактысында ушундай кызматтарды көрсөтүшүүдө", - деп айтты Айканыш ДЕРБИШЕВА. "Албетте мунун баарын жасаш үчүн, ошондой эле бир нече китепкана бөлмөлөрүнүн ремонт иштери, кайра жабдуу үчүн акча керек эле. Биздин бейөкмөт уюм мына ошол акчаны тапты. Биз АКШ Элчилигинен 10 000 доллар көлөмүндө грант утуп алдык".

10-кичирайондогу "Жандуу поэзия" долбоору менен "Жандуу шаарлар" коомдук уюмунун өкүлү Айзада РУСЛАНОВА тааныштырды. Бул долбоордун алкагында карапайым шаардыктар жер алдындагы өтмөктөрдө чогулуп, ыр окушат же жазышат. "Бул демилгенин уникалдуулугу – поэзия кечелери китепканаларда же кафелерде эмес, адамдар иштери боюнча шашылып, ары-бери тынбай өткөн жерлерде болуп турат. Биринчи күнү адамдар токтой калышып, эмне болуп жатканын түшүнгүшкөн эмес.

Кийинки күнү көбүрөөк адам чогулду; мындай кечелер шаардык салтка айланды. Мэрия дал ошол өтмөктө жеңил ремонт жасап, видеокөзөмөл орнотуп берүү менен бизге жардам берди. Ошентип мэрия бир объектти оңдоп берди, бирок жигердүү жаштар айтып берген объектти оңдоду. Ал эми жаштарда чыгармачылык, баарлашуу, шаардыктарга поэзияны жеткирүү үчүн жер пайда болду. Биздин экинчи долбоорубуз – "Таза Ысык-Көл" Бишкектен 150 ыктыярчынын башын бириктирди. Бул ыктыярчылар Ысык-Көлгө барып, кумжээктеги таштандыларды чогултуп, төрт түр боюнча сорттоп чыгышты. Үчүнчү акцияга 1500 адам катышып, 15 тонна таштанды чогултушту". Айылдардын өкүлдөрүнүн суроолоруна жооп бергенден кийин Айзада "Ушунчалык демилгелүү жана жигердүү силерди көргөндөн кийин баарыңарды кызматташууга чакыргым келет" деп сөзүн жыйынтыктады.

## Нарын форуму

30-ноябрда нарындык өкүлдөрдүн катышуусу менен форум өттү, ага конкурстун байге ээлери жана маморгандардын өкүлдөрү гана эмес, ошондой эле коомчулуктун өкүлдөрү жана журналисттер да катышты.

Форумдун ачылыш бөлүгүндө сөз сүйлөгөн КР Өкмөтүнүн Нарын облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн бөлүм башчысы Ж. БЕККЕЛДИЕВ донорлор, жарандык коом жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы өнөктөштүктүн маанилүү ролун баса белгиледи.

"Бүгүнкү форум асыл максатты көздөйт. Себеби дал ушул иш-чаранын арты менен баарыбыз ушул жерге чогулуп, биздин облуста ишке ашырылган ийгиликтүү демилгелердин мисалдары менен таанышууга мүмкүнчүлүк алдык. Анткени бир муниципалитеттин ийгилигин көргөндө башка аймактардын ЖӨБ органдары да ошол тажрыйбаны өз жеринде кайталап, ишке ашырып, муну менен жергиликтүү калктын турмуш шартын жакшырта алышат эмеспи. ЖӨБ органдары элге эң жакын бийлик өкүлү болуп саналат. Алардын укуктары жана милдеттери КР Конституциясында, Бюджеттик кодексте так көрсөтүлгөн. Мыйзамдарда жергиликтүү маанидеги маселелердин баары коомдук угуулар, чогулуштар формасында коомдук иш-чараларды өткөрүү аркылуу жергиликтүү жамааттардын катышуусу менен чечилиши керек деп жазылган", – деп айтты БЕККЕЛДИЕВ Ж.

"Жергиликтүү демилге – 2017" конкурсунда 2-орунду ээлеген "Ички сугат суу үчүн дамбанын курулушу" демилгеси менен өтүнмөнүн ээси, Учкун айылдык кеңешинин депутаты Мирбек КАРАБАЛАЕВ тааныштырды. Ал Учкун муниципалитетинде сугат суу көйгөйү кантип чечилгенин айтып берип, мында жаштардын жигердүү катышуусун баса белгиледи. Ошондуктан байге фондунун 100 миң сом көлөмүндөгү каражаты балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды уюштуруу үчүн Окуу борборун эмеректер жана техника менен жабдууга жумшалды.

Нарындагы форумга Чүй облусундагы ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү да атайын тажрыйба алмашуу

үчүн келишкен. Мисалы, Чүй облусундагы Ак-Башат айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы Атыркуль ЖУМАБАЕВА төрт айылдагы ички жолдорду оңдоо боюнча өз муниципалитетинин тажрыйбасы менен бөлүштү. Бул айылдар ортосундагы аралык 15-18 км түзөт экен. Жергиликтүү жашоочулардын демилгеси боюнча, бул жолдорду оңдоо үчүн донорлорду издөө тууралуу чечим кабыл алынган. АӨ башчысынын орун басарынын жана Демилгелүү топтун мүчөлөрүнүн активдүү катышуусу менен алар түштүк кореялык "Семаыль Ундон" уюму менен байланышты. Гранттык жардамга өтүнмө беришип, алар 20 миң доллар көлөмүндө грант утуп алышкан. Бул акча ички жолдордун ремонтуна беш жылдын ичинде бөлүнүп турат. Жергиликтүү жамаат жолдорду оңдоп жатканда техниканын өтүүсүнө тоскоол болбосун деп, жолдун боюндагы бак-дарактарды жана бадалдарды кыюу үчүн акча чогултушту. Ал эми кыйылган бак-дарактарды отунга деп муктаждарга таратып беришти. Ошентип жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттери менен жергиликтүү маанидеги маселелер чечилип келатат.

Нарында мониторинг жана калк менен кайтарым байланыш системасы бар болгон муниципалдык ишканалардын иши тууралуу баяндама да катышуучулардын назарын бурду. "MSDSP KG" өкүлү РЫСБЕКОВ Кудайберген форумдун катышуучуларына видеотасма көрсөттү. Бул тасма өтө пайдалуу мобилдик тиркемени колдонгонду үйрөтөт. Бул тиркеменин жардамы менен шаардыктар муниципалдык ишканаларга кайсы бир маселе боюнча кайрыла алышат. Мисалы, суу менен жабдуу системасы бузулса же Нарын шаарындагы көчөлөрдө таштанды жыйналбаса, калаа тургундары ушул тиркеме аркылуу маалымат беришет. Бул мобилдик тиркеме ЖӨБ органдарына жана шаардагы коммуналдык кызматтарга, шаардыктарга маалымат менен алмашып, көйгөйлөрдү өз убагында чечүүгө жардам берүүдө. Форумдун катышуучулары шаар мэриясы жана анын коммуналдык кызматтары тургундардын кайрылууларына кантип ушунчалык ыкчам реакция жасаарына кызыгышты. Катышуучулар мобилдик тиркеменин ишин жөнгө салгандан тышкары, ЖӨБ органдарына интернет да керектигин айтышып, долбоордун баасын сурашты. КР Өкмөтүнүн Нарын облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн бөлүм башчысы Ж. БЕККЕЛДИЕВ ЖӨБ органы менен калк ортосунда маалымат алмашуу маселесин бийлик органдары жеринде чечиши керек деген пикирин айтты. Мындай учурда мааниси жагынан алып караганда ошол жерди Интернет менен камсыз кылуу маселеси биринчи орунга чыгат. Анткени Интернеттин жардамы менен башка муниципалитеттер арасында бул тажрыйбаны жайылтуу мүмкүн болот. Андан соң муну мамлекеттик программага такап, бул долбоорду КР Өкмөтүнө сунуштаса болот.

## Ош форуму

Оштогу аймактык форум 2017-жылдын 7-декабрында Ош облустук администрациянын имаратында өттү. Үч конкурстун жеңүүчүлөрү жана байге ээлеринен тышкары, форумдун ишине шаардык, райондук жана облустук журналисттер, КР Өкмөтүнүн Ош облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары, КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамагенттиктин (ЖӨБЭММА) облустагы өкүлү катышты.

Иш-чаранын жүрүшүндө бардык үч конкурстун жеңүүчүлөрү кесиптештерине тажрыйбасы тууралуу айтып берип, алардын суроолоруна жооп беришти. Форумдун ачылышында Өкмөттүн Ош облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары 2017-жылы айрым муниципалитеттердеги жетишкендиктерди жана ийгиликтерди баса белгиледи. Ал ошондой эле Кыргызстандын өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн Швейцария өкмөтүнө ыраазычылыгын билдирди.

"Мен "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" аттуу швейцариялык долбоор менен кызматташуунун алкагында жетишилген ийгиликтериңер менен абдан жакшылап таанышып чыктым. Көрсө, бул долбоорду биздин эле жергиликтүү уюм – Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырып жаткан экен. Мен "Жергиликтүү демилге – 2017" деп аталган, 64 өтүнмө катышкан ушундай чоң конкурста Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылдык аймагы 1-орунду алганына абдан сыймыктанып турам! Бул жеңиштин артында кандай деген эмгек, күч-аракет жатканын, буга канча убактысын сарптаганын бул өтүнмөлөрдү даярдоо процессине тартылган конкурстун катышуучулары гана билишет. Бүгүнкү күндө көптөгөн донорлордун финансылык колдоосу менен бала бакчаларда



шарттарды түзүү, жылытуучу системаларды оңдоо, ички жолдордун ремонту, таза суу менен камсыздоо жана башка жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү мүмкүн болуп жатат. Дал ушундай донорлордун биринин арты менен биз да бүгүн бул жерге чогулдук. Албетте жардам алуу, болгондо да аны акысыз алуу жакшы деңизчи. Бирок, менимче, мыкты практика жана тажрыйба алмашуу катары кошуналарыңарга көрсөтүп, ушул өңдүү жергиликтүү демилгелерди өзүңөрдөн да колдоп кете аласыңар. Мен бүгүн баарыңарды ушул маселенин тегерегинде ойлонуп көрүүгө, жергиликтүү деңгээлде ушундай мыкты демилгелерди колдоону өз колуңарга алууга чакырам. Эгерде жергиликтүү демилгелер ушинтип активдүү иштеп кетсе, жакын арада райондук же облустук администрацияларга зарылчылык болбой турганын баамдап турсам да, баарыңарды ушундай иш-аракеттерди колго алууга үндөйм", – деп айтты Өкмөттүн Ош облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Байыш ЮСУПОВ.

"Биз баарыбыз жашоочулардын, өлкөбүздүн жарандарынын жашоо шартын оңдоонун үстүнөн иштеп жатабыз. Күн сайын сиздер жумушка келгенде көптөгөн маселелерди чечишиңиз керек болот. Ошол эле бала бакчалар, ошол эле таза суу өңдүү маселелер чыгат. Бирок эң негизгиси – силер күн сайын ушул маселелерди чечүүнүн үстүнөн иштеп келатасыңар жана силерге жашоочулардын ичинен чыккан, барган сайын саны арбып жаткан жигердүү жарандар келгенде калк айтып, суранган өтүнүчтөргө жооп кайтара аласыңар. Бул абдан сонун! Долбоор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү финансыны дагы да ачык-айкын жана натыйжалуу башкарууда азыркыдан да жогору жыйынтыктарга жетүү үчүн муниципалитеттерге көмөктөшүүнү уланта бермекчи. Биз бул иштерди жергиликтүү жамааттар алдындагы отчеттуулукту жогорулатуу жана жарандардын жеринде чечим кабыл алууга жигердүү катышуусу аркылуу жасайбыз. Конкурстар көптөгөн адамдарга аялдардын бюджеттик процесске тартылуусун сүрөттөгөн демилгелерди аныктап, алар тууралуу айтып берүүгө жардам берип жатканына кубанычтабыз", – деп белгиледи Сабина ГРАДВАЛЬ.

Ноокат районундагы Гүлистан айылдык аймагынан "Абад дала" Жамаатынын өкүлү жасалган иштердин жыйынтыктары жана тийгизген таасири тууралуу айтып берип, жергиликтүү жамааттын демилгеси аркылуу жолдорду оңдоо, жарыктандыруу, балдар аянтчасы ж.б. өңдүү жергиликтүү маанидеги маселелер кандай чечилип жатканына көңүлдү бурду. Ал калк өз демилгесин баштап, айыл өкмөттөн жана башкалардан жардам күтпөй калганда инвесторлор жана долбоорлор өздөрү кол сунуп, жардам бере баштай турганын белгиледи.

Көк-Жар айылдык аймагындагы бала бакчанын башчысы ЖУСУПОВА Чолпонай ремонт жана көрктөндүрүү иштери боюнча өзүнүн ийгиликтүү тажрыйбасы менен бөлүштү. Ал үч айдын ичинде жергиликтүү калктын жарандык активдүүлүгүн көтөрүп, инвестиция тартып, балдар аянтчасынын курулушун колго алган. Бул аянтчада аймактагы 65 бала үчүн таза абада ойноого шарттар түзүлгөн. "Биздин демилгени ийгиликтүү тажрыйба деп айтууга толук укугубуз бар. Себеби ал башка бала бакчалар үчүн үлгү болуп калды. 2017-жылы айыл өкмөтү Каранай айылындагы бала бакча үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 250 миң сомго балдар аянтчасынын курулушун пландаган. Балдардын ата-энелери 42 000 сом чогултуп беришти. Мына ушинтип жергиликтүү жамаат бара-бара демилге көтөрүп, айыл өкмөтү бул демилгелерди колдоп берүүдө. Мунун натыйжасында калктын ЖӨБ органдарына болгон ишеними да артып жатат. Баса, долбоордук өтүнмөнү биз айыл өкмөт башчыбыз Сатарали МИНБАЕВдин жардамы менен даярдаганбыз. Башчы демилгени колдоп, жергиликтүү бюджеттен ушул өңдүү документтерди даярдоого каражат бөлүп берүүдө", – деп айтты Чолпонай ЖУСУПОВА.

Бюджеттик маалыматты ачыктоо, жарандарды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу, жарандык коомдун ролун жогорулатуу жана жергиликтүү бийлик менен калктын ортосундагы ишенимди арттыруу чөйрөсүндө өз тажрыйбалары жана жетишкендиктери менен жарандык коом уюмдары (БӨУ) да бөлүштү. Алар жасаган иштерди катышуучулар оң баалап, "Жандуу шаарлар" коомдук уюмунун өкүлү Айзада РУСЛАНОВАнын "Таза Ысык-Көл" долбооруна кошулуу чакырыгы да колдоо тапты: Ош облусунун Мады айылдык аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаты бул жарандык демилгеге кошулуу ниетин билдирди.

Мирмахмудов айылдык аймагынын өкүлү болсо алардын муниципалитетинде болгон окуяны ортого салды: бул аймакта "Триумфатор" коомдук уюму менен биргеликте айыл өкмөтү бөлүп берген эски имаратты (муниципалдык менчиктеги объект) ремонттоп, жылытуу системасын да оңдоп чыгышкан. "Биз 10 000 сомдук шыктандыруучу байгеге да ыраазыбыз. Бул акчаны балдар үчүн жакшы шарт түзүп берүүгө жумшадык. Мындай конкурс бизге дем берет, шыктандырат. Кийинки жылы да катышмай болдук", – деди ал.

"Биз конкурс тууралуу угар замат ага катышуу демилгесин өзүбүз көтөргөнбүз. Бул форумга катышып жатканым үчүн абдан бактылуумун. Мен өзүмдү дайыма эле бир нерсени издеп, бирок жол таппай жүргөн адамдай эле сезип жаткам. Ал эми бул форумда жаңы терезе ачылып, жарыкты көргөндөй болдум. Долбоор райондо өткөргөн тренингге катышкандан кийин өз аймагымда иш-чараларды өз алдынча өткөрө баштадым. Эми маданиятты өнүктүрүү маселесин көтөргөнү жатам. Себеби иш-чаралар көп өтүп турчу Маданият үйүнүн директору болуп иштейм", - деп айтты Кара-Кулжа районундагы Чайчы айылдык аймагынын өкүлү.

"Youth of Osh" коомдук бирикмесинин өкүлү

шаардыктардын кызмат көрсөтүүлөрдү баалоосу боюнча долбоору менен тааныштырды. Болжол менен 1000 долларды түзгөн долбоордун алкагында мобилдик тиркеме иштелип чыккан. Анын жардамы менен шаардыктар калаадагы көйгөйлөрдү онлайн-режиминде айтып, муниципалдык кызматтарга кайрыла алышат. Бул болсо кызматтарга санитардык тазалык, көчөлөрдү жашылдандыруу, ичүүчү суу өңдүү көйгөйлөрдү өз убагында чечүүгө жардам берүүдө.

Өзгөн районундагы Жазы айыл өкмөтүнүн башчысы ЖӨБ органдары мурда эгерде калк көптү билсе, ошончолук көптү талап кылат деп коркконун айтып берди. "Бирок бул жаңылыш пикир болгонун азыр баамдап жатам. Эсимде, бир кездери "Youth of Osh" уюмунун өкүлү Назгүл бизге келип, жаштар менен жолугушуп турчу. Бирок анда жаштар ойдогудай активдүүлүгүн көрсөтө алышкан эмес.

Жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоо боюнча иш-чаралар маалында биринчи орунга таштанды көйгөйү чыкты. Бул маселени биз чукул арада чечишибиз керек. Буга байланыштуу КТК жыйноо жана чыгаруу боюнча муниципалдык ишкананы түзүп, ТКЧ кызмат көрсөтүүлөрүн камсыз кылууну пландап жатабыз. Ушул тапта жергиликтүү бюджеттен каражат бөлө алабызбы деген маселени караштырып жатабыз".

## Мындан ары эмне болот?

Бардык форумдардын жүрүшүндө катышуучулардын алдында бир тапшырма турду – "Мен эмнени башкача жасамакмын?" деген суроого жооп табыш керек эле. Бул суроо форумда айтылган бардык мисалдарга тиешелүү болду. Бул маселени талкуулап жатканда кесиптештер өзгөчө жаккан мисалдарды белгилеп, өздөрүндө ошол тажрыйбаны кайталай турганын айтып жатышты.

Чүй облусунун Узун-Кыр жана Таш-Мойнок айыл өкмөттөрүнүн, "Ачык-айкын бюджет үчүн альянсы" бейөкмөт уюмунун өкүлдөрү Балдарды коргоо күнүндө жармаңке өткөрүү тажрыйбасы жакканын, аны өз жеринде колдонгусу келээрин белгилешти. Бул демилге тууралуу Ивановка айылынан келген БИЯЛЫ кызы Бермет айтып берген эле. "Щин-Щу" бейөкмөт уюмунун өкүлү форумда мисалдарды уккандан кийин жаштар борборун түзүү идеясы пайда болгонун, бул борбордо жаштардын өнүгүүсү үчүн шахмат жана башка ийримдерди уюштурууну ойлонуп жатканын айтты. Гроздь айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Алла Четокина Карылар күнүн өткөрүп, мында жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн акчага эмне каалашарын же кандай иш-чараларды уюштурса болоорун карылар өздөрү айта алат деген идеясы менен бөлүштү.

Жергиликтүү демилгелердин бардык мисалдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жана жергиликтүү бюджеттердин ресурстарына байланыштуу болгон. Алар: же жергиликтүү бюджеттердин каражаты же муниципалдык менчик



объекттери, муниципалдык техникалык, жабдууларды ж.б. пайдалануу. Бардык мисалдар жергиликтүү жамааттардын бюджеттик процесске катышууга реалдуу мүмкүнчүлүгү жана ЖӨБ органдарында жергиликтүү жамаат алдында отчеттуу болуп, финансыны ачык-айкын башкара алууга болгон реалдуу жөндөмдүүлүгү бар экенин тастыктады. Жарандардын чечим кабыл алууга, жергиликтүү финансыны башкарууга катышуусу көз карашынан алып караганда, мыкты практикалардын мисалдарын жалпылаштырып, катышуучулар "Жарандардын катышуусу үчүн бюджеттик процессти кантип ачык-айкын кылса болот?" деген суроону талкуулашты.

Нарындагы форумдун катышуучулары төмөнкүдөй сунуштарды беришти:

- АК депутаттары, АӨ адистери, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү үчүн Бюджеттик кодекс боюнча окууларды уюштуруу керек.
- ЖӨБ органдарынын милдеттери жазылган буклеттерди даярдоо зарыл.
- Жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу маалыматтарды жарыялап турса болот.

Катышуучулар ЖӨБ органдарына юристтерди тартууну, ЖӨБ органдарынын жоопкерчилигин күчөтүүнү, Бюджеттик кодекс менен таанышып чыгууну жана ал боюнча окууларга катышууну, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүүнү сунушташты.

Чүй облусундагы форумдун катышуучулары ЖӨБ органдарына жарандардын бюджеттик процесске көбүрөөк тартуу үчүн коомдук иш-чараларга, чогулуштарга, жыйындарга жана угууларга жашоочуларды тартуу процессинин өзүн күчөтүүнү, ошону менен бирге маалымат өнөктүгүн жүргүзүүдө түрдүү аспаптарды жигердүү колдонууну сунушташты. Ал эми бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнө муниципалдык кызматкерлерге программалык бюджеттөө, калкка бюджет боюнча маалымат берүү жана маалыматтык-методикалык колдонмолорду чыгаруу боюнча семинарларды өткөрүү сунуштамасы берилди.

## Бюджеттик кодекс жана анын юридикалык өңүттөрү: суроолор бар

Бюджеттик процесстин ачыктыгын, жарандарды чечим кабыл алууга тартуунун бардык принциптери 2018-жылдын январь айынан тартып ЖӨБ органдары үчүн милдеттүү болуп калды. Себеби

бул принциптер Бюджеттик кодексте көрсөтүлгөн. Бирок Кодекстин айрым бир талаптары сакталбай жатат. Ошондуктан Долбоордун жергиликтүү бюджет боюнча адиси Азамат МАМЫТОВ форумдун катышуучуларына Бюджеттик кодекстин айрым жоболору жөнүндө толук айтып берди. Адис коомдук угууларды өткөрүү, кийинки жылга карата Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын калк менен чогуу карап, талкуулоо, СЭӨПны жергиликтүү кеңештин сессиясында 1-июнга чейин бекитүү боюнча; жарандарга кийинки жылдын бюджетинин долбоору жөнүндө маалымат берип, алар менен кошо талкуулоо; бюджеттик коомдук угууларды өткөрүүдө ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктары боюнча кодекстеги айрым талаптарга катышуучулардын назарын бурду. Ошондой эле Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси боюнча да маалыматтар берилди.

Бардык форумдарда А.МАМЫТОВдун баяндамасынан кийин катышуучулардан суроолор түшүп жатты. Бул суроолорго Долбоордун адиси ошол жерден эле жооп кайтарып турду.

***– Бюджеттик кодекс эмненин негизинде иштелип чыкты?***

– Бюджеттик кодекс – бул 2-3 мыйзамдын жыйынтыктарынын натыйжасы. Эгерде мурда кодекс үч мыйзамдын негизинде иштеп келсе, азыр бир Бюджеттик кодекстин негизинде иштеп калды. Ошондуктан бир мыйзамдын – Бюджеттик кодекстин негизинде иштеген кыйла жакшы.

***– Сиздин бааамыңызда, Бюджеттик процесс кайсы этапта иштебейт?***

– Бүгүнкү күндө ар кайсы жерде көрүнүш ар кандай. Ал эми кырдаал чындап эле татаал. Себеби айрым ЖӨБ органдарында кодексти билбеген ФЭБ жетекчилери бар. Атүгүл Бюджеттик кодекс тууралуу билбеген ЖӨБО жетекчилери да бар.

***– Эгерде калкта сайтка кирүүгө мүмкүнчүлүгү болбосо, анда бюджеттик маалыматты жана отчетторду ким үчүн жайгаштырыш керек? Бюджеттик процесстин түзүмүн калкка башкача жол менен жеткириш керек го...***

– Эсиңерде болсо, мурда бюджетти кадимки кагазга жазып чыгарышчу, андан кийин Excel программасы колдонула баштады. Технологиялар барган сайын жаңыланууда. Ошондуктан ЖӨБ органдарынын ишинде ачык-айкындуулукту камсыз кылууда бардык мүмкүн болгон заманбап технологияларды бүгүн колдоно башташ керек.



Ысык-Ата районунун Юрьевка айыл өкмөтүнүн башчысы Бек ЖЕКШЕМБАЕВ Бюджеттик кодексте бюджет долбоору боюнча коомдук угууларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча тараптардын жоопкерчилиги белгиленген эмес деген пикирин билдирди.

“Ал жерде ким эмнелер үчүн жооп берээрин аныктаган тараптардын жоопкерчилиги көрсөтүлгөн эмес. Болгону жалпы параметрлер гана берилген. ЖӨБ органдарынын ролу жазылган эмес. Ошондуктан Бюджеттик кодексти ийнине жеткирип иштеп чыгыш керек. Мындан тышкары жергиликтүү кеңештин мурдагы жана азыркы чакырылыштары кабыл алган чечимдердин ортосунда байланыш, андан ары улантып кетүү жок, бул үчүн жоопкерчиликти алгандар да жок. Жарандарда коомдук угууларга катышуу кызыгуусу жоголо баштады. Жарандардын коомдук иш-чараларга кызыгуусун арттыруу үчүн ар кандай аспаптарды колдонуу зарыл. Менимче, ЖӨБ органдарынын өздөрү Бюджеттик кодекс менен кеңири таанышып чыгышы керек. Ошондой эле кабыл алынган бюджет жана СЭӨП боюнча айылдык кеңештин калк алдындагы жоопкерчилигин да көрсөтүш керек. Ошондо депутаттар жоопкерчиликти сезип, кийинки шайлоого катышсамбы же жокпу деп ойлонуп калышат”, – деп айтты Юрьевка АӨ башчысы.

Оштогу форумдун катышуучулары да ЖӨБ органдарынын сайттарында айылдык кеңештердин токтомдорун жарыялоо маселеси боюнча пикирлерин айтып, буларды белгилешти: “ЖӨБ органдарынын ченемдик-укуктук актысы күчүнө кириши үчүн “Ченемдик-укуктук актылар жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, алар жалпыга маалымдоо каражаттарында же ЖӨБ органынын расмий веб-сайтында жарыяланууга тийиш. Бирок бардык эле жерде Интернет боло бербейт экен”. Долбоордун улуттук деңгээлде иштөө боюнча менеджери, юрист Бектур ОРОЗБАЕВ мындай пикирлерге кошулат. “Буга жараша маалымдоонун башка жеткиликтүү болгон аспаптарын мүмкүн болушунча көбүрөөк колдонуу зарыл. Мисалы, маалымат такталарына жайгаштыруу, эл чогулган жерлерге, коомдук иш-чараларда ж.б. таратуу. Мындан тышкары Өкмөттүн “Таза коом” программасынын алкагында эми бардык жерлерде маалыматтык технологиялар күчөтүлө баштайт, б.а., өлкөнүн булуң-бурчунда Интернетке жеткиликтүүлүк болот. Эми Мыйзамдын алкагында бардык текшерүүчү органдар ЖӨБО маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө Мыйзамды канчалык сактап жатканын да текшере баштайт. ЖӨБ органдары бул маселеге өтө олуттуу мамиле жасашы керек”, – деди ал.

Форумдун жүрүшүндө коомчулукту маалымдоонун механизмдерине байланыштуу да пи-

кирлер айтылды. Мисалы, Ош облусундагы “Луч лотоса” коомдук фондунун жетекчиси Болуш САИЕВ коомдук бюджеттик угуулар боюнча маселени көтөрүп, алар көпчүлүк учурда формалдуу, “кожо көзүнө” өтөөрүн, аларга АӨ адистери жана анчамынча активисттер гана катышаарын, калктын басымдуу бөлүгү обочодо кала берээрин белгиледи. Ош облусунун Кара-Суу районундагы Мады АӨ башчысы мындай пикирге кошулбайт: “Бизде коомдук угуулар “кожо көзү үчүн” өтпөйт. Угуулар адатта жакшы деңгээлде, жергиликтүү калктын жигердүү катышуусунда өтөт, көптөгөн суроолор түшүп турат жана биз мүмкүн болушунча аларды бюджеттин долбооруна киргизгенге аракет жасайбыз”.

Ош облусунун Кара-Суу районундагы Кызыл-Суу АӨ башчысы коомдук угууларды өткөрүү боюнча өз тажрыйбасы менен бөлүшүп, буга чейин коомдук угууларды кантип өткөрүш керектигин билишпегенин, бирок Долбоордун алкагында угууларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча окуулардан өтүшкөнүн белгиледи.

“Тренингдерден өткөндөн кийин практикалык иш катары биз маалымат өнөктүгүн уюштурганбыз: маалыматтарды даярдап, басып чыгарып, маалымат тактасына жайгаштырганбыз, чакыруу баракчаларын таратып, афишаларды жана баннерлерди илип, бюджет долбоору боюнча бардык презентацияларды даярдап чыкканбыз. Угуулардын алдында репетиция жасап, аудитория алдында сөз сүйлөөгө даярдандык. Натыйжада коомдук угууларга абдан көп адам келди жана жергиликтүү бюджетти талкуу кызуу болуп, өтө көп сунуштар түштү. Угуулардын жыйынтыктары боюнча түшкөн сунуштардын негизинде 500 000 сомго өзгөртүүлөр киргизилди”, – деп айтты Ош облусунун Кара-Суу районундагы Кызыл-Суу АӨ башчысы.

Ош шаарында коомдук угуулар боюнча теманы Ош облусундагы “Интербилим” коомдук фондунун жетекчиси Гүлгакы МАМАСАЛИЕВА да улантып, жергиликтүү бюджеттин кирешесинин көбөйүшүнө шарт түзгөн машине токтотмо жайларына мониторинг жүргүзүү боюнча өз уюмунун тажрыйбасы тууралуу айтып берди.

“Эгерде сиз коомдук угууларды өткөрсөңүз, буга такыр акча керек эмес. Каражат болгону бюджетти басып чыгарууга жана маалымат өнөктүгүнө керек болот. Бюджеттик кодексти аткарып, жылына эки жолу сөзсүз түрдө коомдук угууларды өткөрүп туруу зарыл. Биз он жылдан бери коомдук угууларды өткөрүп келатабыз жана ал канчалык пайдалуу болгонун жакшы билебиз. Мына, бир нече жылдан бери Ош шаарынын мэриясы коомдук угууларды өткөрүп берүү өтүнүчү менен бизге кайрылып келет. Себеби эмнегедир алар өткөргөн учурда угууларга жашоочулар келбей коюшат. Ушундан улам ЭМНЕ ҮЧҮН деген суроо пайда болот. Биз он жылдан бери калктын катышуу санын 57ден 180 адамга чейин көбөйттүк, сунуштардын санын 27ден 76га чейин өстү. Калктын талабын аткаруу 18ден 45ке чейин көбөйдү. Токтотмо жайлардан түшкөн киреше 2016-жылы 800 миң сом болсо, 2017-жылы 2 млн. 400 миң сомго чейин көбөйдү. Бүгүнкү күндө Ош шаарынын мэриясы ушул өңдүү конкурстарды уюштуруп, жергиликтүү демилгелерге акча каражаттарын бөлүп турат”, – деп айтты Г.МАМАСАЛИЕВА.

## Эпилогдун ордуна

Өткөрүлгөн конкурстар жана алардын жыйынтыктары боюнча уюштурулган форумдар, бул иш-чаранын интерактив жана актуалдуу маселелерди талкуулоо менен коштолгону ушул өңдүү иш-чаралар канчалык зарыл болгонун көрсөттү. Мындай иш-чаралардын өзгөчө баалуулугу – ийгиликтин бардык чоо-жайын, өзгөчөлүктөрүн биринчи булактан билүү мүмкүнчүлүгү берилет. Дагы бир маанилүү жагы – мындай форумдар чек араларды кошо ачат, анткени катышуучулар өлкөнүн булуңбурчунан келишет. Катышуучулар Кыргызстандын ар кайсы региондорунан келишкени менен, баарынын көйгөйлөрү окшош: ичүүчү суу, мектепке чейинки билим берүү, ички жолдордун начар абалы, коомдук транспорттун жоктугу, жарыктандыруу ж.б. Катышуучулар өздөрү белгилегендей, дал ушундай жолугушуулар жана тажрыйба алмашуу сапарлары маалымат алмашуу, кесиптештеринин ийгиликтүү тажрыйбасынын мисалдары менен таанышуу жана андан кийин өз муниципалитеттеринде колдонуу үчүн аянтча болуп берет.

Бул макаланы КР Өкмөтүнүн Ош облусу боюнча Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Байыш ЮСУПОВдун сөздөрү менен жыйынтыктоону чечтик: “Бүгүнкү күндө швейцариялык Долбоордун жардамы менен канча муниципалитет ийгиликке жете алышканын, жарандарыбыздын күчү менен канча деген кызыктуу жана пайдалуу жергиликтүү демилгелер жер-жерлерде ишке ашырылып жатканын көрө алдык. Бул үчүн өзгөчө рахмат айтам. Ош облусунун жетекчилигинин атынан өлкөбүздүн өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн, ушундай керектүү жана пайдалуу иш-чара үчүн Долбоордун жамаатына терең ыраазычылыгымды билдирем. Бүгүн биздин коом ойгонду десек болот. Эгерде ар бир жаран өз аймагынын коомдук турмушуна ушинтип жигердүү катышса, анда келечегибиз кең болот деп ойлойм. Бардык көйгөйлөрдү албетте чечебиз, бирок бул үчүн убакыт керек. Анткени Европа жүздөгөн жылдар бою басып өткөн тепкичтерди биздин чакан Кыргызстаныбыз чейрек кылымда эле өтүп койбодубу. Кыргызстан жарандарынын жигердүү катышуусу менен эл аралык донорлор бул процессти ийгиликтүү өтүүгө көмөктөшүп, ар тараптан колдоо көрсөтүп келүүдө. Сиздер, урматтуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрү, ушуну менен токтоп калбастан, өнүгүүнү мындан ары да улантып, муну менен региондорду жана жалпысынан өлкөбүздү өнүктүрөсүздөр деп ишенебиз”. М



# Бюджеттик сандар элеттиктерге түшүнүктүү болуп калды


**Азамат МАМЫТОВ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жергиликтүү бюджеттер боюнча адиси

***Мамлекеттин акчасы деген түшүнүк жок,***
***салык төлөөчүлөрдүн акчасы гана болот.***
***Маргарет ТЕТЧЕР***

## Окуянын чоо-жайы

2017-жылдын 1-январынан тартып Кыргыз Республикасынын (КР) Бюджеттик кодекси күчүнө кирди. Мындан ары мамлекеттин, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун, Социалдык фонддун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансы системасы бир ченемдик укуктук акт – КР Бюджеттик кодекси менен жөнгө салынат. Жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесстин ачык-айкындуулугун күчтөндүрүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамаат алдындагы ачыктыгын жана отчеттуулугун камсыз кылуу үчүн бул документте жаңы талаптар пайда болгонун белгилей кетүү зарыл. Жарандык бюджетти түзүү жана жайылтуу Бюджеттик кодекстин негизги талаптарынын бири болуп эсептелет. Жарандык бюджет – бул жарандар үчүн түшүнүктүү тилде айылдык аймактын/шаардын бюджети жөнүндө маалыматы. Жарандык бюджеттин жеткиликтүүлүгүн жана көрсөтмөлүүлүгүн камсыз кылуу үчүн графикалар, диаграммалар, сүрөттөр, схемалар жана инфографиканын башка элементтери колдонулат.

№1 диаграмма. ***Жергиликтүү бюджеттердин 2017-2018-ж.ж. кирешелери. (миң сом менен)***




### Жарандык бюджетти түзүү мөөнөттөрү

КР Финансы министрлиги 2017-жылдын 26-декабрында бекиткен методикага ылайык, Жарандык бюджет жергиликтүү бюджет бекитилгенден кийин 15 календарлык күндүн ичинде бекитилген жергиликтүү бюджеттин негизинде түзүлөт. Жергиликтүү бюджеттер республикалык бюджет бекитилгенден кийин бир айдан кеч эмес мөөнөттө бекитилет.

### Маалымат өнөктүгү

Ушул тапта Долбоор Нарын облусунун беш, Ош облусунун он жана Чүй облусунун 12 муниципалитети менен иш алып барууда. Долбоордун консультациялык жана техникалык колдоосу алдында ЖӨБ органдарынын финансисттери 2018-жылга бекитилген бюджеттин негизинде жарандык бюджеттерин түзүшүүдө. Калкты жергиликтүү жамааттын бюджети тууралуу маалымдоо жарандык бюджетти түзүүнүн негизги максаты болуп саналат. Жарандык бюджетте шаардын же айылдык аймактын ушул жылга бекитилген бюджетинин жалпы суммасы, салыктар жана салыктык эмес кирешелердин алкагында кирешелер чагылдырылган. Жарандык бюджеттен жашоочулар ЖӨБ органы АӨ аппаратын күтүүгө, билим берүүгө, маданият жана спортко, социалдык коргоого, таштанды чыгарууга, көчөлөрдү жарыктандырууга, жашылдандырууга, ичүүчү сууга, элеттеги жолдорду оңдоого ж.б. канча акчаны багыттоону пландап жатканы тууралуу маалыматтарды алышат.

### 2018-жылы пилоттук муниципалитеттер кандай кирешелерди күтүп жатышат?

2018-жылга максаттуу муниципалитеттердин бюджеттеринин киреше бөлүктөрүндө өзгөчө өзгөрүүлөр байкалбайт. 2018-жылга өз кирешелер өткөн жылга салыштырмалуу болгону 1 пайызга көбүрөөк бекитилди. Жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүн пландоо бюджетти түзүү үчүн маанилүү болуп саналаарын белгилей кетүү керек. Кирешелерди өтө ашык болжолдоо планды аткара албай калууга, мунун натыйжасында шаардын/айылдык аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасын аткарбай калууга алып келиши ыктымал. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары салыктардын, салыктык эмес кирешелердин бардык түрлөрү боюнча өзүнүн киреше потенциалын билип, кирешесин реалдуу түзүшү керек. №1 диаграмманы караңыз.

### 2018-жылы муниципалитеттер өз каражатын эмнелерге сарптоого даяр?

**Жалпы багыттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр.** Мэриянын/айыл өкмөттүн аппаратын күтүүгө жалпы бюджеттин 34 пайызга жакынын багыттоо пландалып жатат. Бул 2017-жылга караганда 5% көп. Бул чыгашалар өзүнө аппарат кызматкерлеринин айлык акысын, Социалдык фондго чегерүүлөрдү, коммуналдык чыгашаларды, аппарат кызматкерлеринин иш сапарларына кеткен чыгымдарды, күйүүчү майды, кызматтык автотранспорт үчүн тетиктерди, кеңсе бумдарын сатып алууга, мэриянын/айыл өкмөттүн имаратын оңдоого кеткен чыгымдарды камтыйт. Бул бөлүмдө чыгашалардын 5 пайызга көбөйүүсү 2017-жылдын соңунда муниципалдык кызматчылардын айлык акысы көтөрүлгөнгө байланышкан. Ошондой эле 2018-жылы Чоң-Алай айыл өкмөтү күнүмдүк чыгашалардан тышкары жаңы конуштардын башкы планын 500 миң сомдун тегерегинде иштеп чыгууну пландап жатат. Ал эми Шарк айылдык аймагында бир миллион сомдон ашык суммага айыл өкмөтүнүн имаратын оңдоо, бирдиктүү терезе түзүү, компьютердик жабдууларды сатып алуу пландалып жатат.

**Билим берүү.** Бюджет чыгашаларында көлөмү боюнча экинчи орунда билим берүү турат. 2018-





жылы билим берүү мекемелерин күтүүгө бюджеттин 32% пландалууда. Бул чыгашалар: электр энергиясына, билим берүү мекемелерин жылытуу үчүн көмүр сатып алууга, балдардын тамактануусуна ж.б. кеткен чыгашалар. Эгерде 2017-жыл менен салыштыра турган болсок, билим берүүгө чыгашалар 3% кыскарды.

**Турак жай коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр.** Бюджеттеги чыгашалардын 21% жакынын муниципалитеттер көчөлөрдү жарыктандырууга, жашылдандырууга, жолдорду жана көпүрөлөрдү оңдоого, суу менен жабдууга, таштанды чыгарууга жана башка иштерге багыттоону пландап жатат. Бул 2017-жылга караганда 1% азыраак.

**Эс алуу, спорт, маданият жана дин.** Маданият чөйрөсүндөгү кызматкерлердин айлык акысына, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө, маданий жана спорттук иш-чараларды өткөрүүгө, ошондой эле маданият үйлөрүн, китепканаларды күтүүгө 2018-жылы муниципалитеттер бюджеттик каражаттын 7% жакынын коротууга даяр. Бул 2017-жылга караганда 2% азыраак дегенди билдирет.

**Социалдык коргоо.** Калкты социалдык жактан коргоого – мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга, согуш ардагерлерине, көп балалуу үй-бүлөлөргө муниципалитеттер бюджеттин жалпы чыгашасынын 3% багыттоону пландап жатат. Бул 2017-жылга караганда 1% көбүрөөк.

**Экономикалык маселелер.** 2018-жылы жайыттарды жана жайыт инфраструктурасын күтүүгө, жакшыртууга жана өнүктүрүүгө жалпы чыгашалардан 2% же 2017-жылга караганда 1% көбүрөөк багыттоону пландап жатат.

**Саламаттык сактоо.** ФАПтардын ремонтуна жана бейтаптар үчүн шарттарды түзүп берүүгө 2018-жылы ЖӨБ органдары өткөн жылга караганда 1% көбүрөөк каражат бөлүп жатат. Толук маалымат алуу үчүн №2 диаграмманы караңыз.

Долбоордун пилоттук айылдык аймактарынын жашоочулары өз аймагынын бюджети менен аймактын расмий интернет сайтынан жана айылдагы маалымат такталарынан тааныша алышат. Ошондой эле жашоочулар бюджеттик маалыматты сурап, мэриянын/айыл өкмөттүн тиешелүү кызматкерлерине кайрыла алышат.

№ 2 диаграмма. ***2017-2018-ж.ж. бюджеттин бөлүмдөр боюнча чыгашалары***






Нуржан
МАМЫРАЛИЕВА
даярдаган

# МЫЙЗАМДАРДАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР

## Байытылбаган унду пайдалануу үчүн айып жөнүндө

"Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамына кол коюлду. Мыйзамга ылайык, байытылбаган унду саламаттык сактоо, билим берүү, социалдык коргоо мекемелеринде жана башка мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде пайдалануу үчүн эсептешүү көрсөткүчүнүн беш жүз өлчөмүндө (50 миң сом) административдик айып салынат. Кыргыз Республикасынын аймагында техникалык регламенттерге жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык келбеген байытылбаган унду импорттоо жана жүгүртүү байытылбаган унду конфискациялоо менен юридикалык жактарга, жарандарга жана жеке ишкерлерге эсептешүү көрсөткүчүнүн беш жүз өлчөмүндө административдик айып салууга алып келет. Саламаттык сактоо органдарына, өсүмдүктөрдүн карантини боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (комиссияларга) иштерди кароого жана Кодекстин 92-беренесинде каралган укук бузуулар үчүн административдик жаза-чара колдонууга укук берилди. Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып 10 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет. 2017-жылдын 31-октябрында "Эркин Тоо" гезитинин №115 санында жарыяланды.

## Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков "Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын макулдашылган вариантына кол койду. Мыйзамды Жогорку Кеңеш 2017-жылдын 7-декабрында кабыл алган. Мыйзамдын максаты - кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө мыйзамды өркүндөтүү жана бир калыпка келтирүү, кызыкчылыктардын кагылышуусун өз учурунда аныктоо, алдын алуу жана жөнгө салуу механизмдерин киргизүү; ошондой эле мамлекеттик органдарга жана кызматкерлерге жалпы мамлекеттик башкаруу системасында расмий саясый жана административдик чечимдерди кабыл алууда чынчыл болушуна практикалык жардам көрсөтүү. Мыйзам мамлекеттик, муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын, ишмердиги мамлекеттик же жергиликтүү бюджеттен каржыланган же уставдык капиталында мамлекеттин үлүшү бар мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын жетекчилеринин ишинде кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруунун уюштуруучулук жана укуктук негиздерин аныктайт. Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып алты ай өткөндөн кийин күчүнө кирет. 2017-жылдын 29-декабрында "Эркин Тоо" гезитинин №132-133 санында жарыяланды.

## Мамлекеттик сырды коргоо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков "Мамлекеттик сырды сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жаңы редакциясына кол койду. Мыйзамды Жогорку Кеңеш 2017-жылдын 2-ноябрында кабыл алган. Кабыл алынган Мыйзам мамлекеттик сырды сактоого багытталган натыйжалуу системаны жана шарттарды түзүү максатын көздөйт. Мыйзамга ылайык, мамлекеттик сырды түзгөн маалыматтарды коргоону уюштуруу үчүн жоопкерчилик мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жана уюмдарда алардын жетекчилерине жүктөлөт. Мамлекеттик сырды түзгөн маалыматтарды пайдалануу менен жасалган иштердин көлөмүнө жараша мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана уюмдардын жетекчилери мамлекеттик сырды коргоо боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдү түзүшөт (жооптуу адамдар аныкталат). Алардын иш-милдеттерин жасаган иштеринин өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен көрсөтүлгөн жетекчилер аныктайт. Мамлекеттик сырды сактоо мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана уюмдардын ишинин негизги түрлөрүнүн бири болуп эсептелинет. Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет. 2017-жылдын 26-декабрында "Эркин Тоо" гезитинин №131 санында жарыяланды.

## Региондорду өнүктүрүү жылы жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков 2018-жылды Региондорду өнүктүрүү жылы деп жарыялады. Кыргыз Республикасынын Президенти 2018-жылдын 9-январында кол койгон "2018-жылды Региондорду өнүктүрүү жылы деп жарыялоо жөнүндө" Буйрук аймактарды өнүктүрүүдө базалык документ болот. Буйрукка ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө төмөнкүлөр сунушталды:

- региондорду өнүктүрүү жылын өткөрүү боюнча уюштуруу комитетин түзүү жана иш-чаралардын тиешелүү планын бекитүү
- региондорду өнүктүрүүнүн учурдагы программаларынын ишке ашырылышын талдап чыгып, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирге оңдоп-түзөтүүлөрдү киргизүү;
- калктуу конуштарды жана башка аймактык бирдиктерди пландаштыруунун, ошондой эле алардын инфраструктурасын өнүктүрүүнүн типтүү стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты жана жарандык коом институттары менен бирге эл аралык донорлор жана өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр менен региондук өнүктүрүү долбоорлоруна гранттык, техникалык жана кредиттик колдоого артыкчылык берүү маселесин иштеп чыгуу;
- жарандык коомдун өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар менен бирге Региондорду өнүктүрүү жылынын идеяларын, анын иш-чараларын жайылтуу боюнча натыйжалуу маалыматтык ишти камсыз кылуу.

# Республикалык бюджет жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков “Кыргыз Республикасынын 2018-жылга республикалык бюджети жана 2019-2020-жылдарга болжолу жөнүндө” Мыйзамына кол койду. Мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан 2017-жылдын 29-ноябрында кабыл алынган. Мыйзам менен төмөнкүлөр бекитилди: КРнын 2018-жылга республикалык бюджети кирешелер боюнча 140 882,2 млн. сом суммасында жана чыгашалар боюнча 161 149,3 млн. сом суммасында бекитилди, 2018-жылга республикалык бюджетинин тартыштыгынын чектик өлчөмү 20 267,1 млн. сом суммасында белгиленди; 2018-жылы дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды каржылоого бөлүнгөн каражаттардын көлөмү 500000,0 миң сом суммасында, 2019-жылы 600000,0 миң сом суммасында, 2020-жылы 700000,0 миң сом суммасында бекитилди. Республикалык бюджеттен дотацияларды алуучу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды каржылоонун артыкчылыктары белгиленди. 2018-жылга төмөнкүдөй чегерүүлөрдүн ченемдери белгиленсин:

1) жалпы мамлекеттик салыктык түшүүлөр: шаарлардын жана айылдардын жергиликтүү бюджеттери үчүн салык агенти төлөөчү киреше салыгы жана сатуудан алынуучу салык - 50 пайыз өлчөмүндө;

2) ыктыярдуу патент негизинде салык, милдеттүү патенттөө негизинде салык, бирдиктүү салык негизинде түшүүлөр шаарлардын жана айылдардын жергиликтүү бюджетинин карамагына - 100 пайыз өлчөмүндө;

3) жер казынасын пайдалануу үчүн салык (роялти, алтын, мунай, газ стратегиялык пайдалуу кендерин кошпогондо) алардын иштелип чыккан орду (жайгашкан орду) боюнча шаарлардын жана айылдардын тиешелүү жергиликтүү бюджеттерине - 50 пайыз өлчөмүндө;

4) жер казынасын пайдалануу үчүн салык (бонустар) – республикалык бюджетке 100 пайыз өлчөмүндө.

2. Жалпы мамлекеттик салыктар боюнча болжолун ашыра аткаруу суммаларын республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосунда бөлүштүрүүнү салыктардын ар бир түрү боюнча пландык түшүүлөрдөн чегерүүлөрдүн бекитилген ченемдери боюнча жүргүзүү белгиленди.

3. Жергиликтүү салыктардан жана салыктык эмес жыйымдардан түшүүчү жергиликтүү бюджеттердин кирешелери башка деңгээлдеги бюджетке алынууга жатпайт. Мыйзам 2018-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет. 2018-жылдын 5-январында “Эркин Тоо” гезитинин №1 санында жарыяланды.

# Бюджеттик ссудалар жөнүндө

КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-декабрындагы №825 Токтому менен Жергиликтүү бюджеттерге республикалык бюджеттен бюджеттик ссудаларды берүү тартиби жөнүндө жобо бекитилди. Жобого ылайык, республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге бюджеттик ссудалар бюджеттик жыл ичинде жергиликтүү бюджетти аткаруунун жүрүшүндө эмгек акы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөр, тамактануу, дары-дармектер, социалдык төлөөлөр жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө боюнча биринчи кезектеги чыгымдарды каржылоо кыйынчылыгы келип чыкканда берилет. Бюджеттик ссудаларды берүү жөнүндө маселени кароо финансы чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын дарегине бюджеттик ссудалардын суралган суммасын көрсөтүү менен жиберилген жергиликтүү кеңеш менен макулдашылып, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын жазуу жүзүндө кайрылуусунун негизинде жүргүзүлөт.

Жергиликтүү бюджеттерге бюджеттик ссуда бюджеттик жылдын ичинде берилет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бюджеттик ссуданын максаттуу пайдаланышы, алардын өз убагында кайтарылышы үчүн жоопкерчилик тартат. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет. 2018-жылдын 5-январында “Эркин Тоо” гезитинин №1 санында жарыяланды.

# Жарандык бюджетти түзүү методикасы жөнүндө

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджеттери боюнча Жарандык бюджетти түзүү методикасы бекитилди. КР Финансы министрлигинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде жарандык бюджетти түзүү методикасы бекитилди. Бул документ Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 26-декабрындагы №166 Буйругу менен кабыл алынган. Методика КР бюджеттик кодексинин 126-беренесине ылайык, жарандарга жергиликтүү деңгээлде бюджеттик маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана бюджеттин ачык-айкындуулугун жогорулатуу максатында даярдалды. Методика Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун алкагында иштелип чыкты. Жарандык бюджет белгиленген финансылык мезгилге карата бюджеттин параметрлери, артыкчылыктары жана чечимдери жөнүндө бюджеттик маалыматтарды түшүнүктүү жана жөнөкөй формада баяндайт. Ал атайын билими болбогон жарандарга мамлекеттик финансы жөнүндө маалыматты түшүнүктүү тилде алууга мүмкүнчүлүк берет. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Жарандык бюджетти жергиликтүү бюджеттердин негизинде ушул Методикада каралган тартипте жана мөөнөттөрдө мамлекеттик жана расмий тилдерде түзүшү керек. Ошондой эле ЖӨБ органдарынын расмий сайттарында жарыялоо же кагазда басып чыгаруу менен жайылтууга милдеттүү. Жергиликтүү бюджеттер боюнча жарандык бюджет төмөнкүлөрдү камтышы керек: жергиликтүү бюджеттердин кирешелери жана чыгашалары жөнүндө маалыматты, тартылган финансы ресурстары жана инвестициялык долбоорлор жөнүндө маалыматты, ошондой эле бюджеттик натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрүн берүү үчүн индикаторлордун тизмегин.

# Билим берүү уюмдарын республикалык бюджеттен каржылоого өткөрүү жөнүндө

“Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы № 302 "Айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу билим берүү уюмдарын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү аркылуу республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө" токтомуна толуктоо киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому кабыл алынды. Бул токтомго ылайык, айлык акыны жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөрдү кошпогондо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мектепке чейинки, мектептен тышкаркы жана билим берүүнүн башка уюмдарынын 2018-жылга чейин белгиленген коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоого жана жалпы билим берүүчү уюмдардын имараттарын жана жайларын күтүүгө кеткен чыгашаларды, ошондой эле башка чыгашаларды каржылоого чектөө алынат. Мындан ары айлык акыны жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөрдү кошпогондо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мектепке чейинки, мектептен тышкаркы жана билим берүүнүн башка уюмдарынын коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоого жана жалпы билим берүүчү уюмдардын имараттарын жана жайларын күтүүгө кеткен чыгашаларды, ошондой эле башка чыгашаларды каржылоо функциясы белгисиз мөөнөткө чейин сакталат. Токтом 2018-жылдын 1-январында күчүнө кирет.

# Айыл өкмөтүнүн Типтүү регламенти жөнүндө

2017-жылдын 21-ноябрында Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин №01 – 18/156 буйругу менен Айыл өкмөтүнүн Типтүү регламенти бекитилди. Айыл өкмөтүнүн Типтүү регламенти Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун алкагында ЖӨБЭММАнын юристтери менен биргеликте менен иштелип чыкты. Регламент айыл өкмөтүнүн иш тартибин аныктайт. Анда айыл өкмөтүнүн ишин пландоого жана уюштурууга карата бирдиктүү талаптарды регламенттештирген негизги принциптер жана эрежелер, айыл өкмөтүнүн, айылдык кеңештин документтери менен иштөө тартиби, иш кагаздарын жүргүзүү каралган. Типтүү регламент жарандардын кайрылууларын кароо, айыл өкмөтүнүн, айылдык кеңештин карамагында болгон маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу тартибин, муниципалдык кызматчылардын жоопкерчилигин, иш убактысын уюштуруу тартибин жана айыл өкмөтүнүн ишине тиешелүү башка маселелерди регламенттештирет. M

# Швейцария Өкмөтү тарабынан Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу каржыланган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

Түрмөктү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси **Нургүл ЖАМАНКУЛОВА** даярдады, ӨСИ

Жалпы редакция – **Сабина ГРАДВАЛЬ,** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары, ӨСИ



## Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналган “ЖАКШЫ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР-2017” аттуу плакаттардын Улуттук сынагы жана көргөзмөсү

Сынак жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын жолун тоскон көйгөйлөрдү визуалдаштырууга багытталган. Сынакты Өнүктүрүү саясат институту, Гуманитардык Долбоорлоо Институту жана “Муниципалитет” журналы уюштурду. Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору сынакка финансылык колдоо көрсөттү. Сынакты уюштурууга Дизайн.КГ, Кыргызстандын Сүрөтчүлөр Союзу, Чуйков атындагы Көркөм окуу жайы, “СХ” журналы көмөктөштү.

Сынак Кыргызстандын аймагында 2017-жылдын 1-майынан 1-октябрга чейин өткөрүлдү. Сынактын шарттарына ылайык, ага 14 жаштан жогору Кыргыз Республикасынын жарандары, ошондой эле өлкөдө туруктуу жашаган адамдар да катыша алмак; кесипкөй сүрөтчүлөргө жана дизайнерлерге, ошондой эле чыгармачыл адистикке окуган студенттерге да сынакка катышууга уруксат берилген. Катышуучуларга жергиликтүү өз алдынча башкаруу деген эмне болгону, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары эмне менен алектенээри тууралуу жалпы лекциялар сунушталды; катышуучулар, белгилүү кесипкөй сүрөтчүлөр жергиликтүү жамааттардын турмушун жана ЖӨБ органдарынын ишин искусство көз карашынан визуалдаштыруу маселесин да талкуулашты.

Натыйжада 2017-жылы сынакка 84 автордон 178 плакат түштү: Ош облусунан 10 плакат, Жалал-Абаддан – 2, Ысык-Көлдөн – 12, Бишкектен – 26 плакат түштү. Конкурстук комиссия бардык сүрөттөрдү карап чыгып, байгелүү орундарды төмөнкүчө бөлүштүрдү:

- **1-орун:** Марина БЛИНОВА (Бишкек) “Уникалдуу экспонат”, 60 миң сом.
- **2-орун:** Антон КАЗАКОВЦЕВ (Бишкек) “Бак кыюу оюну”, 30 миң сом.

- **3-орун:** Сонун ТОЛУКБАЕВА (Чолпон-Ата), “Жол жегичтер”, 10 миң сом.
- **3-орун:** Анатолий ЦЫБУХ (Ош) “Муниципалитет кантип иштейт” (триптих), 10 миң сом.

*“Аялдар жана ЖӨБ”* атайын номинациясы бөлүмүндө – 15 миң сомдук атайын байгенин ээси Салтанат КАЙБЫЛДАЕВА (Ош) сүрөттөр сериясы үчүн. *“Өнүктүрүү саясат институтунун тандоосу”* атайын номинация бөлүмүндө төмөнкү авторлор жеңүүчү деп табылып, байгелер (2500 сом жана сувенирлер) тапшырылды:

- Тургунбай ТАШКУЗИЕВ (Ош) “Сууну үнөмдөгүлө”,
- Дуйшебек ИСКАКОВ (Чолпон-Ата) “Эркектер добуш беришет, аялдар иштешет”,
- Павел БОЛЬШАКОВ (Бишкек) “Бир жашоочуга туура келген бак-дарактардын саны” (диптих),
- Чолпонай МАМАТОВА (Кызыл-Суу айылы, Кара-Суу району, Ош) айыл өкмөтү тууралуу сүрөттөрдүн сериясы,
- ДОКТУРБЕК УУЛУ Чынгыз (Бишкек) “Балдар аянтчасы”,
- Инна ПИСКАРЁВА (Бишкек) “Айсберг”,
- Эркин БАЗАРБАЕВ (Бишкек) “Герб”,
- Анна ПРОТОПОПОВА (Беловодск айылы, Москва району, Чүй) “Эс-тутум. Айылдык мемориал”.

Ошондой эле 5000 сом көлөмүндө шыктандыруучу байге төмөнкү авторлорго ыйгарылды:

- Камал ЖАЛАЛОВ (Жалал-Абад),
- Алексей СКАЧКОВ (Бишкек), сүрөттөр сериясы,
- Амир ОРОЗБЕКОВ (Бишкек) “Шаардагы майыптар”,
- Эрмек ЖЕҢИШ (Бишкек) “Ачык-айкын бюджет”,
- Бакыт МУСАЕВ (Каракол) “Адамдардын кызыкчылыктары”.

18 жашка чейинкилер тобунда мыктылар деп төмөнкү авторлор таанылып, 5000 сом көлөмүндө байге ыйгарылды: КЕНДИРБАЕВА Раушан (Чолпон-Ата), 14 жашта; БАЙЫМ УУЛУ Нурсултан (Чолпон-Ата), 14 жашта. *“Шаар демилгелери” коомдук фондунун атайын байгеси* менен Асель ОРМОКЕЕВА (Ош) “Дарыя” аттуу иши үчүн сыйланды. *Кураторлордон атайын байгени* 15 жаштагы Жалын КЫРГЫЗБАЕВ (Жалал-Абад) “Кордобо” аттуу эмгеги үчүн алды.

Жеңүүчүлөрдүн жана сынактын катышуучуларынын эмгектерин конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнөн тышкары башкалар да көрө алышты. Ноябрда Гапар Айтиев атындагы Кыргыз улуттук көркөм искусство музейинде “Жакшы жашоо: ушул жерде жана азыр-2017” плакаттар көргөзмөсү өттү. Бул көргөзмө калктын калың катмарынын назарын жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы көйгөйлөргө, коомдун өнүгүүсүнө буруу максатында уюштурулду.

“Оэйсис” фонду менен кызматташтыкта балдар үйлөрүнүн бүтүрүүчүлөрү үчүн көргөзмөгө акысыз экскурсия өткөрүлдү. “Балдар үйлөрүнүн бүтүрүүчүлөрүндө адатта мамлекеттик түзүлүштүн системасы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, ага катышууда жана ЖӨБ органдары менен кызматташууда өз укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө түшүнүгү аз. Көргөзмөгө келген кыз-жигиттер плакаттарды көрүп, музейдин башка залдарын кыдырып чыгып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө уккан-көргөндөрүн талкуулай алышты. Ошондой эле көргөзмөгө Бишкектин тегерегиндеги беш турак жай массивинде (аз камсыздалган үй-бүлөлөр көбүрөөк жашаган жаңы конуштарда) жашаган аялдар да келишти. Алар акыркы жолу музейде Совет мезгилинде гана болушканын айтышты. Аялдар көргөзмөгө коюлган ар бир эмгекти жигердүү талкуулашып, жамаат турмушуна жана жеринде чечим кабыл алуу процессине калктын активдүү катышуусу абдан маанилүү болгонуна ынанышты. Көргөзмөлөрдүн плакаттары аялдарда жеринде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча жаңы идеялардын пайда болуусуна себепчи болду. Мисалы, жаңы конуштарда балдар аянтчаларын жаңылоо, ошондой эле жеринде ЖӨБ органдары менен кызматташуу жөнүндө идеялар жаралды”, – деп айтты Өнүктүрүү саясат институтунун адиси Гузель ЖАНАЛИЕВА.

2018-жылы көргөзмө Ош облустук көргөм искусство музейинде уланат. **M**








# Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) Чүй облусунун жергиликтүү жамааттарына мектепке чейинки курактагы балдар үчүн шарттарды жакшыртууга жардам берди

Чүй облусундагы беш бала бакча мектепке чейин билим алуу үчүн шарттарды жакшыртууга багытталган долбоорлорду жыйынтыктап, бул кубанычтуу окуяны белгилешти. Алар:

- Чүй районунун Онбир-Жылга айылдык аймагынын Кайырма айылындагы “Алтын уя” бала бакчасы;
- Чүй облусунун Боролдой айылдык аймагынын Боролдой айылындагы “Жоодарбешим” бала бакчасы;
- Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Таш-Мойнок айылдык аймагынын Беш-Күнгөй айылындагы “Бекбол” бала бакчасы;
- Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Таш-Мойнок айылдык аймагынын Кой-Таш айылындагы “Алтынай” бала бакчасы;
- Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Таш-Мойнок айылдык аймагынын Тоолуу Маевка айылындагы “Жаңы кадам” бала бакчасы.

Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун (ЭҮЖӨБОЖ) колдоосу алдында Онбир-Жылга, Боролдой жана Таш-Мойнок айылдык аймактарындагы ЖӨБ органдары ишке ашырган долбоорлордун алкагында бала бакчалардын материалдык-техникалык базасы бир кыйла оңолду.

Онбир-Жылга аймагында мектептин базасында 2015-жылы 75 орундуу бала бакча ачылган. Бирок жергиликтүү бюджетте каражаттын жетишсиздигинен улам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бала бакчаны эмеректер жана жабдуулар менен камсыздай алышкан эмес. Бакчанын имаратынын абалы канааттандырарлык эле, бирок эмеректер жетишсиз болгондуктан бакчага 50 бала гана бара алган. Балдар бир керебетте экиден уктап, мектептен убактылуу алынган окуучулардын парталарында сабак окушчу, бул болсо стандарттарга такыр шайкеш келбейт. Ал эми оюн бөлмөлөрү эмеректин жоктугунан ээнсиреп, отургучтар, кийим жана китептер үчүн шкафтар жетишсиз болчу. Чогулуштар, жыйындар маалында жашоочулар бул маселени ЖӨБ органдары менен активдүү талкуулашчу. Долбоордун гранттык программасына катышуунун эсебинен жергиликтүү бюджетке инвестиция тартуу мүмкүнчүлүгү пайда болоор замат долбоорду тандап алуу боюнча айылдык чогулушта көпчүлүк катышуучулар бала бакча үчүн жабдууларды жана эмеректерди сатып алуу боюнча долбоорду колдоп беришти. ЖӨБ органы ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун конкурсуна өтүнмө жиберип, Чакан гранттар программасынын жеңүүчүлөрүнүн бири болуп, 1 млн. сомдук грантты алды.

Долбоордун алкагында жылыткычтар, шкафтар, балдар үчүн отургучтар, ашкана жабдуулары, жууркандар, кеңсе техникасы, балдар оюнчуктары

жана китептери сатып алынды. Мунун баары бала бакчага барган элүү нористе үчүн коопсуз жана ыңгайлуу шарттарды түзүп берди. Ушул тапта бала бакчага 60тан ашуун наристе барат. Кайырма айылындагы бала бакча болсо дагы 30 баланы кабыл алууга даяр, анткени жаңы шарттар мына ушундай мүмкүнчүлүктөрдү берүүдө.

Боролдой айылындагы "Жоодарбешим" бала бакчасында да абал чеке жылытаарлык эмес болчу. Бул жердин тургундарын акыркы 20 жылдан бери 139 наристе барган Боролдой бала бакчасындагы шарттар тынчсыздандырып келген. Бала бакчанын имараты көп жакшы жылытылчу эмес жана электр жылыткычтарын сатып алууга муктаждык чоң эле. Балдардын тамактануусун уюштуруу үчүн СССР урагандан бери эч жаңыланбаган эски ашкана жабдуусу колдонулуп келет. Ошондой эле мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоодо жаңы усулдарды колдонуу үчүн да оюндар залын заманбап жабдуулар менен (китептер, оюнчуктар, телевизорлор жана нотбуктар) камсыз кылуу учур талабы болгон. Мектепке чейин сапаттуу билим алуу үчүн шарттардын жоктугу өңдүү көйгөйдү айылдын активисттери жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоонун жүрүшүндө жарыялашкан. Айыл өкмөтү жашоочулардын суроо-талаптарына жооп катары кырдаалды жакшыртуу боюнча жумуштарды өткөрүүнү пландаган. Бул болсо аймактын Биргелешкен аракеттер планында чагылдырылган. Андан соң артыкчылыктуу долбоорду тандап алуу боюнча чогулушта "Жакшы нерсенин баары балдарга" долбоору эң көп добушка ээ болгон жана ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасынын алкагында конкурстук тандоодон өткөн. Долбоордун алкагында китеп шкафтары, балдар үчүн столдор жана отургучтар, ашкана жабдуулары, төшөк-жууркан, матрастар, кеңсе техникасы жана телевизор сатып алынган. Ошентип, жашоочулар активдүүлүгүн көрсөтүп, ЖӨБО менен диалог түзүп, болочок муунду тарбиялоо жана өнүктүрүү үчүн шарттарды жакшырта алышты. Бул сатып алынган буюмдар бакчага келген балдардын санын көбөйтүүгө жол ачты. Учурда бала бакча дагы 15 наристени кабыл алууга даяр турат.

Таш-Мойнок айылдык аймагындагы үч айылда бала бакча үчүн эмеректер жана жабдуулар сатып алынды. Алар: Беш-Күнгөй айылындагы "Бекбол", Кой-Таш айылындагы "Алтынай" жана Тоолуу Маевка айылындагы "Жаңы кадам" бала бакчалары. Долбоордун алкагында имаратка жанаша салынган жайда капиталдык ремонт жасалып, 30 балага кошумча топ ачылды, жаңы иш орундары менен эки киши камсыздалды, ал эми бала бакчанын үч кызматкеринин айлык акысы көтөрүлдү.

Беш-Күнгөй айылындагы "Бекбол" бала бакчасынын жетекчиси Айнура Т. ШАРИПОВАнын айтымында, мунун баарына ата-энелердин жалпы аракети менен жетүүгө мүмкүн болду. Алар артыкчылыктуу көйгөйдү чечүү боюнча окууларга, семинарларга, тренингдерге жана айылдык чогулуштарга жигердүү катышып беришти.

"Кийинки жолу ата-энелер жана кайдыгер эмес элеттиктер балдарыбыз үчүн шарттарды жакшыртууга жардам берген ушул өңдүү долбоорду да колдоп беришет деген ишенимдемин. Анткени бүгүнкү окуя биздин жалпы аракеттерибиздин жана активдүүлүгүбүздүн арты менен ишке ашты. Мен баарыңарды ушундай эле активдүү бойдон кала берүүгө чакырам. Анткени мындай жыйынтык бардык тараптардын – айыл өкмөтү менен кеңештин жана жергиликтүү жамааттардын кызматташтыгы үчүн жакшы мисал катары кызмат өтөйт".

Гранттык долбоорлорду ишке ашыруу процессинде товарларды сатып алуулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жасалды. Үй айыл өкмөтүнүн кызматкерлери мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашыруу боюнча Долбоор уюштурган тренингден өтүштү. Ар бир долбоордун баасы 1 100 000 сомдон кем болгон жок, мунун ичинде муниципалитеттердин өз каражаттарынын эсебинен кошумча каржылоо 10% кем болгон эмес.

Жергиликтүү жамааттардын турмуш шартына таасир тийгизүү мүмкүнчүлүгү Ош жана Нарын облустарынын өкүлдөрү үчүн да пайда болуп жатат. 2017-жылдын соңунда бардык элеттик ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү үчүн Чакан гранттар программасынын бет ачары өттү. Ошондой эле жергиликтүү жамааттар үчүн артыкчылыктуу болгон маселелерди чечүүгө инвестициялардын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча окуулар да өткөрүлдү. Эки облуста маалыматтык жана окутуучу иш-чараларга 800дөн ашуун адам, анын ичинде 230 аял катышты.

"Ушул жылга Долбоордун Чакан гранттар программасынын линиясы боюнча 35 млн. сом каралган. Бул акчага Ош жана Нарын облустарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун бардык аткаруучу органдары талаптана алат. Бул үчүн алар ушул программанын конкурсуна катышып, бир долбоорго 1 млн. сомдон утуп алышы керек. Ар бир АӨ конкурска эки өтүнмө менен (ар бир 1 млн. сомдон) катышып, аймактын жашоочулары үчүн артыкчылыктуу болгон эки башка маселени чечүү үчүн эки грант алууга талаптана алат. Гранттын каражаттары ЖӨБ органынын эсебине которулуп, жергиликтүү жамааттын турмуш шарттарын жакшыртууга гана жумшалышы керек. Долбоордук идеялар жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарына шайкеш келүүгө тийиш. Бул артыкчылыктарды ЖӨБ органдары калктын катышуусу менен аныктап алат (ЖМБА / PRA-сессиялар). Бул болсо Долбоордун негизги максатына шайкеш келет – бул жарандардын чечим кабыл алуу процессине жарандардын катышуусун бир кыйла жогорулатуу менен ЖӨБ органдарынын коомдук финансыны дагы да ачык жана натыйжалуу башкаруусуна көмөктөшүү", – деп айтты Долбоордун гранттар боюнча адиси Султан МАЙРАМБЕКОВ. M

# ЖАҢЫ ЖАБДУУЛАР: Ош жана Нарын облустарынын муниципалитеттери жалпы суммасы 677 миң сомго калк менен иштөө үчүн заманбап жабдууларды алышты



Заман талабына жооп берген маалыматтык технологиялар менен жабдууларды колдонмоюнча калк менен иштөөнү, ЖӨБ органы жана жергиликтүү жамаат ортосунда маалымат алмашууну жөнгө салуу мүмкүн болбойт. Алган жаңы билимин колдонушу үчүн ЖӨБ органдарын жабдуулар менен камсыздоо максатында ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Нарын облусунун беш жана Ош облусунун он айыл өкмөтүнө ноутбук, мультифункционалдуу түзүлүш жана фотоаппарат түрүндө техникалык жардам берди.

"Бул жолу Ош облусундагы биздин өнөктөштөрүбүзгө жалпы суммасы 677 миң сом болгон жабдууларды берип жатабыз, – деп айтып берди ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун муниципалитеттер менен иштөө боюнча координатору Алтынай БУЗУРМАНКУЛОВА. – Жабдуулар калкты бюджеттик процесске жана жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алууга тартуу процессинде ЖӨБ органдарына көмөк көрсөтүү максатында өткөрүлүп берилди. Аны менен катар жабдуулар бюджет долбоору жана аны аткаруу боюнча коомдук угуулар, элеттик чогулуштар, жыйындар ж.б. өңдүү коомдук иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү маалында да колдонулат. Мындан тышкары ЖӨБ органдары жергиликтүү кеңештер жана жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрү менен биргеликте конкурстарды, фестивалдарды жана башка коомдук иш-чараларды өткөрүшөт. Бардык жабдуулар "Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу" темасына өткөрүлгөн тренингдердин жүрүшүндө берилди. Бул тренингдерге үч жүзгө жакын адам катышты. Алардын ичинде айыл өкмөтүнүн (АӨ) жана мэриянын адистери, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, айыл старосталары, ошондой эле демилгелүү топтордун, Биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун (БМжБ) мүчөлөрү бар".

# Билимдүү ЖӨБ: Нарын жана Ош облустарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 45 өкүлү компьютердик сабаттуулуктун негиздерин үйрөнүштү

Жарандардын бюджеттик процесске катышуу моделин киргизүү муниципалдык кызматчыларга жаңы талаптарды коюп жатат. Жарандарды жергиликтүү өз алдынча башкарууга тартуу жаңы билимди, көндүмдөрдү талап кылууда. Өзгөчө бюджеттик маалыматты ачып берүү чөйрөсүндө мындай көндүмдөр зарыл болуп турат. Ошону менен бирге маалымат жарандарга толук көлөмдө жана түшүнүктүү тилде берилиши керек. Бийлик өкүлдөрү жеринде өз милдеттерин, анын ичинде коомдук мааниге ээ маалыматты ачып берүү боюнча милдеттерин дагы да кесипкөй аткара алышы үчүн Ошто жана Нарында ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитеттеринин өкүлдөрү үчүн "Компьютердик сабаттуулуктун негиздери" темасына тренингдер өттү. Тренингдер Нарын шаарында Борбор Азия университетинин базасында, ал эми Ош шаарында Ош мамлекеттик университетинин базасында өткөрүлдү.

"Маалыматтык технологияларды колдонууда айыл өкмөтүнүн муниципалдык кызматчыларынын дараметин жогорулатуу тренингдин негизги максаты болду. Тренингдерге АӨ кызматкерлери, анын ичинде компьютердик көндүмдөр зарыл болгон айыл өкмөтүнүн финансылык-экономикалык бөлүмдөрүнүн жетекчилери катышты. Бүгүнкү күндө муниципалдык кызматчынын ишин компьютерсиз элестетүү кыйын. Күн сайын айыл өкмөтүнүн жана мэриянын кызматкерлери токтомдорду, түрдүү маа-

лымкаттарды, аткарылган иш тууралуу отчетторду даярдашат. Адатта айыл өкмөтү компьютерди басма машинасы катары колдонот. АӨ дагы да натыйжалуу иштеши үчүн тренерлердин алдына тапшырма коюлду – АӨ кызматкерлерин Microsoft Office: Word, Excel, Power Point жана Internet программаларын колдонууга үйрөтүү. Катышуучулардын баасына ылайык, биз алдыга коюлган максаттарга жете алдык", - деп айтты Долбоордун муниципалдык финансы боюнча адиси Азамат МАМЫТОВ.

# Нарын жана Ош облустарынын муниципалитеттери өздөрүнүн Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгышты

Нарын жана Ош облустарынын аймагында "Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын биргелешкен аракеттерин пландоо" темасына окутуучу иш-чаралар өттү. "Тренингге биз айыл өкмөт башчыларын, жооптуу катчыларды, айыл өкмөтүнүн адистерин, айылдык кеңештин төрагасын жана туруктуу комиссиялардын төрагаларын, Демилгелүү топтордун лидерлерин, жергиликтүү мекемелердин (мектептердин жана бала бакчалардын, ФАПтардын) жетекчилерин чакырганбыз. Эки облустан баары болуп 300гө жакын адам катышты, - деп айтты Долбоордун ЖӨБ органдары менен иштөө боюнча адиси Роза СУРАНЧИЕВА. – Эки облустун аймактарында ЖӨБ органдары жамааттын муктаждыктарын аныктоо боюнча иш-чараларды өз алдынча өткөрүштү. Анда айыл тургундары алар үчүн өзгөчө көйгөйлүү болуп турган маселелерди айтып, анын себептерин жана маселелерди чечүү жолдорун талкуулашты. Кийинки кадам – аныкталган көйгөйлөрдү чечүүдө ЖӨБ органдары менен жамааттын биргелешкен аракеттерин пландоо. Тренингдерде катышуучулар муниципалитеттин деңгээлинде пландоо маселелерин талкуулашат, пландарды түзүп, ишке ашырууда жамааттын катышуусу канчалык маанилүү болгону тууралуу сүйлөшөт. Тренингдин катышуучулары ошондой эле өнүгүү пландарын ресурс менен камсыздоо маселелерин карап чыгып, каржылоонун бардык мүмкүн болгон булактарын, инвестицияны тартуу, жергиликтүү жамааттарды аралаштыруу маселелерин талкуулашат. Тренингдин программасы жана катышуучулардын курамы ар бир ЖӨБОго иштеген жерине ЖМБАнын жүрүшүндө аныкталган көйгөйлөрдү чечүү боюнча биргелешкен аракеттер планынын долбоору менен кайтып барууга мүмкүнчүлүк берет".

# ЖӨБ текшерүүлөрү: Эскертүү албай өтүүнүн жолдору барбы?

КР Финансы министрлиги, КР Эсеп палатасы ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен биргеликте Кыргызстандагы беш облустун АӨ финансылык-экономикалык бөлүмдөрүнүн адистери үчүн тренингдердин сериясын өткөрүштү. Бул тренингдердин маалында ведомстволордун өкүлдөрү айыл өкмөтүнүн ишине коюлган талаптар жөнүндө, сатып алуулар, жергиликтүү бюджеттердин каражаттарын пландоо жана сарптоо учурунда коомдук финансыны башкаруу чөйрөсүндө ЖӨБ органдарынын ишин текшерүү кантип жүргүзүлөрү тууралуу кенен айтып беришти. Тренингдер КР Финансы министрлигинин Окуу борборунун филиалдарынын базасында өткөрүлдү. Ушундай эле тренингдер Чүй, Ысык-Көл, Нарын жана Жалал-Абад облустарынын айыл өкмөттөрү үчүн да өткөрүлдү.

Окуу программасына "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүнү жүргүзүү тартиби жөнүндө" КР Мыйзамынын негизги жоболору; мамлекеттик сатып алууларды өткөрүү жол-жоболоруна карата мыйзамдардагы талаптар өңдүү суроолор кирди. Ошондой эле тренингдердин жүрүшүндө катышуучуларга ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун көмөгү менен иштелип чыккан Жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча колдонмо берилди.

Айыл өкмөтүнүн финансисттери жөн эле маалымат жана билим албастан, ошону менен бирге ЖӨБ органдары үчүн иш эрежелерин иштеп чыккан, көзөмөлдөгөн жана текшерүүлөрдү жүргүзгөн органдардын өкүлдөрүнө өздөрүн кызыктырган суроолорду узата алышты.

"Мамлекеттик сатып алуулар практикасын жакшыртуу жана жалпысынан жергиликтүү бюджеттердин каражаттарын башкаруу тренингдин максаты болду. Айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин жакшы билими – текшерүүлөрдү эскертүү албастан өтүүнүн фундаменталдык кепили", – деп айтты Долбоордун муниципалдык финансы боюнча адиси Азамат МАМЫТОВ. M

# Аймактык ЖОЖдор үчүн 2018-2023-жылдарга КРнын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу системасын өркүндөтүү программасынын долбоорунун бет ачары

2017-жылдын 14-декабрында Бишкекте Өнүктүрүү саясат институтунун кеңсесинде аймактык билим берүү уюмдары үчүн тегерек стол талкуусу уюштурулду. Талкууда 2018-жылга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутууга мамлекеттик заказ жөнүндө маалымдоо, 2018-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу системасын өркүндөтүү Программасынын долбоору, "Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу: абалы жана келечеги-2018" темасына жаш илимпоздордун IV жогорку жайлар аралык илимий-практикалык конференциясы тууралуу сөз болду. Иш-чара Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун (мындан ары – Долбоор) алкагында уюштурулду.

Тегерек стол талкуусуна КР Мамлекеттик кадр кызматынын, КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын өкүлдөрү, аймактык ЖОЖдордон (Нарын мамлекеттик университети, Ысык-Көл мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик университети, Жалал-Абад экономика жана ишкердик институту, Талас мамлекеттик университети) жана Бишкек шаарынан (Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети) жаш илимпоздор катышты.

Иш-чаранын жүрүшүндө уюштуруучулар катышуучуларды Өкмөттүн 2018-жылга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутууга мамлекеттик заказ жөнүндө тескемесинин долбоору; 2018-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу системасын өркүндөтүү Программасынын долбоору менен тааныштырып, жогоруда аталган жаш илимпоздордун IV жогорку жайлар аралык илимий-практикалык конференциясы жөнүндө маалымат беришти.

"Программанын максаты – мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын кесиптик өнүгүүсүнүн сапатын камсыздаган жана натыйжалуу мамлекеттик, муниципалдык башкаруунун талаптарына жооп берген окуу системасын өркүндөтүү. Программа окуу системасын андан ары өркүндөтүүнүн, анын ичинде административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды ээлеген мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын, ошондой эле Улуттук кадрлар резервинде турган адамдардын квалификациясын жогорулатуунун максаттарын, милдеттерин, принциптерин жана негизги багыттарын аныктайт", – деп айтты Долбоордун муниципалдык кызмат боюнча адиси Нурдин КУМУШБЕКОВ.

Бул иш-чаранын жүрүшүндө анын катышуучулары окуу системасынын азыркы абалын, 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу системасын өнүктүрүү Программасын ишке ашырууда жетишилген максаттарды, ишке ашырылган тапшырмаларды жана кыйынчылыктарды талкуулап, документтердин долбоорлору жана конференцияны өткөрүү боюнча өз сунуштарын беришти. Бул сунуштар аталган документтерди аягына чейин иштеп чыгууда эске алынат. Аны менен катар окуу системасын өркүндөтүүнүн негизги суроолорунун бири – окуунун тапшырыкчысы ким болот деген суроого байланыштуу катышуучулар төмөнкүдөй пикирлерин жана сунуштарын айтышты:

- тапшырыкчынын функциясы КР Мамлекеттик кадр кызматында кала бериши керек;
- кызматчыларды кайра даярдоо функциясы Мамлекеттик башкаруу академиясына, ал эми квалификацияны жогорулатууну уюштуруу функциясы тапшырыкчынын функциясын Мамлекеттик башкаруу академиясына берүү аркылуу ишке ашырылса болот. Аталган академия тренерлердин арасында гана эмес, билим берүү уюмдары арасында да окууну өткөрүүгө конкурс уюштурушу керек жана өзү катыша албайт.

Долбоор мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу системасында, анын ичинде Мамзаказды ишке ашырууга аймактык билим берүү уюмдарынын катышуусу зарыл деп эсептегендиктен ушул иш-чара маанилүү болуп турат. Мындай катышуу муниципалдык кызматчыларды окутууга жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын азайтат, квалификациясын жогорулатуу системасын муниципалдык кызматчылар үчүн жеткиликтүү кылат, Мамзаказды ишке ашырууга конкурсту өткөрүүдө атаандаштыкты жогорулатууга көмөктөшөт. Бул болсо өз кезегинде окутуунун сапатын жогорулатат.

# ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

## Бишкекте КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин башкаруу системасына мониторингди жана баалоону киргизүү боюнча сунуштар талкууланды

2017-жылдын 15-декабрында Бишкекте “Мамлекеттик социалдык заказдын алкагында ишке ашырылган коомдук пайдалуу долбоорлорго мониторинг жана баалоо жүргүзүү системасын киргизүү боюнча методикалык сунуштамаларды талкуулоо” темасына семинар өттү.

Семинардын жүрүшүндө катышуучуларга мамлекеттик социалдык заказдын алкагында ишке ашырылган коомдук пайдалуу долбоорлорго МжБ жүргүзүү системасынын модели тартууланып, КР ЭСӨМ башкаруу системасына мониторинг жана баалоо киргизүү боюнча сунуштар берилди:

Мамлекеттик социалдык заказдын алкагында ишке ашырылган коомдук пайдалуу долбоорлорго МжБ жүргүзүү системасынын модели, баяндамачы – ТРЕТЬЯКОВА Татьяна, Долбоордун эксперти.

КР ЭСӨМ башкаруу системасына мониторинг жана баалоо киргизүү боюнча сунуштар, баяндамачы – САСЫКБАЕВА Вера, Долбоордун эксперти.

Семинарды USAIDдин Биргелешип башкаруу боюнча программасынын колдоосу алдында “Социалдык заказды ишке ашыруу боюнча Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин дараметин күчөтүү” Долбоорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту уюштурду.

Биргелешип башкаруу боюнча программа (ББП) Кыргыз Республикасында өкмөттүн, жарандык коомдун жана жеке сектордун өнөктөштүгүн бекемдөөгө багытталган. Программаны АКШнын Эл аралык өнүгүү боюнча агенттиги (USAID) жана Улуу Британиянын Эл аралык өнүгүү боюнча министрлиги (DFID) каржылап, Ист-Вест Менеджмент Институту (EWMI) ишке ашырат.

## Баткенде мамлекеттик социалдык заказ (МСЗ) механизми тартууланды

Механизмдин бет ачары Баткен шаарында соцкызматкерлердин кесиптик майрамына жана соцкызматкерлердин статусун адистер катары бекемдөө маселелерине арналган форумдун жүрүшүндө тартууланды.

Алгачкы сөздү КР эмгек жана социалдык өнүгүү министри Таалайгүл ИСАКУНОВА алып, социалдык кызматкерлердин эмгеги түп-тамырынан бери кайра каралып чыгышы керектигин, ар бир социалдык кызматкер эмгек өргүүсүнө чыгып жатып башка мамлекеттик кызматчылардай эле тиешелүү айлык акы алышы керектигин белгиледи. Ошондой эле ал социалдык кызматкерлерге коомдук транспортто жол акысы боюнча жеңилдиктер берилип, адистердин квалификациясын жогорулатыш керектигин айтты.

“Ар кандай турмуштук кырдаалдардан улам калк социалдык кызмат көрсөтүүлөргө муктаж болууда. Бүгүнкү күндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары долбоорлорду мамлекеттик социалдык заказдын (МСЗ) механизми аркылуу ишке ашыра алышат. Кыргызстанда бул механизм көп деле кеңири жайылган эмес. Бирок биздин өлкөдө МСЗны бейөкмөт уюм аркылуу ишке ашыруу тажрыйбасы бар. Бул тажрыйбанын жыйынтыгы оң болду”, - деп айтты министр Т. ИСАКУНОВА.

Өнүктүрүү саясат институтунун адиси Роза СУРАНЧИЕВА 2017-жылдын 28-апрелинде кабыл алынган “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” КР Мыйзамы тууралуу деталдуу маалыматтарды берип, бул механизмди киргизүү принциптери жөнүндө айтып берди: “МСЗ механизми өлкөнүн социалдык өнүгүү чөйрөсүнө олуттуу оң экономикалык таасир тийгизет. Пилоттук айылдык аймактардагы жыйынтыктарга жана жетишкендиктерге негизделген биздин практика чоң артыкчылыктарды жана даректүү кызмат көрсөтүүнү көрсөтүп берди. Бул процессте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары чоң ролду ойнойт. Анткени алар калк менен тикелей жана туруктуу байланышта турушат, аярлуу топтордун керектөөлөрүн жакшы билишет. ЖӨБ органдары жеринде социалдык кызмат көрсөтүүнү мамлекетке караганда азыраак чыгымга жана тезирээк уюштурушат. “Социалдык заказды ишке ашыруу боюнча Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин дараметин күчөтүү” долбоорун ишке ашыруунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту муниципалдык социалдык заказ практикасын колдонууга даяр муниципалитеттерди тандап алууда. ӨСИ бул муниципалитеттерге долбоорду ишке ашыруунун бардык этаптарында консультациялык колдоо көрсөтөт: артыкчылыктуу көйгөйдү аныктоодон баштап, бейөкмөт уюмду тандап алып, долбоордун аткарылышына мониторинг жүргүзүүгө чейин жардам берет. Түшкөн өтүнмөлөрдү кароонун жыйынтыгы боюнча төрт муниципалитет тандалып алынат. Аларга муниципалитеттин деңгээлинде муниципалдык социалдык заказды аткарууда ар тараптуу консультациялык колдоо көрсөтүлөт”. M

# Муниципалитеттер сурайт, консультанттар жооп беришет

Түрмөктү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адистери
**Бектурган ОРОЗБАЕВ, Нуржан МАМЫРАЛИЕВА, Назира ТЮЛЮНДИЕВА жана Нурдин КҮМҮШБЕКОВ** даярдашты

## Жайыттар жөнүндө

**Жайыт комитеттеринин алыш-бериш эсеби айыл өкмөтүнүн карамагына берилет. Ошону менен бирге жайыт комитети өзүнчө юридикалык жак катары катталган. Жайыт комитетинин уставын кайра карап чыгыш керекпи? Айыл өкмөтү менен жайыт комитети ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн жол-жоболору кандай?**



2017-жылдын 12-сентябрындагы № 08-2-2/10046 кат менен КР Финансы министрлиги ЖӨБ органдарына жайыт жерлерин пайдалануу үчүн акы чегерүүнүн жана колдонуунун төмөнкүдөй схемасын сунуштаган. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамына жана “Жайыттар жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, ЖӨБ органы жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча ыйгарым укуктарды жайыт пайдалануучулардын бирикмесине өткөрүп берүүгө укуктуу. Буга байланыштуу ЖӨБ органдарына жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү сунушталат. Бул үчүн жайыт пайдалануучулардын бирикмелери менен келишимди кайра түзүп чыгыш керек. Типтүү келишимди КР Финансы министрлиги иштеп чыгып, министрликтин аймактык бөлүмдөрүнө (райфинбөлүмдөргө) жиберген. Келишимде анын предмети – берилген ыйгарым укуктар, укуктар жана милдеттер, ошондой эле ЖӨБ органы менен жайыт пайдалануучулардын бирикмелери ортосундагы финансылык мамилелердин тартиби аныкталган.

Бюджеттик жол-жоболорго ылайык, жайыт пайдалануучулардын бирикмеси жайытты колдонгону үчүн акыны жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулушун камсыздайт (кирешелер беренесинин 14152200-“Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн акы” элементине). Бул сумма жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн курамында бекитилет жана жергиликтүү кеңештин чечимине ылайык колдонулат. Жайыттарды пайдалануу үчүн акыдан түшкөн акчанын бир бөлүгү жайыт пайдалануучулардын бирикмесине берүү үчүн арналып (жалпы суммадан үчтөн экиси), жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн 704-бөлүгүндө (“Экономикалык маселелер”) пландалат. Айыл өкмөтү бекитилген


жергиликтүү бюджетке ылайык, жайыт комитетинин үлүшүн түзгөн каражатты жайыт пайдалануучулардын бирикмесинин алыш-бериш эсебине жиберет.

Ошону менен бирге жергиликтүү кеңеш жыл сайын Жайыт пайдалануучулар боюнча жамааттын планын, ошондой эле алардын аткарылышы жөнүндө отчетторун бекитет.

Өз кезегинде жайыт пайдалануучулардын бирикмесинин аткаруучу органы жана бюджеттик каражаттардын алуучусу болгон жайыт комитети бекитилген Планга ылайык, жайыттарды, жайыт инфраструктурасын жакшыртууга жана өнүктүрүүгө, жайыт комитетин күтүүгө каражатты багыттайт. Финансылык жыл жыйынтыкталганда жайыт комитети жайыт пайдалануу боюнча жамааттын Планын аткаруу үчүн отчет берип турат.

Жергиликтүү бюджетте калган, жайыттарды пайдалануу үчүн акынын бир бөлүгүн (акынын жалпы суммасынан үчтөн биринен кем эмес) колдонууга карата жергиликтүү бюджетти кароодо жана бекитүүдө чечимди жергиликтүү кеңеш кабыл алат.

Жаңы схемада жайыт пайдалануучулардын бирикмесинин алыш-бериш эсеби жайыт пайдалануучулардын бирикмесинин өзүнүн карамагында турат. Жайыт пайдалануучулардын бирикмесинин уставын кайра карап чыгуу талап кылынбайт.





## Айдоолорду майкандоо жөнүндө

**Кыргыз Республикасынын Жер кодексине ылайык, айыл өкмөтү муниципалитеттеги бардык жерлерди коргоо ишин көзөмөлдөйт. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Административдик кодексинин 185-беренесине ылайык, жерди майкандоодон коргойт. Айыл өкмөтү айдоолорду майкандоодон коргоо үчүн кароолчуну ишке алууга милдеттүүбү? Жерлерди коргоо үчүн бул маселени дагы башка кандай жолдор менен чечсе болот?**

Кыргыз Республикасынын Административдик кодексинин 185-беренесинде айдоолорду майкандоо, талаадагы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жыйналган түшүмүн керектөөдөн чыгаруу же жок кылуу, бак-дарактарга зыян келтирүү үчүн жоопкерчилик каралган. Кыргыз Республикасынын Административдик кодексинин 534-1-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (комиссиялары) Кыргыз Республикасынын Административдик кодексинин 185-беренесинде каралган административдик укук бузуулар жөнүндөгү иштерди карайт.

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 13-беренеси менен жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө айыл өкмөтүнүн карамагына жердин пайдаланылышына жана корголушуна контролдук кылуу кирет. Б.а., жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жерди коргоону контролдойт, бирок жерди коргоону жүзөгө ашырбайт. “Жерди коргоо” түшүнүгүнүн эки мааниси бар. Биринчи мааниси – Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 95-беренесине ылайык, жерлерди коргоо курчап турган жаратылыш чөйрөсүнүн бир бөлүгү катары жер участогун коргоого, жер участогун сарамжалдуу пайдаланууга, айыл чарбасында жана токой чарбасында пайдаланылган жерлерди негизсиз алып коюуга жол бербөөгө, ошондой эле кыртыштын асылдуулугун, айыл чарба жана токой чарба багытындагы жерлердин продуктуулугун калыбына келтирүүгө жана жогорулатууга багытталган укуктук, уюштуруучулук, экономикалык жана башка иш-чаралардын тутумун камтыйт. Жерлерди коргоо жер участокторунун менчик ээлери жана жерди пайдалануучулар тарабынан Кыргыз Республикасынын Жер кодексинде жана Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө мыйзамдарда белгиленген ченемдерге жана талаптарга ылайык жүзөгө ашырылат.

Экинчи мааниси – жерлерди менчик катары коргоо. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 222-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, менчик ээси ага таандык мүлктү күтүү милдетин алат. Менчик катары жер участогун ушундай коргоону жер участогунун менчик ээси камсыздашы керек, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы болгондо да жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен муну менен алектенбеши керек.

## Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө

**Кайсы министрликтер мамлекеттик социалдык заказды колдонушат жана заказды ишке ашыруу үчүн финансы каражаттарын кайдан алышат?**

“Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине ылайык, мамлекеттик социалдык заказ – республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттен каржылоо менен камсыздалган, келишимдик мамилелерге негизделген, жүзөгө ашырууда юридикалык жак-

тарды жана жеке ишкерлерди тартуу жолу менен калкка социалдык кызматтарды көрсөтүүгө же башка коомдук пайдалуу максаттарга жетүүгө багытталган республикалык, тармактык, региондук же муниципалдык социалдык программалардын бөлүгүн ишке ашыруу механизми. Ал эми ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган – ыйгарым укуктарына калкка социалдык кызматтарды көрсөтүүнү же “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинде каралган чөйрөлөрдө коомдук пайдалуу башка максаттарга жетүүнү камтыган мамлекеттик орган.

“Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, Мамлекеттик социалдык заказ төмөнкүдөй чөйрөлөрдө жүзөгө ашырылат: 1) жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларын, анын ичинде турмуштук кыйын кырдаалга кабылган үй-бүлөлөрдү жана балдарды, улгайган адамдарды жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды коргоо; 2) жаштарды колдоо; 3) билим берүү жана агартуу; 4) ден соолук жана дененин саламаттыгы; 5) медициналык жардам; 6) социалдык ишкердик (коомдук пайдалуу максаттардагы ишкердик иш); 7) жакырчылыктын деңгээлин кыскартуу; 8) курчап турган чөйрөнү сактоо, анын ичинде жок болуп бараткан өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды коргоо; 9) дене тарбиясы жана ышкыбоздук спорт; 10) илим; 11) адабият; 12) көркөм өнөр; 13) маданият; 14) туризм; 15) адам укуктары, анын ичинде расалык, этностук, диний, гендердик же басмырлоонун ар кандай башка формаларын жоюу; 16) коомдук тартип жана коомдук ынтымак; 17) мигранттарга, аргасыз көчүп келгендерге жана качкындарга жардам.

Б.а., ушундай кызмат көрсөтүүлөрдү же бул чөйрөдөгү коомдук пайдалуу максаттарга жетүү боюнча ыйгарым укуктарды өзүнө камтыган министрликтерди жана ведомстволорду кошкондо, мамлекеттик органдар мамлекеттик социалдык заказды колдоно алышат.

“Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине ылайык, мамлекеттик социалдык заказды каржылоо республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген бюджеттик процесске ылайык мамлекеттик социалдык заказ программасын каржылоого республикалык бюджеттен каражат алуу үчүн жыл сайын өз суроо-талаптарын жөнөтөт. Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар үчүн мамлекеттик социалдык заказдын программасын каржылоого жыл сайын каражаттар каралат. Ушул эле берененин 6-бөлүгүнө ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик органдардын компетенциясына кирбеген социалдык көйгөйлөр боюнча жергиликтүү бюджетте мамлекеттик социалдык заказдын программасын каржылоого каражаттарды кароого жана аны “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте ишке ашырууга укуктуу.

## Социалдык заказ аркылуу юридикалык консультация үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражаттарын бөлсө болобу?

“Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджетте мамлекеттик социалдык заказдын программасын каржылоого каражаттарды кароого жана аны “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте ишке ашырууга укуктуу.

“Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, Мамлекеттик социалдык заказ төмөнкүдөй чөйрөлөрдө жүзөгө ашырылат: 1) жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларын, анын ичинде турмуштук кыйын кырдаалга кабылган үй-бүлөлөрдү жана балдарды, улгайган адамдарды жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды коргоо; 2) жаштарды колдоо; 3) билим берүү жана агартуу; 4) ден соолук жана дененин саламаттыгы; 5) медициналык жардам; 6) социалдык ишкердик (коомдук пайдалуу максаттардагы ишкердик иш); 7) жакырчылыктын деңгээлин кыскартуу; 8) курчап турган чөйрөнү сактоо, анын ичинде жок болуп бараткан өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды коргоо; 9) дене тарбиясы жана ышкыбоздук спорт; 10) илим; 11) адабият; 12) көркөм өнөр; 13) маданият; 14) туризм; 15) адам укуктары, анын ичинде расалык, этностук, диний, гендердик же басмырлоонун ар кандай башка формаларын жоюу; 16) коомдук тартип жана коомдук ынтымак; 17) мигранттарга, аргасыз көчүп келгендерге жана качкындарга жардам.

Б.а., юридикалык консультацияларды берүү мамлекеттик социалдык заказ жүзөгө ашырылган чөйрөлөргө тиешелүү эмес жана мындан улам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мындай консультациялар үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражаттарын бөлө алышпайт.

Анткен менен, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйза-

мынын 18-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, аймактын жашоо-турмушунун тутумунун иштешин жана өнүгүшүн, социалдык-экономикалык пландаштырууну уюштуруу менен калкка социалдык жана маданий кызматтарды көрсөтүүнү уюштуруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына жергиликтүү маанидеги маселе – калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү кирет.

"Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана муниципалдык мекемелердин кызмат адамдары тарабынан алардын компетенциясына кирген маселелер боюнча оозеки жана жазуу жүзүндө укуктук консультация жана түшүндүрмө түрүндө жана жарандардын кайрылууларын кароо жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте консультациялык-укуктук жардам берилет. Ошону менен бирге жергиликтүү бюджетке кошумча акча каражаттарын киргизүү талап кылынбайт. Бирок зарыл болгон жана жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрү жол берген учурларда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кошумча акча каражаттарын бюджетке киргизе алышат жана адвокаттардын жардамчылары, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар, юридикалык клиникалар жана жеке жактар менен, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүүгө келишим түзө алышат.

**Айыл өкмөтү КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинен социалдык заказга өтүнмө берип, акча каражатын алып, ушул эле акчага социалдык заказды бейөкмөт уюму аркылуу аткара алабы?**

Эгерде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, мисалы, Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин программасы программанын бир бөлүгүн ишке ашыруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүүнү караштырса, "Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги каралган каражаттарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына келишимдин негизинде берет. Мында Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги мамлекеттик социалдык заказды жүзөгө ашырууга контролдук кылуу функциясын өзүнө калтырат, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине түзүлгөн келишимдин шарттарына ылайык баяндоону жана каржылык отчетторду берүүгө милдеттүү.

"Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, мамлекеттик социалдык заказ үч формада жүзөгө ашырылат: 1) социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алуулар; 2) коомдук пайдалуу долбоорлорду мамлекеттик каржылоо; 3) социалдык талондор аркылуу социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү берүү.

"Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине ылайык, мамлекеттик социалдык заказды ишке ашырууга мамлекеттик заказчы менен келишим түзгөн юридикалык жак же жеке ишкер мамлекеттик социалдык заказды аткаруучу болуп эсептелет; мамлекеттик социалдык заказды аткаруучулардын чөйрөсү мамлекеттик социалдык заказдын түрүнө жараша айырмаланышы мүмкүн.

"Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесине ылайык, коммерциялык эмес уюмдар аталган мыйзамдын 5-беренесинде каралган чөйрөлөрдө иш жүргүзгөн, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдары менен кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөргө карата белгиленген талаптарга ылайык юридикалык жак катары социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алуулар формасында аткаруучу боло алышат (мамлекеттик заказчыга сатып алыш керек болгон жана социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү алуучуларга бериш керек болгон кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык түрлөрү белгилүү болсо).

Бирок өз ишин "Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинде каралган чөйрөлөрдө жүзөгө ашырган коммерциялык эмес уюмдар (саясий партияларды кошпогондо) аталган Мыйзамдын 25-беренесине ылайык, коомдук пайдалуу долбоорлорду мамлекеттик каржылоо формасында социалдык заказдын аткаруучусу боло алышат (жетиш керек болгон социалдык максаттар белгилүү болгон учурда жана аларга ийгиликтүү жетүү үчүн коммерциялык эмес уюмдардын натыйжалуу жана/же инновациялык идеялары менен сунуштары талап кылынса).

"Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43-беренесине ылайык, коммерциялык эмес уюмдар (саясий

партияларды кошпогондо) социалдык талондор аркылуу социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү берүү формасында социалдык заказдын аткаруучулары боло алышат (бул кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчүлөрдүн тарамы болгон учурдасоциалдык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар үчүн).



## Дем берүүчү гранттар жөнүндө (подрядчынын айынан жумуштун үзгүлтүккө учурашы)

**– 2015-жылы дем берүүчү грантка өтүнмө берип, капиталдык ремонтко акча каражатын алганбыз. Тендер өткөрүп, анда жеңүүчү деп табылган подрядчы иштей баштаган, бирок ишти аягына чыгарган эмес. Өткөрүп алуу актысына кол койгон эмеспиз, ал эми отчеттор КР Финансы министрлигине тапшырылган эмес. Эми подрядчынын айынан биз башка дем берүүчү гранттарга өтүнмө бере албай отурабыз. Эмне кылышыбыз керек?**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 Токтому менен бекитилген Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө жобонун 32-пунктуна ылайык, долбоорлорду тандоо боюнча конкурска айыл өкмөтү тарабынан берилүүчү долбоор үлүштүк (дем берүүчү) гранттын эсебинен каржылануучу бүтпөй калган долбоорлор болсо жана мурда түзүлгөн макулдашуулар боюнча аткарылбаган милдеттенмелер болсо каралбайт жана четке кагылат.

Аталган Жобонун 50-пунктуна ылайык, келишимдерди дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоо жергиликтүү бюджеттен жана башка тартылган каражаттардан төлөөлөр аяктагандан кийин транш боюнча ишке ашырылат. Биринчи транш жергиликтүү бюджеттердин өздүк акчалай салымдарынын жана тартылган каражаттардын жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын каражаттарын кошо каржылоонун эсебинен долбоорлордун жалпы суммасынын 30% өлчөмүндөгү аванс менен каржыланат.

Аталган Жобонун 51-52-пункттарына кийинки төлөмдөр жумуштарды иш жүзүндө аткаруу жөнүндө тапшырылган отчеттун негизинде жана долбоорду аяктоо жөнүндө отчет тапшырылгандан кийин каржыланат. Аталган Жобонун 54-пунктуна ылайык, долбоорду каржылоо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан грант берүүчү менен грант алуучунун ортосундагы макулдашуунун шарттары сакталбаган, каржыланган долбоор боюнча укук коргоо жана контролдоочу органдар тарабынан укук бузуулар табылган учурларда убактылуу токтотулуп турат же токтотулат. Макулдашуу боюнча, республикалык бюджеттен алган акча каражаттарын, ошондой эле өзүнүн жана тартылган каражаттарды колдонгону тууралуу отчет берүүгө милдеттүү.

Аталган Жобонун 59-пунктуна ылайык, долбоорду ишке ашырууда айыл өкмөтүнүн жоопкерчилигине подрядчы менен келишимдик мамилелерди аткаруу киргендиктен айыл өкмөтү сотко чейинки тартипте подрядчыдан ал келишимде көрсөтүлгөндөй капиталдык ремонт жасоо боюнча өзүнө алган милдеттенмелерди аткаруусун талап кылышы керек. Эгерде подрядчы ремонтту өз ыктыяры менен бүтүрбөсө, айыл өкмөтү подрядчынын келишимдик милдеттенмелерин аткартуу үчүн сотко кайрыла алат. Андан соң айыл өкмөтү долбоорду каржылоо токтодубу же убактылуу токтотулдубу – ошого жараша аталган Жобого ылайык иш жасашы керек. M

# Коомдук мониторинг: көйгөйлөр жана перспективалар

**Медетбек СУЛТАМБАЕВ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мониторинг жана баалоо боюнча адиси

2017-жылдын декабрь айынын этегинде Бишкекте жана Ысык-Көлдө эки иш-чара өттү – Бишкекте жумушчу жолугушуу жана Ысык-Көлдө форум болду. Жамааттар, бейөкмөт уюмдар жана ЖӨБ органдары менен коомдук мониторингди иш жүзүндө колдонуу жаатында топтолгон тажрыйбаны талкуулоого зарылчылык коомдук мониторинг системасынын туруктуулугун камсыз кылуу жана андан ары өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуудан улам пайда болду. Бул ошондой эле коомдук мониторинг системасын өнүктүрүүнү баамдап, айылдык аймактардын деңгээлинде коомдук мониторинг жана баалоо топторунун  өнүгүү тарыхын жалпылаштырууга байланыштуу да зарыл болду. Мониторинг жана баалоо боюнча адистер, долбоорлордун, бейөкмөт уюмдардын, БМжБ топторунун жетекчилери үчүн бай эмпирикалык материал чогулду. Бул материал туруктуу аналитикалык баалоону талап кылат.

Биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча он топтун катышуусу менен жумушчу жолугушуу Бишкек шаарында 2017-жылдын 15-декабрында өттү. Жумушчу жолугушуу БМжБ топторунун 2017-жылдагы ишинин жыйынтыгын чыгаруу, 2018-жылга пландарын аныктоо, топтун ишинин жыйынтыктары тууралуу маалыматты жайылтуунун жаңы инновациялык түрлөрүн өздөштүрүү, топтун ишин натыйжалуу уюштуруу максатын көздөдү. Жумушчу жолугушууга он пилоттук айылдык аймактан БМжБ тобунун 22 мүчөсү катышты. БМжБ тобунун бул мүчөлөрү мониторинг жана баалоого туруктуу катышып келишкен. Сурамжылоонун жыйынтыктарына караганда, 2017-жылы алар мониторингдик иш-чараларга орточо эсеп менен 4-5 жолу катышкан.

2017-жылдын 21-22-декабрь күндөрү Ысык-Көлдө форум өтүп, ага биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун мүчөлөрү, айыл өкмөтүнүн жетекчилери жана адистери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, бейөкмөт уюмдардын жана долбоордук уюмдардын өкүлдөрү катышты. Форум коомдук (биргелешкен) мониторинг жана баалоо чөйрөсүндө топтолгон тажрыйба менен бөлүшүү, ошондой эле айылдык аймактардын деңгээлинде коомдук мониторингди андан ары өнүктүрүү максатында уюштурулду.

Форумдун жүрүшүндө катышуучулар коомдук мониторингди жүргүзүү боюнча өз тажрыйбалары менен бөлүштү. Айталы, Ысык-Көлдөгү Аялдар жамаатынын ассоциациясы, Ага-Хан Фонду (MSDSPKG), Коомдук технологиялар борбору (КТБ), Ысык-Көл облусунун Ак-Чий айылдык аймагы, Ош шаарындагы “Youth of Osh” уюму, ошондой эле Чүй облусунун пилоттук айылдык аймактарынын биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун өкүлдөрү өз тажрыйбалары тууралуу айтып беришти. Форумдун катышуучуларынын тажрыйбасы Кыргызстандагы коомдук мониторингди өнүктүрүү үчүн абдан баалуу.

Бул макалада 2017-жылдын декабрында өткөн жумушчу жолугушуунун жана форумдун материалдарына жасалган анализдин жыйынтыктары жана коомдук (биргелешкен) мониторинг топторунун ишинин жыйынтыктары сунушталат. Анализ жумушчу жолугушуудагы талкуунун, сурамжылоонун жыйынтыктарына, форумдагы сунуштарга, пикирлерге, баяндамаларга, жасалган иштерге жана иш-чара бүткөндөн кийин долбоордун адистери жасаган анализге негизделет.

Коомдук (биргелешкен) мониторинг жана баа-лоо топтору аркылуу айылдык аймактардын деңгээлинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ачык-айкындуулук жана отчеттуулук системасы практикага кире баштады. Коомдук (биргелешкен) мониторинг жана баалоо топтору (мындан ары – БМжБТ) ачыктыкты жана отчеттуулукту камсыз кылуу аспабы катары өнүгүүнүн бир топ этаптарынан өттү. 2017-жылдын декабрында БМжБТ арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары жана тажрыйба алмашуу көрсөткөндөй, БМжБ тобун институционалдаштырууга учур келди.

Бирок БМжБ тобун институционалдаштыруу көйгөйүнө өткөнгө чейин адегенде БМжБТ түптөлүү жана өнүгүү этаптарын карап көрөлү. БМжБТнын өнүгүү тарыхында маанилүү учурлар бар. Бул – өз өнүгүүсүнүн түрдүү этаптарында БМжБТ көздөгөн максаттар жана аткарган тапшырмалары. Бул – айылдык аймактардын деңгээлинде БМжБТ иши үчүн механизм, функциялар, дизайны, укуктук база. Бул – “БМжБТ жамаатка жана ЖӨБОго кандай пайда алып келүүдө?” деген суроого жооп издөө.

Өлкө масштабынан алып караганда коомдук (биргелешкен) мониторингдин өнүгүү тарыхы болжол менен 2003-жылдан башталат. Ошондон баштап ушул мезгилге чейин түрдүү долбоорлор айылдык аймактардын деңгээлинде мониторингдик

иш-чараларды жүргүзүү үчүн коомдук (биргелешкен) мониторинг жана топторун киргизип, өнүктүрүп келишти. Бул топтор түрдүү максаттарды көздөп, айыл өкмөт башчыларынын буйруктары, жергиликтүү кеңештердин токтомдору менен түзүлгөн, БМжБТ боюнча документтер кабыл алынган, жергиликтүү жамааттардын Уставдарында бекитилген, коомдук (биргелешкен) мониторинг жана баалоо топторун өнүктүрүү боюнча мыйзам чыгаруу актылары кабыл алынган. Мониторингдик топтордун дизайны жана саны түрдүү муниципалитеттерде ар башка жана алдыга коюлган максаттарга жараша айырмаланып турат.

Бирок алардын бириктирип турган башкы нерсе – бул ачыктыкты, айкындуулукту, отчеттуулукту, жамаат мүчөлөрүнүн катышуусун камсыз кылуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик органдардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын жогорулатуу.

2003-2006-жылдардан берки мезгил аралыгында БМжБТ негизинен инфраструктуралык объекттерге мониторинг жүргүзүү максатын көздөгөн. Алар мектептер, ФАПтар, көпүрөлөр, суу түтүк тарамдары өңдүү объекттерге, мектептер менен бала бакчалардагы жабдууларга ж.б. мониторинг жүргүзүп келишкен. БМжБ топторун түзүүгө Айылдык инвестициялар Долбоору чоң түрткү берген. Бул Долбоор 2007-жылдын аягына чейин айылдык аймактардын деңгээлинде 458 БМжБТ түзгөн. Айылдык инвестициялар Долбоорунун алкагында ар бир айылдык аймакта БМжБТ түзүлгөн. Биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору айылдарда ашар жолу менен курулган жана ремонттолгон инфраструктуралык объекттерге мониторинг жүгүзүп келди. Ашар – жамаат мүчөлөрүнүн күчү жана каражаты менен куруу жана ремонт иштери. Адатта ашарга курулуш жана ремонт жаатында атайын билими болбогон жамааттын мүчөлөрү тартылчу. Коомдук мониторинг топтору курулуштун, ремонттун, сатып алынып жаткан жабдуулардын сапатын жакшыртууда чоң роль ойноду.

Биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору мониторинг жүргүзүү функцияларын 50% жана жумуштардын физикалык өлчөмүнүн жыйынтыкталышына мониторингди 100% ийгиликтүү аткара алышты. Бирок коомдук мониторингдин жыйынтыктары көрсөткөндөй, ашар жолу менен жасалган курулуш жана ремонт иштери түрдүү себептерден улам күтүлгөн сапатка жетүүгө жол берген эмес. Ошентип ашар жолу айылдык аймактын чегиндеги көйгөйлөрдү чечүү үчүн жамаат мүчөлөрүн кеңири тартуу аспабы катары бара-бара жоголду. Ачык-айкындуулуктун жана отчеттуулуктун аспабы катары коомдук мониторинг өзүнүн натыйжалуулугун көрсөтө алды.

Курулуш жана ремонт жумуштарынын сапатын камсыз кылуунун жаңы формаларын, ошону менен бирге коомдук мониторингдин да жаңы формаларын издөөгө зарылчылык пайда болду. Ошентип курулуш жана ремонт иштери курулуш уюмдарына тендер жолу менен бериле баштады. Ошондо БМжБ топторунун ролу андан да жогорулады. Себеби БМжБ топтору курулуш жана ремонт иштерине гана эмес, ошондой эле тендерлердин өткөрүшүнө да мониторинг жүргүзө башташты. Бул болсо БМжБТ мүчөлөрүнөн сатып алуулардын жол-жоболору боюнча билимди талап кылды. Мамлекеттик жана муниципалдык сатууларга жана сатып алууларга мониторинг жүргүзүү боюнча БМжБТ үчүн окуу китептери мезгил талабына жараша улам чыгып турат .

БМжБ топторунун иш-милдеттери да бара-бара кеңейип, ошол эле маалда татаалдаша да баштады. ЖӨБ органдарынын көпчүлүк жетекчилери коомдук (биргелешкен) мониторинг топторун түзүү зарыл экенин белгилеп жатышты. 2003-2007-жылдардагы биринчи этап коомчулукта жана ЖӨБ органдарынын жетекчилеринде биргелешкен мониторинг системасын түзүү зарыл деген аң-сезимди калыптандырды.

Экинчи этап – 2007-2011-жылдар мамлекеттик органдар мониторинг жана баалоого өзгөчө көңүл бурулган мезгил болду деп айтса болот. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө коомдук мониторинг Өкмөт аппараты жана ЖӨБЭММА тарабынан колдоого ээ болду. Өкмөт аппаратынын жана ЖӨБЭММАнын мүчөлөрү мониторинг көйгөйлөрү боюнча иш-чараларга туруктуу катышкандан тышкары, ченемдик-укуктук актыларга да колдоо көрсөтүп келишти. Коомдук мониторингдин өнүгүүсүндө жыйынтыктоочу учурлардын бири – КР Өкмөтүнүн мамлекеттик органдарды баалоо жөнүндө Токтому, баалоонун базалык көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу .

Коомдук мониторинг мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө кеңири жайылууда. Өзгөчө бул республикалык бюджетти түзүүдө байкалды. Бул бюджеттик процесстин ачык-айкындуулугуна көзөмөлдү (мониторингди) жүзөгө ашырууга калктын жана жарандык коом институттарынын коомдук катышуу зарылчылыгын өнүктүрүүгө түрткү берди. Долбоордун алкагында бюджет (угуулар жана аткаруу) боюнча 159 иш-чара өткөрүлүп, аларга 11 919 киши





катышты. Коомдук мониторингдин өнүгүүсү "жарандык бюджет" өңдүү жаңы түшүнүктүн пайда болуусуна алып келди. Долбоор жарандык бюджеттин долбоорунун инфографикасын жөнөкөй жана түшүнүктүү формада иштеп чыкты, ал учурда жамааттарда кеңири колдонулуп жатат.

Ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыз кылуучу жамааттын колундагы аспап катары коомдук мониторинг барган сайын элеттик жамааттардын назарына илинүүдө. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө мониторинг жана баалоо жүргүзүү коомдук мониторингдин багыттарынын бири боло баштады. Кызмат көрсөтүүлөргө жүргүзүлгөн мониторинг көрсөткөндөй, жамаат мүчөлөрүн инфраструктуралык көйгөйлөр гана эмес, ошол эле кезде бош убакытты өткөрүү жана жагымдуу чөйрөнү түзүү маселелери да тынчсыздандырып келет. Коомдук мониторинг жаңы моделдерге киргизилип жатат (ЖМБА) – ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту башкаруу аспабы катары жергиликтүү деңгээлде көйгөйлөрдү аныктоо жана чечүү ыкмасы колдонула баштады. Жамаат мүчөлөрү инфраструктуралык долбоорлорго караганда социалдык долбоорлорго артыкчылык бере баштаганы ЖМБА усулун жана коомдук мониторингди киргизүүнүн жыйынтыктарынын бири. Коомдук мониторинг тийгизген таасирдин жыйынтыктарын баалоо аркылуу айылдык аймактардын чегинде өнүгүүнүн жаңы артыкчылыктуу багыттарын аныктоого жардам берүүдө.

БМжБТ коомдук мониторингдин түрдүү формаларын, инструментарийлерин жана усулдарын колдоно баштаты. Коомдук (биргелешкен) мониторинг жана баалоо топторун түзүү эмес, бул топтор колдонгон усулдар алдыңкы планга чыга баштады. Алардын ичинен кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулар – бенефициарлар канчалык канааттанганын өлчөө усулдарына өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Коомдук мониторингдин методологиялык базасы да барган сайын кеңейип, жаңы усулдар сыналууда. Алар үнөмдүү, натыйжалуу, иш жүзүндө колдонгондо жөнөкөй жана алгылыктуу болгонуна карап адаптацияланып жатат. Долбоор бул маселеге чоң көңүл бурууда, себеби коомдук мониторингдин ушул тапта колдонуп жаткан усулдары бир кыйла оор жана көп эмгекти талап кылууда. БМжБ топторунда татаал, бирок натыйжалуу усулдарды пайдаланууу үчүн ресурстар дайыма эле боло бербейт.

Долбоор жамаат мүчөлөрү тарабынан коомдук мониторингди жүргүзүү үчүн алгылыктуу боло ала турган жаңы усулдарды активдүү түрдө издеп жатат. Ысык-Көлдө өткөрүлгөн форум катышуучуларга коомдук мониторингдин усулдарын пайдаланууу боюнча тажрыйба алмашуу аянтчасын түзүп берди. Форумдун алкагында сурамжылоо, акт толтуруу, байкоо жүргүзүү ж.б. өңдүү салттуу усулдар да, электрондук тиркемелер, сайттар өңдүү инновациялык усулдар да каралды. Барган сайын интернет айылдык аймактарга жеткиликтүү болуп, коомдук мониторингди жүргүзүү жана анын жыйынтыктарын кызмат көрсөтүүлөрдүн колдонуучулары арасында жайылтуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып жатат. Аспаптардын бири катары долбоор коомдук мониторинг топторуна "Вотсап", "Фейсбук" өңдүү социалдык тармактардын, түрдүү электрондук тиркемелердин мүмкүнчүлүктөрүн активдүү колдонууну сунуштап келатат.

Ушул тапта жамааттар жана долбоорлор коомдук мониторингди жүргүзүүнүн түрдүү дизайнын жана усулдарын колдонуп жатышат: кадимки текшерүү барагын толтургандан баштап сырдуу сатып алуучу өңдүү татаал усулдарга чейин колдонулуп келүүдө. Коомдук мониторинг жана баалоо сис-темасынын өнүгүүсүн чагылдырган алгачкы аналитикалык иштер пайда болууда: "Кыргызстанда азырынча мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө коомдук мониторинг жүргүзүү системасы пайда боло элек. Күнүмдүк практикада демократия азырынча башкаруу аспабына айлана элек. Бирок башка жагынан алып караганда кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын баалоодо объективдүү болууга жол ачкан стандарттар да азырынча жок" . Коомдук мониторинг мамлекеттик жана муниципалдык органдар замандын суроо-талаптарынан артта калып жатканын көрсөтүүдө. Коомдук мониторинг мамлекеттик жана муниципалдык органдарды өнүктүрүүнүн, анын ичинде кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана стандарттарын өнүктүрүүнүн катализатору катары чыгууда.

2012-2017-жылдар аралыгында коомдук мониторинг жаңы өнүгүү этабына өттү. Эми коомдук мониторингдин көңүлү башкаруу чөйрөсүнө, аны менен катар мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө да багытталды. Коомдук мониторинг усулдар колдонууда татаал болгону үчүн эмес, мониторинг жүргүзүү үчүн объекттер даяр болбогону үчүн (кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарынын жоктугу үчүн) дайыма эле пайдалана алуу мүмкүн эместигин көрсөттү. Мына ушул көйгөйгө "Ийгиликтүү аймак" долбоору көңүлүн бурду. Бул долбоор башкаруучулук чечимдер аркылуу Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу Стратегиясын жайылтып

келүүдө. Бул коомдук мониторингдик жаңы багыты – мында акча каражаттарына же объекттерге эмес, башкаруучулук өнүттөргө мониторинг жүргүзүлөт. Коомдук мониторинг сапаттуу продуктка (кызмат көрсөтүүгө) шарттарды түзүү процесстерине жана анын күтүлгөн жыйынтыктарына багытталган.

Коомдук (биргелешкен) мониторингдин өнүгүүсүнүн биринчи этабы көңүлдү инфраструктура объекттерине, аны жүргүзүүнүн жөнөкөй формаларына жана усулдарына бурган. Инфраструктуралык объекттердин ишинин физикалык көлөмүн аткарууга мониторинг жасалган. Бул жамааттын мүмкүн болушунча көбүрөөк мүчөлөрүн жергиликтүү жамааттын ресурстарын башкаруу процессине жана коомдук мониторингге тартуу боюнча алдыга коюлган максаттарга жана тапшырмаларга шайкеш келген эле.

Экинчи этап бенефициарлардын кызмат көрсөтүүлөргө болгон канааттануу деңгээлин өлчөөгө көңүл бурган. Кызмат көрсөтүүлөрдүн жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүү кызмат көрсөтүүнүн же объекттердин өзүнө мониторинг жүргүзгөнгө караганда маанилүү болгон. Коомдук мониторингдин өнүгүүсүнүн экинчи этабы мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын иштеп чыгуу зарылчылыгын пайда кылган.

Коомдук мониторингдин үчүнчү этабы көңүлдү башкаруучулук өнүттөргө, аны менен катар кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын иштеп чыгууга бурган. Ошентип коомдук мониторинг аны комплекстүү жүргүзүү деңгээлине жеткен. Бул болсо кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын даярдоо шарттарына, кызмат көрсөтүүлөр процессин иштеп чыгууга жана ага канааттануу деңгээлин даярдоого мониторинг жүргүзүү дегенди билдирет.


Жумушчу жолугушуунун жана форумдун жыйынтыктары төртүнчү этапка алып келүүдө – мында көңүл коомдук мониторингди жүргүзүү усулдарына бурулууда. Бул – коомдук мониторингди жүргүзүү усулдарын, аспаптарын өркүндөтүү, бул усулдарды баамдоо. Натыйжалуу, колдонгондо жөнөкөй жана күтүлгөн жыйынтыктарга шайкеш келе турган усулдарды иштеп чыгуу.

Коомдук мониторингдин эволюциялык өнүгүүсү объекттерге мониторинг жүргүзүү, жыйынтыктарды чогултуп, анализдөөнүн, жамааттын керектөөлөрүн аныктап, канааттануу деңгээлин өлчөөнүн жаңы усулдарын жана аспаптарын колдонуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып жатат. Сурамжылоонун жыйынтыктары БМжБ топторунун мүчөлөрүнүн аң-сезиминде эволюциялык өзгөрүүлөрдү, ошондой эле БМжБ топтору айыл өкмөт башчыларынан да, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан да көз карандысыз болуп, айылдын чогулуштарында түзүлүп, айыл жашоочуларынын алдында жооптуу болуш керектигин көрсөтүп жатат. Мындай мамиленин оң жана терс жактарына карабастан, БМжБТ айыл жашоочуларына гана көз каранды болуш керек деп топтун мүчөлөрү эсептеген учурлар болууда.

2017-жылдын декабрь айында өткөрүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча, сурамжылоого катышкан БМжБТ мүчөлөрүнүн 4,8% гана айыл өкмөт башчынын буйругу менен түзүлүп, башчы алдында гана жооптуу болуш керек деп эсептешет. Айылдык кеңештин сессияларынын токтому түзүлүп, айылдык кеңештин депутаттары алдында гана жооптуу болуш керек деп 9,5% эсептейт. Ал эми БМжБТ айылдык чогулуштарда түзүлүп жана жашоочулар алдында гана жооптуу болуш керек дегендердин саны 76,2% түзөт. Жооп бере албагандардын саны 9,5% болду. Сурамжылоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, БМжБТ мүчөлөрү айыл өкмөт башчылардан да, айылдык кеңештин депутаттарынан да көз каранды болбошу керек. Болгондо да бул жооптор (60-85%) 2015-жылдан 2017-жылга чейин биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун мүчөлөрү болгондор арасында айтылды. Бул ошондой эле БМжБТ мүчөлөрүнүн коомдук мониторингге карата мамилеси өзгөргөн көрсөткүчү болуп эсептелинет.

Бишкектеги жумушчу жолугушуунун жана Ысык-Көлдөгү форумдун жыйынтыктары төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга алып келди: коомдук монититоринг мындай өнүттөргө көңүл бурушу керек: (1) башкарууга, кызмат көрсөтүү боюнча документтерди даярдоого жана иштеп чыгууга мониторинг, (2) кызмат көрсөтүү процессине, продукттун (кызмат көрсөтүүнүн) өзүнө, анын бенефициарлардын керектөөлөрүнө жооп берге алган сапатына мониторинг жүргүзүү, (3) жамаат мүчөлөрүнүн кызмат көрсөтүү канааттануусуна жүргүзүлгөн мониторинг, (4) усулдарга сереп жасап, коомдук мониторингди жүргүзүүнүн алгылыктуу жана жөнөкөй усулдарын табуу, (5) коомдук мониторинг топторунун статусун аныктоо жана айылдык аймактын деңгээлинде коомдук мониторингди (БМжБТ) институционалдаштыруу, (6) Коомдук мониторингдин жыйынтыктарын баалоо: коомдук мониторинг ЖӨБ органынын чечим кабыл алуусуна кандай таасирин тийгизди жана бул кызмат көрсөтүүлөрдү алууга кандай таасир этти?

Коомдук мониторингдин соңку максаты – кыз-






мат көрсөтүүлөрдү алуучулардын канааттануу деңгээлин жогорулатуу. Буга болсо ЖӨБОнун ачык-айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыз кылуу жолу менен жетишилет. Бул максатка түрдүү жолдор менен жетүүгө болот. Андай жолдордун бири – кызмат көрсөтүүлөр боюнча туруктуу коомдук мониторинг жүргүзүү. Коомдук мониторинг бенефициарларга берилген кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана тийгизген таасиринин натыйжалуулугун изилдөө аспабы катары коомдук мониторингдин түрдүү циклдеринде сандык жана сапаттык маалыматты жыйноого багытталган. Мындай маалыматтарды жыйноо кызмат көрсөтүүлөр системасын өзгөртүү жана ЖӨБО тарабынан чечим кабыл алуу максатында жасалат. ЖӨБО коомдук мониторингдин жүрүшүндө чогултулган маалыматтардын негизинде чечим кабыл алып жатабы? Коомдук мониторингдин жыйынтыктарын ЖӨБО бенефициарларга тийгизген таасирдин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн эсепке алып, колдонуп жатабы?

Коомдук мониторингди өнүктүрүү жана БМжБТны институционалдаштыруу коомдук (биргелешкен) мониторинг топторунун туруктуулугун камсыз кылуунун, ЖӨБ органдарынын ачыктыгын, айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыз кылуу аспабы катары аны өнүктүрүүдө жолун улоочулук элементи катары маанилүү тапшырма болууда. Институционалдаштырууга коомдук мониторинг топтору гана эмес, ошол эле маалда ЖӨБО да кызыкдар болууга тийиш.

ЖӨБ органдары жана айыл жашоочулары өздөрү коомдук мониторинг системасын киргизгенде мындан кандай пайда болот? Коомдук мониторингди (топту) институционалдаштыруу айылдык аймактардын деңгээлинде бир нече маселелерди чечүүгө жардам берет. Биринчиси – айыл өкмөт башчылары жана депутаттар өз ишинин ачыктыгын жана отчеттуулугун камсыз кылуу үчүн кошумча адамдык ресурстарды алышат. Экинчиси – жамаат мүчөлөрүн айылдык аймактагы ресурстарды башкарууга тартуунун эсебинен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына болгон ишеним жогорулайт. Үчүнчүсү – туңгуюк абал түзүлбөй калат, себеби айылда баары бири-бирине тууга болуп кетет. Тууган адамдын ишине мониторинг жүргүзүү жергиликтүү салттарга сыйбайт. Төртүнчүсү – курулуш, ремонт жумуштарын аткарууда, эмеректерди сатып алууда, кызмат көрсөтүүдө ж.б. кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн ишине объективдүү мониторинг жана баалоо жүргүзүлөт. Бешинчиси – айыл тургундары кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматка жеткиликтүүлүккө жана аларды жакшыртуу, кеңейтүү максатында таасир тийгизе алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Алтынчысы – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жамаат мүчөлөрүн мониторингдик иш-чараларга тартууга байланышкан Өкмөттүн чечимдерин аткарышат.

Коомдук мониторинг продуктка (объектке) мониторинг жүргүзүүдөн баштап кызмат көрсөтүүнү алуучу продуктка канчалык канааттанганына жүргүзүлгөн мониторингден кызмат көрсөтүүлөрдү даярдап, иштеп чыгууга (кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын) мониторинг жүргүзгөнгө чейинки жолду басып өттү. Коомдук мониторингдин баалуулугу ушунда – кызмат көрсөтүүлөрдүн бөлүктөрүн эмес, процессти жакшыртуу аркылуу кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу жолдорун издөө. Коомдук мониторинг барган сайын айылдык аймактын жаңы чөйрөлөрүн кеңири камтый баштады. Өнүгүү программалары, биргелешкен аракеттер планы, айылдык аймактын, суу пайдалануучулардын, жайыт колдонуучулардын ж.б. өнүгүү стратегиясы коомдук мониторингдин объекттери болуп калды. Бул коомдук мониторингдин пландарында чагылдырылышы керек. Коомдук мониторингдин чөйрөсү кеңейип жатканына байланыштуу анын алгылыктуу жана жөнөкөй усулдарын издөө жөнүндө маселе актуалдуу боло баштады.

Коомдук мониторинг жамааттар үчүн ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын да, ошону менен бирге жамааттын турмуш тиричилигинин башка чөйрөлөрүн да өнүктүрүү үчүн жаңы стратегияларды ачып берүүдө. Коомдук мониторингди жүргүзүүдө кызыкдар тараптардын катышуусу меен Бишкекте өткөн жумушчу жолугушуу жана Ысык-Көлдөгү форум топтолгон тажрыйбаны жалпылаштырууга, анын Кыргызстандагы коомдук мониторинг системасын кеңири жайылтууга жана туруктуу өнүктүрүүгө көмөктөшөт.

# Кыргыз Республикасынын аймагында катуу тиричилик калдыктарын жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө тарифти эсептөө методикасы бекитилди

Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылаган, HELVETAS Swiss Intercooperation жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" Долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин Турак жай-коммуналдык чарбасын өнүктүрүү жана мониторинг жүргүзүү Башкармалыгы менен биргеликте Кыргыз Республикасынын аймагында катуу тиричилик калдыктарын жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди эсептөө методикасы даярдалды.

Методика тарифти эсептөөнүн бирдиктүү тартибин орнотуу үчүн иштелип чыкты жана адистештирилген уюмдар тарабынан КТКны жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө бирдиктүү тариф саясатын ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына колдонууга сунушталат.

Методика тарифтердин көлөмү муниципалитеттин аймагында туруктуу жана рентабелдүү кызмат көрсөтүүгө жол бергендей иштелип чыкканы анын негизги өзгөчөлүгү болуп эсептелинет. Методика Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин директорунун 2017-жылдын 15-ноябрындагы №202 Буйругу менен бекитилди.

## Кыргыз Республикасынын аймагында катуу тиричилик калдыктарын жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө тарифти эсептөө методикасы

### 1. Жалпы жоболор

Ушул Методика Кыргыз Республикасынын аймагында катуу тиричилик калдыктарын (мындан ары – КТК) жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу үчүн тарифти эсептөөнүн бирдиктүү тартибин орнотуу максатында иштелип чыкты.

Экономикалык жактан негизделген тарифтерди киргизүүнүн жана аларды түзүүнүн объективдүүлүгүн жогорулатуунун негизги максаттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- керектөөчүлөрдүн бардык категорияларынын, анын ичинде калктын кызыкчылыктарын коргоо, бааларды (тарифтердин) негизсиз көтөрүлүшүн болтурбоо;
- катуу тиричилик калдыктарын жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр рыногунун потенциалдуу катышуучулары үчүн адилеттүү атаандаштык шарттарын түзүү;
- кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн экономикалык туруктуулугу үчүн эрежелерди жана шарттарды түзүү;
- финансы каражаттарына болгон керектөөнү аныктоо, муниципалдык ишканалардын бюджетин сарамжал пландоону камсыздоо;
- катуу тиричилик калдыктарын жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүгө бааларды жөнгө салуу механизмин түзүү, анын ичинде иштин бул түрүнө келишим түзүүгө укук алууга конкурстарды өткөрүү жолу менен;
- баа жөндөгүчүн түзүү, тагыраак айтканда, тарифтердин реалдуу чыгымдардын чоңдугуна чейин көтөрүлүшү кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулашына жана аткарылган иштердин ченемдик талаптарына шайкеш келе тургандай шарттарды түзүү.

Методика адистештирилген уюмдар тарабынан КТКны жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө бирдиктүү тарифтик саясатты ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, уюштуруучулук-укуктук формасына карабастан ишканаларга жана уюмдарга сунушталат.

Уюмдаштыруучусу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары болуп саналган уюмдар үчүн ушул методика КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 "Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө Жобону бекитүү жөнүндө" Токтомунун жоболорундагы талаптарга негизделген, типтүү болуп саналат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ушул методиканын не-

гизинде КТКны жыйноо, чыгаруу жана жок кылуу боюнча кызмат көрсөтүүгө баа бычуу маселесин жөнгө салган жергиликтүү ченемдик укуктук актты кабыл алуу сунушталат.

КТКны жыйноо, чыгаруу жана жок кылуу боюнча кызмат көрсөтүүгө тарифтерди эсептөө калдыктардын топтолуу (пайда болуу) нормативдерине, рентабелдүүлүктүн чегин эсепке алуу менен адистештирилген уюмдардын иш жүзүндөгү чыгымдарына жараша жүзөгө ашырылат.

КТКны жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу үчүн тарифти жергиликтүү кеңеш бекитет жана менчиктин бардык формаларындагы кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр үчүн милдеттүү ченем катары белгиленет.

## 2. Негизги түшүнүктөр

**КТКны чыгаруу –** белгиленген убакыт ичинде калдыктарды жыйнаган жеринен чыгарууга байланышкан иш, ал өзүнө КТКны транспорт каражатына жүктөп салууга, КТКны жыйнаган жерден түшүргөн жерге чейин ордун которууга жана калдыктарды жайгаштыруу боюнча андан кийинки иштерди камсыздоо үчүн акыркы пунктуна түшүрүүгө байланышкан иш-чаралар комплексин камтыйт.

**Калькуляциялоо –** экономикалык жактан негизделген бааларды (тарифтерди) аныктоо максатында товардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) бирдигинин наркын эсептөө.

**Контейнер –** тиричилик калдыктарын жыйноо, топтоо жана убактылуу сактоо үчүн идиш – катуу, бекем, ящик тибиндеги атайын каптама, көтөрүп жүрүү, жүктөө, бекемдөө үчүн атайын ылайыкталган, айлана-чөйрөнүн факторлорунун кадыресе таасиринде ичиндегисинин сакталышын камсыздайт.

**Жыйноо жери –** КТКны контейнерлерден КТКны ташыган транспорт каражаттарына жүктөп алчу жер (контейнердик аянтча ж.б.).

**КТКнын топтолуу (пайда болуу) нормасы –** бул калктын бирдигинен белгиленген мезгил ичинде топтолгон калдыктардын саны.

**Өндүрүш калдыктары –** продукцияны өндүрүү же жумуштарды аткаруу процессинде пайда болгон материалдардын, чийки заттын, жарым-жартылай фабрикаттардын калдыктары, алар өзүнүн керектөөчүлүк касиеттерин толугу менен же жарым-жартылай жоготуп коюшкан, ошондой эле өндүрүш процессинде пайда болгон жана бул өндүрүштө колдонулбаган коштоочу заттар (бул аныктама тамак-аш калыктарына колдонулат).

**Керектөө калдыктары –** буюмдар, материалдар жана заттар (батирлердин капиталдык ремонтунан кийинки калдыктарды кошкондо), жергиликтүү жылытуучу түзүлүштөрдөн кийинки калдыктар, короону тазалаганда жерге түшкөн жалбырактар, ошондой эле физикалык же моралдык жактан эскиргендин натыйжасында керектөө касиетин жоготкон ири көлөмдүү калдыктар.

**Кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчү –** ЖӨБО же ЖӨБОдон алынган тиешелүү ыйгарым укуктарга ээ болгон уюм менен түзүлгөн келишимдин негизинде КТКны чыгаруу боюнча кызмат көрсөткөн, ар кандай уюштуруучулук-укуктук формадагы юридикалык же жеке жак.

**Кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөр –** коопту калдыктар категориясына кирбеген тиричилик жана өндүрүш калдыктарын пайда кылган ишканалар, мекемелер, чарба субъекттери, уюмдар жана калк.

**Рентабелдүүлүктүн деңгээлинин жеткен чеги –** бул ишкананын социалдык-экономикалык өнүгүү программасына жараша жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы белгилеген продукциянын (кызмат көрсөтүүнүн) рентабелдүүлүгүнүн эң жогорку пайызы.

**Пайда –** чарбалык иштин финансылык натыйжасынын жалпылоочу көрсөткүчү, ал чарбалык иштен түшкөн пайда менен ал ишке жумшалган чыгымдардын суммасынын ортосундагы айырма катары аныкталат;

**КТКны жайгаштыруу –** калдыктарды сактоо жана көмүү боюнча ар кандай операциялар.

**Полигондордун жана таштанды жаткан жерлердин күрдүүлүгүн калыбына келтирүү –** полигондор жана таштанды жаткан жерлер ээлеген жерлерди экологиялык жана экономикалык жактан калыбына келтирүү боюнча иш-чаралар комплекси.

**Рентабелдүүлүк –** чыгымдардын кайтарымынын деңгээлин жана өндүрүш процессинде, товарларды сатуудагы жана кызмат көрсөтүүдөгү каражаттарды пайдалануунун даражасын мүнөздөөчү кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчүнүн өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун көрсөткүчү;

**Адистештирилген уюмдар –** башкаруунун уюштуруучулук-укуктук формасына жана менчик формасына карабастан КТКны жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча кызматтарды көрсөткөн ишканалар жана уюмдар.

**КТКны жыйноо –** андан ары адистештирилген полигонго чыгарып кетүү үчүн белгиленген жерде КТКны чогултуу процесси.

**Адистештирилген полигон –** калдыктарды көмүү объекттери, таштанды чогулган, төгүлгөн жерлер жана КТКны жайгаштыруу, сактоо жана жок кылуу үчүн атайын жабдылган башка жерлер.

**Жумуштардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк наркы –** бул продукциянын, кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдигин өндүрүүгө жана сатып өткөрүүгө кеткен чыгымдардын суммасынын акчалай туюнтмасы.

**Тариф –** КТКны чыгаруу жана көмүү үчүн кызмат көрсөтүүнүн наркынын акчалай туюнтмасы, ал кызмат көрсөтүүнүн сапатынын стандарттарын сактаганда рентабелдүүлүктүн деңгээлинин жеткен чегин жана салыктык чегерүүлөрдү эсепке алуу менен, кызмат көрсөтүүнү өндүрүүгө кеткен чыгымдардын ордун толуктоонун талап кылынган деңгээлин камсыз кылат.

**КТКны чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүнү өндүрүүнүн технологиялык цикли –** КТКны чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча айрым операцияларды ырааттуу аткаруу үчүн этаптардын, методдордун жыйындысы.

**Катуу тиричилик калдыктары –** керектөөчүлүк касиетин жоготкон, турак жай жана коомдук имараттарда, соода, көңүл ачуучу, спорттук жана башка мекемелерде пайда болгон предметтер же товарлар (батирлердеги ремонттон кийин пайда болгон калдыктарды кошкондо), короолордон жана коомдук аймактардан чогултулган таштанды жана түшкөн жалбырактар, ошондой эле ири габариттүү калдыктар.

**Баа бычуу –** товарга же кызмат көрсөтүүгө баа орнотуу.

**Экологиялык мониторинг (айлана-чөйрөгө мониторинг) –** КТКны чыгаруу, жайгаштыруу жана жок кылуу боюнча иштен айлана-чөйрөнүн абалына байкоо салуу жана баалоо процесси. Бул процесс адамдардын ден соолугу үчүн зыяндуу же кооптуу, оор кырдаалдарды болтурбоо үчүн, ошондой эле экологиялык жактан маанилүү чечимдерди кабыл алуу үчүн зарыл.

## 3. КТКны жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу тартиби

КТКны жыйноо санитардык жана экологиялык талаптарга, ошол калктуу конуштун аймагында колдонулган эрежелерге жана ченемдерге ылайык уюштурулган атайын жабдууланган аянтчаларда жүргүзүлөт (мындан ары – КТКны жыйноо жери).

КТКны жыйноо жерлеринде орнотулган контейнерлердин саны жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бекиткен, белгиленген нормативдерге ылайык калдыктарды топтоо боюнча эсептөө жолу менен аныкталат.

КТКны адистештирилген транспорт чыгарат, ал КТКны төгүп алууга, авариялык кырдаалдарды түзүүгө, айлана-чөйрөгө, адамдардын ден соолугуна, чарба жана башка объекттерге зыян келтирүүгө жол бербейт. КТКны жыйноо жана чыгаруу талаптагыдай санитардык абалды камсыздаган жана колдонуудагы ченемдер менен эрежелерге ылайык белгиленген мезгилдүүлүк менен ишке ашат.

КТК калдыктар жайгаштырылчу адистештирилген объекттерге (полигондорго, уруксат берилген таштанды жайларына) төгүлүп, андан ары калыбына келтирилет.

## 4. КТКны жыйноону, чыгарууну жана жайгаштырууну эсепке алуу

КТКны жыйноо жана чыгаруу төм. тарабынан эсепке алынат: менчиктин бардык формаларындагы ишканалар, мекемелер жана уюмдар – өткөн жыл үчүн өндүрүштүк көрсөткүчтөрдүн түзүмүндөгү өзгөрүүлөрдү эсепке алуу менен, КТКны чыгарууга жана жайгаштырууга түзүлгөн келишимдерге ылайык; көп кабаттуу үйлөрдө жана жер тамдарда (жеке сектор) жашаган калк – келишимге ылайык же КТКны топтоонун бекитилген нормативдери боюнча.

КТКны жайгаштырууну эсепке алуу объектке (полигонго, уруксат берилген таштанды төгүлчү жерге) ташылып келген КТКнын иш жүзүндөгү көлөмү боюнча аныкталат.

## 5. КТКны жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүгө баа бычуу

КТКны жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүгө баалар (тарифтер) тармактык өзгөчөлүгүн эске алуу менен ар бир субъект үчүн өзүнчө аныкталган, экономикалык жактан негизделген чыгымдын (иш жүзүндөгү жана/же пландуу) жана пайданын өлчөмүнө жараша салык мыйзамдарында каралган салыктарга жараша түзүлөт.

Товарларга (жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө) бааларды (тарифтерди) эсептөөдө жана белгилөөдө төмөнкүдөй талаптар сакталат:

- кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчүгө ишти жүзөгө ашырганына байланышкан экономикалык жактан негизделген чыгымдардын ордун толтуруу;
- кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчүнүн экономикалык жактан негизделген пайданы алуусу.

ЖӨБ органдарына төмөнкүлөрдү эсепке алуу менен бааларды (тарифтерди) жөнгө салуунун дем берүүчү усулдарын колдонуу сунушталат:

- кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчүнү чыгашаларды кыскартууга кызыктыруу;
- кызмат көрсөтүүгө бааларды (тарифтерди) сатылган товардын (жумуштун, кызмат көрсөтүүнүн) ишенимдүүлүк деңгээлин жана сапатын эсепке алуу менен түзүү.

Баалар (тарифтер) зарыл болгон дүң түшкөн акчанын негизинде белгиленет. Ал болсо жөнгө салуунун узак мөөнөттүү мезгили ичинде жүзөгө ашырылган жылдык түзөтүүлөрдү эсепке алуу менен аныкталат жана төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

- чыгашаларды (чыгымдарды) жабат;
- инвестицияланган капиталды кайтарат;
- инвестицияланган капиталга киреше алат.

Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баа калькуляциялоо методунун негизинде түзүлөт.

Продукциянын наркын калькуляциялоо товарларды (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) даярдоого жана сатууга кеткен чыгымдардын туура чагылдыры-

лышын камсыздоо үчүн өткөн мезгилдеги колдонуудагы ченемдерге жана талдоолорго ылайык жүргүзүлөт. Калькуляциялоо методун кызмат көрсөтүүнү өндүрүүчү аныктайт жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары бекитет.

Баа үч бөлүктөн турат: продукциянын көлөмүнүн бирдигин өндүрүүгө кеткен чыгымдардын өздүк наркы, рентабелдүүлүк жана салыктарга чегерүүлөр.

**Б = Ө + Р + С**, мында:

*Б –* *продукциянын/кызмат көрсөтүүнүн баасы,*
*Ө –* *продукциянын/кызмат көрсөтүүнүн өздүк наркы,*
*Р –* *рентабелдүүлүк деңгээли боюнча кошумча наркы,*
*С –* *салыктар.*

Баа бычууга кошулган салыктардын тизмеги КР Салык кодекси менен аныкталат.

# 6. Адистештирилген уюм тарабынан КТКны жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча жумуштарды жасоого кеткен чыгымдарды аныктоо

Көрсөтүлгөн жумуштардын өздүк наркын эсептөөдө өткөн отчеттук мезгилдердеги чыгымдар жөнүндө иш жүзүндөгү маалыматтар, ишкананын техникалык-экономикалык жана финансылык көрсөткүчтөрү, уюмдун өндүрүштүк программасы жана финансылык планы колдонулат.

КТК жыйноо, чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча жумуштардын өздүк наркы төмөнкү чыгымдардан түзүлөт:

*Өж.ч. –* *КТКны жыйноо жана чыгаруу боюнча жумуштардын өздүк наркы;*
*Өжайг. –* *КТКны жайгаштыруу боюнча жумуштардын өздүк наркы.*

## 6.1. КТКны жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүгө кеткен чыгымдарды аныктоо тартиби

КТКны жыйноо жана чыгаруу боюнча жумуштардын өздүк наркы төмөнкүдөй чыгымдардан түзүлөт (Өж.ч.):

| № | Чыгымдардын курамы |
|---|---|
| 1 | Чийки заттар жана материалдар (Өч.м) |
| 2 | Социалдык камсыздандырууга чегерүүлөрдү кошкондо, айдоочулардын жана жүк ташуучулардын өндүрүштүк персоналынын эмгек акы фонду ($Ө_{эаф}$) |
| 3 | Атайын автоунаалар үчүн күйүүчү майга кеткен чыгымдар ($К_{м.к.Чыг}$) |
| 4 | Майлоочу жана башка эксплуатациялык материалдарга кеткен чыгымдар (Өмм) |
| 5 | Атайын транспорттун ремонтуна жана техникалык тейлөөсүнө кеткен чыгымдар ($Ө_{ртт}$) |
| 6 | Амортизациялык чегерүүлөр (Өа) |
| 7 | Административдик чыгашалар (Өадм.) |
| 8 | Жалпы чарбалык чыгашалар (Өж.ч.) |

### Чийки затка жана материалга кеткен чыгымдар

Материалдык чыгымдар материалдардын чыгаша нормаларына жараша эсептелинет, ал норма төмөнкү негиздер боюнча белгиленет:

- кызмат көрсөтүүнүн бул түрү боюнча аныкталган технологиялык процесс боюнча чыгашалардын нормалары;
- эгерде нормативдер болбосо, анда чыгашалар хронометраждык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча бекитилет[1].

Социалдык камсыздандырууга чегерүүлөрдү кошкондо, айдоочулардын жана жүк ташуучулардын өндүрүштүк персоналынын эмгек акы фонду (ЭАФ).

Чыгымдардын курамына кызмат көрсөтүүнү өндүрүүгө тикелей тартылган жумушчулардын (айдоочулардын, жүк ташуучулардын) гана айлык акысы кирет.

Айдоочулардын жана жүк ташуучулардын социалдык камсыздандырууга чегерүүлөрү мене кошо ЭАФ төмөнкү формула боюнча эсептелет:

**Өэаф = ∑ (ААі.а.ж x N x n) Ксоц**, мында:

*Өэаф –* *айдоочулардын жана жүк ташуучулардын өндүрүштүк персоналынын эмгек акы фонду;*
*ААі.а.ж. –* *і адистиги бар, негизги өндүрүшкө тартылган жумушчулардын айлык акысы;*
*N –* *і адистиги боюнча иштеген кызматкерлердин саны;*
*n –* *отчеттук мезгилде айлардын саны;*
*Ксоц –* *социалдык камсыздандыруунун коэффициенти, ал төм. формула боюнча эсептелинет: Ксоц = 1+С/100, мында С – социалдык камсыздандыруу жөнүндө мыйзамдар менен белгиленген социалдык камсыздандырууга чегерүүлөрдүн %.*

Ишкананын негизги жумушчуларынын жана калган кызматкерлеринин айлык акысын түзүү тартибин жумуш берүүчү – кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчү же анын уюмдаштыруучусу аныктайт. Уюмдаштыруучусу болуп жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы чыккан кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчү үчүн айлык акыны түзүү тартибин ишкананын социалдык өнөктөштүк органы – Ишканалар кеңеши, Кесиптик союз (Кесиптик кошуун) ж.б. жөнгө салат. Ишкананын жумушчуларынын эмгек акысын төлөө жөнүндө жобо Кыргыз Республикасынын эмгек акыны төлөө боюнча мыйзамдардын ченемдерине шайкеш келүүгө тийиш, ошондой эле эмгек шарттарын жана жумушчулардын айлык акысын жакшырткан принциптерди камтышы керек. Эмгек акыны төлөө шарттары жөнүндө жобо жумушчулардын өкүлчүлүктүү органы менен макулдашылып, ишкананын жетекчилиги же эгерде бул муниципалдык ишкананын Уставында көрсөтүлсө, анда муниципалдык ишкананын уюмдаштыруучусу тарабынан бекитилет.

[1] Хронометраждык изилдөө жүргүзүү тартиби 1-тиркемеде берилди.

### Айлык акыны эсептөө методу төмөнкүдөй жоболорго негизделет

Айлык акынын базалык мааниси Улуттук статистика комитетинин коммуналдык чөйрөдөгү негизги жумушчулардын тиешелүү тобу үчүн маалыматтарынын негизинде эсептелинет. Айлык акынын базалык маанисинин негизинде тарифтик разряддарга жараша негизги жумушчулардын айлык акысы эсептелинет. Бул тарифтик разряддар Улуттук статистика комитетинин 1998-жылдын 12-июнундагы № 21 токтому менен бекитилген Жумушчулардын кесиптери, кызматкерлердин орундары жана тарифтик разряддарынын жалпы республикалык классификаторуна ылайык белгиленет.

### Атайын автоунаалар үчүн күйүүчү майга кеткен чыгымдар

Технологиялык максаттагы күйүүчү май жана энергия, технологиялык максатта сарпталган күйүүчү майдын бардык түрлөрүн сатып алууга кеткен чыгымдарды көрсөтөт.

Өндүрүшкө жумшалган бир түрдүү күйүүчү май натуралай өлчөмдөрдө сактоочу кампадагы бекитилген ченемдердин чегинде орточо баа менен бааланат.

Күйүүчү майдын өндүрүштө сарпталышы анын түрүнө жана максатына карабастан шарттуу күйүүчү майга айлантып эсептөө менен бирдей өлчөмгө келтирилет.

Отчеттук мезгилде атайын автоунаалар үчүн күйүүчү майга (К.м.к.Чыг.) кеткен чыгым төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**<u>К.м.к.Чыг = К.м.сарп.өлч х К.м.баасы,</u>** мында:

*К.м.сарп.өлч – күйүүчү майды сарптоо өлчөмү, литр менен;*
*К.м.баасы – күйүүчү майдын бир литринин баасы, сом менен.*

Күйүүчү майдын чыгашасы КТКны чыгаруу боюнча жумушка кеткен күйүүчү майдын чыгашасынын жана кошумча акыны эсепке алуу менен күйүүчү майдын кошумча чыгашасынын суммасы катары аныкталат:

**<u>К.м.сарп.өч. = Чкм + Чкош,</u>** мында:

Чкм – КТКны чыгаруу боюнча жумуштарга кеткен күйүүчү майдын чыгашасы (л) атайын автоунаалар үчүн күйүүчү майдын чыгашасынын бекитилген жеке нормаларынын негизинде аныкталат. Ал эми алар болбогон учурда Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2001-жылдын 2-августундагы №243 “Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу боюнча эрежелер жана аларды эсептөө методикасы” Буйругунун негизинде аныкталат.

Отчеттук мезгилде атайын автоунаалар үчүн күйүүчү майга (К.м.к.Чыг.) кеткен чыгым төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**<u>Чкм = Нкм х Lжалпы / 100,</u>** мында:

*Нкм – атайын машинанын 100 км жүрүүгө кеткен күйүүчү майдын чыгаша нормасы, ал автоунаанын техникалык маалыматтары боюнча аныкталат,*
*Lжалпы – отчеттук мезгил үчүн атайын машинанын жалпы жүрүү узундугу, км менен;*
*100 – Нкм күйүүчү май чыгашасынын нормасы эсептелинген аралык.*
*Чкош. – кошумча акыны эсепке алуу менен күйүүчү майдын кошумча чыгашасы (л), төмөнкү формула боюнча эсептелинет:*

**<u>Чкош = ∑(Чкм х 0,01 X Di),</u>** мында:

*Di – кошумча акы же Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2001-жылдын 2-августундагы № 243 «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу боюнча эрежелер жана аларды эсептөө методикасы» Буйругунун негизинде аныкталган нормага азайышы (%).*

Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2001-жылдын 2-августундагы №243 «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу боюнча эрежелер жана аларды эсептөө методикасы» Буйругунун негизинде күйүүчү майдын чыгашасынын нормасындагы пайыздык өзгөрүүлөрдү (көбөйүшүн же азайышын) регламенттештирген түзөтүүчү коэффициенттерди ишкананын жетекчиси же ЖӨБдүн аткаруучу органы бекитет. Атайын жабдуулар болгон учурда атайын автоунаанын күйүүчү майга кеткен чыгашасы мааниге көбөйүшү мүмкүн, ал төмөнкү формула боюнча эсептелинет.

Атайын жабдуулар болгон учурда атайын автоунаанын күйүүчү майга кеткен чыгашасы мааниге көбөйүшү мүмкүн, ал төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**<u>Чжабдуу = Нжабдуу х Т,</u>** мында:

*Чжабдуу – атайын жабдуунун ишине кеткен күйүүчү майдын чыгашасынын белгиленген нормасы (л/с), ал жабдуунун техникалык паспортунун маалыматы боюнча белгиленет;*
*Нжабдуу – атайын жабдуунун ишине кеткен күйүүчү майдын чыгашасынын белгиленген нормасы (л/с), ал жабдуунун техникалык паспортунун маалыматы боюнча белгиленет. Техникалык паспорт болбогон учурда күйүүчү майдын чыгашасынын нормасы хронометраждык изилдөөнүн негизинде аныкталат;*
*Т – атайын жабдуунун иштеген убактысы, саат менен.*

### Майлоочу жана башка эксплуатациялык материалдарга чыгымдар

Майлоочу жана башка эксплуатациялык материалдарга чыгымдар атайын автоунаа үчүн белгиленген материалдын ар бир түрү боюнча нормативдик чыгашалардын негизинде аныкталат. Зарыл болгон материалдардын тизмеги жана чыгашалар-

дын нормалары техникалык паспорттун негизинде атайын автоунаанын техникалык маалыматтарына жараша аныкталат. Майлоочу материалдардын чыгашасы күйүүчү майды литр менен эсептелинген чыгашаларына жараша килограмм менен нормалары боюнча белгиленет. Майлоочу материалдарга чыгымдар төмөнкү формула боюнча аныкталат.

Майлоочу материалдарга чыгымдар төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**Өмм = (Чот х Нмм х Ккөр.Скөр.) х Бмм,** мында:

*Чот – кошумча акыны эсепке алганда негизги күйүүчү майдын чыгашасы, литр менен;*
*Нмм – майлоочу материалдардын чыгашасынын нормасы, кг/л, л/л;*
*Ккөр.Скөр. – көлөмдүк көрсөткүчтөрдү салмактык көрсөткүчкө өткөрмө коэффициенти, зарыл болгондо колдонулат;*
*Бмм – майлоочу материалдардын көлөмүнүн (салмагынын) бирдигинин чекене баасы, сом/кг, сом/л.*

## Атайын автоунаанын ремонтуна жана техникалык тейлөөсүнө кеткен чыгымдар

Атайын автоунаанын ремонтуна жана техникалык тейлөөсүнө кеткен чыгымдарга атайын автоунаалардын ремонтунун жана техникалык тейлөөсүнүн бардык түрлөрүнө кеткен чыгымдар, анын ичинде кошумча тетиктерди жана чыгымдалчу деталдарды (дөңгөлөктөр, аккумуляторлор, лампалар ж.б.) сатып алууга кеткен чыгымдар кирет. Атайын автоунаанын ремонтуна жана техникалык тейлөөсүнө кеткен чыгымдар төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**Өртт = Өэаф + Өк.т. + Өм,** мында:

*Өэаф – ремонт жасаган жумушчулардын эмгек акы фонду, сом менен (ушул бөлүмдүн 2-пунктунда көрсөтүлгөндөй аныкталат);*
*Өк.т – атайын транспорт үчүн тетиктерге кеткен чыгымдар, сом менен;*
*Өм – материалдарга кеткен чыгымдар, сом менен.*

Өк.т жана Өм атайын транспорттун жүрүүгө кеткен 1000 километрине техникалык тейлөөнүн жана ремонттун бардык түрлөрү боюнча жумуштардын бардык түрлөрүн жүзөгө ашыруу үчүн тетиктер жана материалдар боюнча чыгымдардын колдонуудагы нормативдери боюнча аныкталат:

**Өк.т = (Нк.т / 1000) х Lжалпы,** мында:

*Lжалпы – отчеттук мезгилде атайын автоунаалардын жүрүүсүнүн жалпы узундугу, км менен;*
*Нк.т – атайын автоунаанын 1000 километрге жүрүүсүнө кошумча тетиктер боюнча чыгымдардын нормативи, сом/1000 км, техникалык паспортко ылайык, автомобилге мезгилдүү техникалык текшерүү жүргүзүү боюнча талаптардын негизинде аныкталат. Кошумча тетиктерге жана материалдарга чыгашаларды уюмдун жетекчиси же уюмдаштыруучу белгилеген белгилүү мезгил үчүн иш жүзүндөгү чыгымдар боюнча орточо маалыматтардын негизинде аныктоого уруксат берилет;*
*Нз.ч. 1000 – жүрүү аралыгы, ал үчүн Нк.т нормативи аныкталган.*

Ушундай эле жол менен Өмм эсептелинет.

## Амортизациялык чегерүүлөр

Негизги каражаттардын амортизациясы алардын пайдалуу кызматы аяктаган мөөнөткө чейин системалуу негизде чегерилип турат. Амортизацияны эсептөө методу болуп, аны бирдей чегерүү эсептелинет (баасы / кызмат өтөө мөөнөтү = жылына амортизациянын суммасы). Пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтүн техниканын жана жабдуунун техникалык паспортундагы маалыматтардын негизинде, ошондой эле мүлк ээси же бул мүлктү колдонуучу аныктаган пайдалуу колдонуунун күтүлгөн мөөнөтүнө ылайык чарба жүргүзүүчү субъект өзү аныктайт. Пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтү – бул убакыт мезгили, анын аралыгында чарба жүргүзүүчү субъект тийиштүү активди колдонууну пландайт. Чарба жүргүзүүчү субъект негизги каражаттардын амортизациясын салык мыйзамдарына ылайык чегерсе болот.

Амортизациялык чегерүүлөрдү которуу жана эсепке алуу тартиби МСФО (IAS) 16-“Негизги каражаттар” стандарты менен аныкталат.

Амортизацияларды эсептөө методун тандап алууну МСФО (IAS) 16-“Негизги каражаттар” стандартында берилген сунуштардын алкагында тикелей чарба жүргүзүүчү субъект аныктайт.

КТКны чыгаруу боюнча атайын автоунаа үчүн азайып турган калдык методун колдонуу сунушталат. Амортизациянын нормасы төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**Наі = (Са / Бсі) х 100%,** мында:

*Ноі – і объектиси боюнча чегерүүлөрдүн нормасы, %, ал мүлк ээси аныктаган пайдалуу колдонуу мөөнөтүнө жараша кабыл алынат.*
*Саі – жылына і объектисинин амортизациясынын суммасы (сом менен)*
*Бсі – і объектисинин баланстык наркы (сом менен)*

і объектисинин жылдык амортизация суммасы (%) төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**Саі = С об. / Sп.д.,** мында:

*Боб – сатып алынган объекттин (мүлктүн) баасы (сом менен);*
*Sп.д. – амортизациянын пайдалуу мөөнөтү, аны мүлктүн колдонуучусу же ээси белгилейт (жылдар менен).*

Продукциянын (кызмат көрсөтүүнүн) өздүк наркына аны өндүрүү үчүн колдонулган бардык амортизацияланган объекттердин (мүлктүн) суммасы кошулат:

**Са = СУММА (Бсі х Ноі),** мында:

*Са – продукциянын (кызмат көрсөтүүнүн)*

*өздүк наркына кошуу үчүн амортизациянын суммасы*

*Бсі – і объекттин баланстык баасы (сом менен);*

*Ноі = Саі / төмөнкүдөй эсептелинет: бир жылда амортизациянын суммасы/атайын автоунаанын баасы*100. Андан соң азайган калдык методун колдонуу менен, чарба объектиси атайын автоунаанын амортизациялык эскирүүсүн жүргүзөт.*

**Ноі = (Саі /Соб) х 100**

Мисалы:

- Атайын автоунаанын баасы =3500 000 сом;
- Пайдалуу иштөө мөөнөтү = 12 жыл;
- Бир жылда амортизациянын суммасы = 3500 000 сом/12 жыл жана 291 666,67 сомго барабар;
- Ноі = 291 666,67/3500 000*100 жана 8,33% барабар.

Андан соң азайган калдык методу боюнча атайын автоунаанын амортизациясын төмөнкү таблицада көрүүгө болот*.

## Административдик чыгашалар

“Административдик чыгашалар” беренесинде ишкананын жалпы башкаруусуна байланышкан чыгымдар көрсөтүлөт. Анын ичинде: социалдык камсыздандырууга чегерүүлөр менен, башкаруучулук жана жалпы чарбалык персоналга кирген кызматкерлердин эмгек акысын төлөө.

Мамлекеттик бюджеттен каржыланган, башкаруучулук функцияларды аткарган ишканалардын жетекчилеринин жана кызматкерлеринин эмгек акысы уюмдаштыруучу тарабынан аныкталат жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 163-беренеси менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №407 “Мамлекеттик бюджеттен каржылануучу уюмдарда ишкана жетекчисине, анын орун басарларына жана башкы бухгалтерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” Жобо менен жөнгө салынат.

Башкаруучу функцияларды аткарган жана мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржыланган ишкананын жетекчисинин жана кызматкерлеринин иш сапарына кеткен чыгашалар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун негизинде аныкталат.

Башкаруунун техникалык каражаттарын, байланыш түйүндөрүн, сигнализация каражаттарын, эсептөө борборлорун жана башкаруунун өндүрүшкө тиешесиз башка техникалык каражаттарын кармоо жана тейлөө чыгымдары жеткирүүчү уюмдар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде аныкталат;

Почта, телефон жана байланыштын башка чыгашалары жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр жеткирүүчү уюмдар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде аныкталат.

Административдик кеңсени күтүү боюнча чыгашалар: кеңсе, идиш жуучу каражаттар, техникалык коопсуздук каражаттары жана башка ушул өңдүү чыгашалар өткөн мезгилдеги иш жүзүндөгү керектөөлөргө же иш жүзүндөгү чыгашаларга жараша аныкталат.

Кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо үчүн акы. Каржылоо ишкананын өзүнүн кадрларын даярдоо планынын негизинде аныкталат.

Эгерде ишканада административдик персонал ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүн башкарууну камсыздаса, анда конкреттүү кызмат көрсөтүүнүн өздүк наркына ишкананын бардык чыгашаларына салыштырма катышында административдик чыгашалар кошулат. Салыштырма салмак төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**Чсс = Чадм / С х 100,** мында:

*Чсс – чыгымдардын салыштырма салмагы, % менен,*

*Чадм – административдик чыгашалар боюнча чыгымдар, сом менен,*

*С – ишкананын (кызмат көрсөтүүнүн) бардык чыгымдарынын суммасы.*

## Жалпы чарбалык чыгашалар

| Пайдалуу иштөө мөөнөтү | Мезгил башына калдык нарк, сом менен | Бир жылда аморт. чегерүүлөрдүн % | Аморт. суммасы, жылына сом менен | Калдык нарк, сом менен |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 3 500 000,0 | 8,33% | 291 666,67 | 3 208 333,33 |
| 2 | 3 208 333,3 | 8,33% | 291 666,67 | 2 916 666,66 |
| 3 | 2 916 666,7 | 8,33% | 291 666,67 | 2 624 999,99 |
| 4 | 2 625 000,0 | 8,33% | 291 666,67 | 2 333 333,32 |
| 5 | 2 333 333,3 | 8,33% | 291 666,67 | 2 041 666,65 |
| 6 | 2 041 666,7 | 8,33% | 291 666,67 | 1 749 999,98 |
| 7 | 1 750 000,0 | 8,33% | 291 666,67 | 1 458 333,31 |
| 8 | 1 458 333,3 | 8,33% | 291 666,67 | 1 166 666,64 |
| 9 | 1 166 666,6 | 8,33% | 291 666,67 | 874 999,97 |
| 10 | 875 000,0 | 8,33% | 291 666,67 | 583 333,30 |
| 11 | 583 333,3 | 8,33% | 291 666,67 | 291 666,63 |
| 12 | 291 666,6 | 8,33% | 291 666,67 | -0,04 |
| **Баары:** | | | **3 500 000,04** | |

***Бул таблицаны 1С программасы боюнча эсеп жүргүзүү колдонулбаган ишканалардын бухгалтердик эсебинде пайдаланса болот.***

"Жалпы чарбалык чыгашалардын" курамына төмөнкүлөр кирет:

- көмөкчү жумуштар үчүн материалдар жана чийки зат: ширетүүчү материалдар, электр лампалары, атайын кийим, коргоо каражаттары ж.б. Баасы ушул методиканын 6.1.-пунктунун 1-пунктчасына окшош аныкталат;
- негизги өндүрүштүн ишин камсыздаган персоналды күтүү. Көмөкчү персоналдын курамына төмөнкүлөр кирет: электриктер, ширетүүчүлөр, усталар, кароолчулар ж.б. Эмгек акы фонду жана социалдык чегерүүлөр ушул методиканын 6.1.-пунктунун 2-пунктчасына окшош эсептелинет;
- кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчүлөр менен түзүлгөн келишимдердин негизинде эсептелинген коммуналдык чыгашалар
- көмөкчү персоналдын ишине байланышкан башка чыгашалар.

Эгерде ишканада көмөкчү персонал жумуштардын ар кандай түрлөрүн жасаса, анда конкреттүү кызмат көрсөтүүнүн өздүк наркына көмөкчү чыгашалар ишкананын бардык чыгашаларына салыштырма салмак катышында кошулат. Салыштырма салмак төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**<u>Чсс=Чкч / С x 100,</u>** мында:

*Чсс – Чыгымдардын салыштырма салмагы, % менен,*
*Чкч – көмөкчү чыгашалар боюнча чыгымдар, сом менен,*
*С – ишкананын бардык чыгымдарынын (кызмат көрсөтүүлөрдүн) суммасы.*

### КТКны жыйноо жана ташуу боюнча жумуштардын өздүк наркын эсептөө

КТКны жыйноо жана ташуу боюнча жумуштардын өздүк наркы (Өж.т) төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**<u>Өж.т = Өэаф + Өот + Өртт + Өмм + Өа + Өадм + Өж.ч</u>**

1 куб.м КТКны жыйноо жана ташуу боюнча жумуштардын өздүк наркы төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**<u>Өж.т. куб. м = Өж.т / Q,</u>** мында:

*Q – адистештирилген уюм отчеттук мезгил ичинде ташып чыгарган КТКнын көлөмү, куб.м менен.*

КТКнын көлөмү КР Мамкурулуштун буйругу менен бекитилген Калдыктарды топтоо нормасын аныктоо Тартибинин негизинде КТКнын топтолгон нормасына жараша эсептелинет.

Таштандыны топтоо нормасын белгиленген мезгил ичинде КТКнын иш жүзүндө чыгарылган көлөмүнүн негизинде эсептөөгө уруксат берилет. Эсептөө КТКны адистештирилген полигондо хронометраждын жана эсепке алуунун негизинде жүргүзүлөт.

## 7. КТКны жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүгө кеткен чыгымдарды аныктоо тартиби

КТКны жайгаштырууга кеткен жалпы тике чыгымдар төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**<u>Өтике = Өэкспл + Өрекульт + Өаморт,</u>** мында:

*Өтике – КТКны жайгаштырууга кеткен тике чыгымдар;*
*Өэкспл – полигонду эксплуатациялоого кеткен чыгымдар;*
*Өрекульт – полигонду калыбына келтирүүгө кеткен чыгымдар;*
*Өаморт – амортизациялык чегерүүлөр.*

Толук чыгымдарды түзгөн чыгымдардын көрсөткүчтөрү чыгымдардын кээде болуучу көрсөткүчтөрүнүн негизинде аныкталат, сом/куб.м.

Чыгымдардын көрсөткүчтөрү төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**<u>Ci= Өтике / Q,</u>** мында:

*Ci – чыгымдардын көрсөткүчү, сом/куб. м;*
*Өтике – КТКны жайгаштырууга тике чыгымдар, сом/жылына;*
*Q – отчеттук мезгил ичинде адистештирилген уюм чыгарган калдыктардын жылдык түшүүсү, куб.м/жылына.*

## 8. Полигонду эксплуатациялоого кеткен чыгымдарды эсептөө

Полигонду эксплуатациялоого кеткен чыгымдар болуп төмөнкүлөр эсептелет: калдыктарды кабыл алуу жана кампаларга сактоо; орто аралыкта изоляциялоо жана убактылуу жолдордун түзүлүшү; өндүрүштүк багыттагы имараттарды жана курулмаларды тейлөө; компоненттердин экологиялык коопсуздугун камсыздоо боюнча иш-чаралар (киргенин контролдоо, таштанды ташуучу машинелердин дөңгөлөктөрүн дезинфекциялоо, үстүнө агып чыккан сууларды чогултуу, фильтрди жыйноо, буруу жана тазалоо, экологиялык мониторинг жүргүзүү, экологиялык паспортту иштеп чыгуу, зонаны санитардык жактан коргоону уюштуруу ж.б.).

Эксплуатациялык чыгымдар төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**<u>Өэкспл = Чк.кс + Чо.ж. + Чи.к. + Чэ.к,</u>** мында:

*Өэкспл – эксплуатациялык чыгымдар;*
*Чк.кс – калдыктарды кабыл алуу жана кампаларга сактоого кеткен чыгымдар;*
*Чо.ж – орто аралыкта изоляциялоо жана убактылуу жолдордун түзүлүшүнө кеткен чыгымдар;*
*Чи.к – өндүрүштүк багыттагы имараттарды жана курулмаларды тейлөөгө кеткен чыгымдар;*
*Чэ.к – полигондун экологиялык коопсуздугуна кеткен чыгымдар.*

### КТКны кабыл алууга жана кампаларга сактоого кеткен чыгымдар

КТКны кабыл алуу жана кампаларга сактоо үч этап менен жүзөгө ашат: КТК жүктөлгөн таштанды ташуучу машинелерди жумушчу картага жылдыруу (Пп.о); КТКны алдын ала туташ эмес тыгыздоо менен пландоо (Ппт); КТКны биротоло тыгыздоо (То).

КТКны кабыл алууга жана капмаларга сактоого кеткен салыштырма чыгымдар:

**Чк.кс = (Пп.о + Пп.т+ То) / 100.**

КТКны жүктөгөн жерден кампага сактаган жерге чейин жеткирүүгө кеткен чыгымдар, сом/куб.м, төмөнкүдөй формула боюнча аныкталат:

**Пп.о = Нп х Нб,** мында:

*Нп – 100 куб.м керектүү аралыкка жеткирүүгө кеткен убакыттын нормасы, саат менен. Атайын техниканын техникалык паспортунун маалыматтарынын негизинде аныкталат. Убакыт нормасын хронометраждын негизинде аныктоого уруксат берилет.*

*Нб – бульдозердин иштеген саатынын өздүк наркынын нормасы, сом/саат. Ушул методиканын 6-пунктуна окшош аныкталат.*

КТКны алдын ала туташ эмес тыгыздоо менен пландоого кеткен чыгымдар төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**Пп.т= Нр х Нб,** мында:

*Нр – бульдозердин КТКнын 100 куб. м теңдештирүүгө кеткен убакыт нормасы, саат менен. Атайын техниканын техникалык паспортунун маалыматтарынын негизинде аныкталат. Убакыт нормасын хронометраждын негизинде аныктоого уруксат берилет.*

*Нб – бульдозердин иштеген бир саатынын өздүк наркынын нормасы, сом/саат. Ушул методиканын 6-пунктуна окшош аныкталат.*

Бульдозердин КТКны биротоло тыгыздоого кеткен чыгым төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**То = Нтыг х Нб,** мында:

*Нтыг – 100 куб.м калдыкты тыгыздоого кеткен убакыттын нормасы, саат менен. Атайын техниканын техникалык паспортунун маалыматтарынын негизинде аныкталат. Убакыт нормасын хронометраждын негизинде аныктоого уруксат берилет.*

*Нб – бульдозердин иштеген бир саатынын өздүк наркынын нормасы, сом/саат. Ушул методиканын 6.1-пунктуна окшош аныкталат.*

### Орто аралыкта изоляциялоо жана убактылуу жолдордун түзүлүшүнө кеткен чыгымдар

Орто аралыкта изоляциялоо жана убактылуу жолдордун түзүлүшүнө кеткен чыгымдар төмөнкүлөр:

Грунтту иштетүүгө жана ордун котоорууга кеткен чыгымдар (Өг.и).

Эгерде грунт өз күчү менен иштетилсе, 100 куб.м грунтту иштетүүгө жана ордун котоорууга кеткен чыгымдар төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**Өг.и = Нг.и х Нөн,** мында:

*Нг.и – грунтту иштетүүгө жана ордун котоорууга кеткен убакыттын нормасы, саат менен. Атайын техниканын техникалык паспортунун маалыматтарынын негизинде аныкталат. Убакыт нормасын хронометраждын негизинде аныктоого уруксат берилет;*

*Нөн – бульдозердин иштеген саатынын өздүк наркынын нормасы, сом/саат. Ушул методиканын 6.1-пунктуна окшош аныкталат.*

Эгерде грунтту иштетүү полигондун тышында жүргүзүлүп жатса, өздүк наркта грунтту самосвал менен ташууга кеткен чыгымдар эсепке алынат. Эгерде грунт сатып алынса, өздүк наркта грунтту сатып алуунун баасы жана грунтту самосвал менен ташууга кеткен чыгым эсепке алынат.

Грунтту тегиздөөгө кеткен чыгымдар (Өтег):

**Өтег = Нг.т х Нб,** мында:

*Нг.т – 100 куб.м грунтту бульдозер менен тегиздөөгө кеткен убакыттын нормасы, саат менен (жог. караңыз);*

*Нб – бульдозердин иштеген бир саатынын өздүк наркынын нормасы, сом/саат (жог. караңыз).*

Убактылуу жолдордун түзүлүшүнө кеткен чыгымдар:

**Өпл = Нпл х Нб,** мында:

*Нпл – 100 куб.м калдыкты пландоо үчүн убакыт нормасы, саат менен (жог. караңыз);*

*Нб – бульдозердин иштеген бир саатынын өздүк наркынын нормасы, сом/саат (жог. караңыз).*

Жол плиталарын төшөөгө (котоорууга) кеткен чыгымдардын жалпы формуласы:

**Өжол = Нжол х Нкр,** мында:

*Нжол – 00 чарчы метр темир-бетон плитаны төшөөгө кеткен убакыттын нормасы, саат менен (жог. караңыз);*

*Нкр – автокрандын иштеген саатынын өздүк наркынын нормасы, сом/саат (жог. караңыз).*

Конкреттүү полигон үчүн Өжол эсептөө полигонду эксплуатациялоо шарттарын эсепке алуу менен жүргүзүлөт. Механизмдерди колдонбостон иштеген жумушчулардын 100 чарчы метр темир-бетон плитасын төшөгөн (которгон) иши үчүн эмгек акы фонду (Өжум) төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**Өжум. = Ужум х ЭАФжум,** мында:

*Ужум – механизмдерди (автокранга кошумча) колдонбостон иштеген жумушчулардын убакыт нормасы, саат менен;*

*ЭАФжум – механизмдерди колдонбостон иштеген жумушчулардын бир сааттык эмгек акы фонду, сом/саат, ушул методиканын 6.1-пунктунун 2-пунктчасына окшош эсептелинет.*

## Өндүрүштүк багыттагы имараттарды жана курулмаларды тейлөөгө кеткен чыгымдар

Өндүрүштүк багыттагы имараттарга жана курулмаларга төмөнкүлөр кирет: өндүрүш корпусу, радиометрикалык контроль пункту менен биргеликте контролдук-өткөрмө пункту, трансформатордук көмөк чордон, гараж жана машинелерди жана механизмдерди токтотуу жана оңдоо үчүн бастырмасы бар аянт, күйүүчү-майлоочу материалдар сакталчу кампа, энергия ресурстарын, материалдарды, чарба инвентарларын сактоо үчүн кампа, өрткө каршы резервуар ж.б.

Имараттарды жана курулмаларды тейлөөгө кеткен жылдык чыгымдарга күнүмдүк ремонтко (Чкр) жана капиталдык ремонтко (Чкапр) кеткен чыгымдар кирет.

Күнүмдүк ремонтко кеткен чыгымдар төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**Чкр = СУММА (Сз.сi х Нк.рi)/Q,** мында:

*Сз.сi –* *i объекттин баланстык баасы, сом менен;*
*Нк.рi –* *i объекттин баланстык баасына күнүмдүк ремонтко чегерүүлөрдүн пайызы. Бухгалтердик эсептин алкагында аныкталат;*
*Q –* *полигонго жеткирилген калдыктардын жылдык көлөмү, куб.м/жыл.*

Капиталдык ремонтко кеткен чыгымдар төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**Чкапр = СУММА (Сз.сi х Нкап.рi)/Qж, i=1,** мында:

*Нкап.рi – i объекттин баланстык баасына капиталдык ремонтко чегерүүлөрдүн пайызы.*

## Полигондун экологиялык коопсуздугун камсыз кылууга кеткен чыгымдар

Полигондун экологиялык коопсуздугун камсыз кылууга кеткен чыгымдарга төмөнкүлөр кирет:

- дөңгөлөктөрдү дезинфекциялоого кеткен чыгымдар;
- киргенин контролдоого кеткен чыгымдар;
- үстүнө агып чыккан сууларды чогултууга, фильтратка, бурууга жана аларды тазалоого кеткен чыгымдар;
- экологиялык мониторинг жүргүзүүгө кеткен чыгымдар.

Дөңгөлөктөрдү дезинфекциялоого кеткен чыгымдар төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**Чд = Мд. р х Бд.э,** мында:

*Чд –* *таштанды ташуучу машинелердин дөңгөлөктөрүн дезинфекциялоого кеткен чыгымдар (сом/жыл);*
*Мд.р. –* *дезинфециялоочу эритмеге кеткен жылдык чыгаша, кг/жыл. Дезинфекциялоо боюнча технологиялык процесстин картасынын негизинде эсептелинет. Хронометраж методун колдонууга уруксат берилет.*
*Бд.э –* *үч пайыздык эритмени даярдоону эсепке алуу менен, дезинфекциялоочу эритменин баасы, сом/кг.*

Таштанды ташуучу машинелердин дөңгөлөктөрүн дезинфекциялоого кеткен салыштырма чыгымдар төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**Чс.д = Чд / Q.**

Киргенин контролдоого кеткен чыгымдар, сом/куб.м, төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**Чкир.к = (Эс.жум х Ужум.жыл) + Аж.кир.к / Ож,**
мында:

*Ужум.с –* *жумушчунун бир сааттык эмгек акы фонду, сом/саат;*
*Ужум.жыл –* *жумуш убактысынын жылдык балансы, саат/жыл;*
*Аж.кир.к –* *жабдуу боюнча амортизациялык чегерүүлөр (радиацияны эсептегичтер, тараза ж.б.).*

Кайрадан долбоорлонуп жаткан полигондор үчүн үстүнө агып чыккан сууларды чогултуу, фильтрат системасынын түзүлүшүнө кеткен чыгымдар капиталдык чыгымдардын курамына кирет.

Кайрадан долбоорлонгон жана калыбына келтирилип жаткан полигондордун экологиялык коопсуздугун камсыз кылууга кеткен чыгымдар негизги каражаттардын баасын көбөйтөт жана андан ары бул чыгымдар амортизациялык чегерүүлөр түрүндө эсепке алынат.

Калыбына келтирилип жаткан полигондор үчүн мындай системанын түзүлүшүнө кеткен салыштырма чыгымдар төмөнкү формула боюнча полигонду калыбына келтирүү долбоору менен аныкталат:

**Driving Ччог = (Ачог.с + Эчог.с) / Ож,** мында:

*Driving*

*Ччог –* *үстүнө агып чыккан сууларды чогултууга, фильтратка, бурууга жана тазалоого кеткен салыштырма эксплуатациялык чыгымдар, сом/куб.м;*
*Ачог.с –* *үстүнө агып чыккан сууларды чогултуу, фильтратты жыйноо, буруу жана тазалоо системасына амортизациялык чегерүүлөр, сом/жыл;*
*Эчог.с –* *үстүнө агып чыккан сууларды чогултуу, фильтратты жыйноо, буруу жана тазалоо системасын күтүүгө кеткен жылдык эксплуатациялык чыгымдар;*
*Ччог жана Ачог.с – көрсөткүчтөрү жыйынтыкталган сметалык эсеп же баланстык баа боюнча аныкталат.*

КТКнын 1 куб.м эсептелинген Эчог.с. көрсөткүчү төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**Эчог.с = ЭА + Бм + Чк.рем,** мында:

*ЭА –* *курулмаларды эксплуатациялоо боюнча жумушчулардын эмгек акы фонду, сом менен:*

**ЭА = Эжум.с х Ужум.жыл;**

*Бм –* *жумушчулардын эмгек акы фондунан чегерүүлөр менен материалдардын баасы (Х%);*
*Чк.рем –* *үстүнө агып чыккан сууларды чогултуу, фильтратты жыйноо, буруу жана тазалоо боюнча курулмалардын капиталдык ремонтуна жана күнүмдүк ремонтуна кеткен чыгымдар (өндүрүштүк багыт-*

*тагы имараттарды жана курулмаларды тейлөөгө кеткен чыгымдарга окшош аныкталат).*

Экологиялык мониторинг жүргүзүүгө кеткен салыштырма чыгымдар лабораториялардын жабдууларына амортизациялык чегерүүлөрдөн жана эксплуатациялык чыгымдардан түзүлөт:

**Чэ.м = Амо+ Э,** мында:

*Чэ.м – экологиялык мониторинг жүргүзүүгө кеткен чыгымдар, сом менен;*
*Амо – мониторингге амортизациялык чегерүүлөр, сом/куб.м;*
*Э – салыштырма эксплуатациялык чыгымдар, сом/куб.м*

Амортизацияны эсепке албастан

**Чэ.м = Э.**

Амортизациялык чегерүүлөрдү эсептөө 6.1-пунктунда көрсөтүлдү.

Салыштырма эксплуатациялык чыгымдар, сом/куб.м, төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**Э = Эжыл / Ож,** мында:

Эжыл – лаборатория кызматкерлеринин эмгек акысынын суммасы жана материалдардын баасы катары аныкталган жылдык эксплуатациялык чыгымдар, сом/жыл:

**Эжыл = Чайлык + См.**

Полигонго караштуу лабораториялар болбогон учурда жылдык эксплуатациялык чыгымдар аккредитацияланган лабораториялардын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн акынын жылдык көлөмүнө барабар болуп кабыл алынат. Экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга салыштырма чыгымдар (амортизациялык чегерүүлөр жок) 9.1-пунктунда берилген формула боюнча эсептелинген көрсөткүчтөрдүн суммасы катары аныкталат:

**Чэ.к = Чсал.д + Чкир.к + Ччог + Чэ.м.**

# 9. Калыбына келтирүүгө кеткен чыгымдар

## 9.1. Калыбына келтирүүгө кеткен салыштырма чыгымдар

Калыбына келтирүүгө кеткен салыштырма төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**Чрек = Чтех.эт + Чб.эт,** мында:

*Чтех.эт – калыбына келтирүүнүн техникалык этабына кеткен салыштырма чыгымдар;*
*Чб.эт – калыбына келтирүүнүн биологиялык этабына кеткен салыштырма чыгымдар.*

Техникалык этап өзүнө таштанды жайынын абалын жана анын айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин, андан ары максаттуу колдонулушуна даярдыкты камтыйт. Уруксат берилбеген таштанды жайлары үчүн даярдык көрүү иштеринин көлөмү көбүрөөк болот.

Биологиялык этап өзүнө бузулган жерлерди калыбына келтирүүгө багытталган агротехникалык жана фитомелиорациялык иш-чаралар комплексин камтыйт.

### Калыбына келтирүүнүн техникалык этабы

Калыбына келтирүүнүн техникалык этабына полигондун дегазациялоо менен көп функционалдуу калка түзүлүшү кирет.

Калыбына келтирүүнүн техникалык этабына салыштырма чыгымдар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- грунтту (кум-гравий аралашмасы, оор топурактар) иштетүүгө жана жүктөөгө кеткен чыгымдар:

**Сг.и.ж = Нг.и.ж х Нэк,** мында:

*Нг.и.ж – 100 куб.м грунтту (кум-гравий аралашмасы, оор топурактар) иштетүүгө жана жүктөөгө кеткен убакыттын нормасы (8-пунктту караңыз).*
*Нэк – экскаватордун иштөө саатынын нормативдик өздүк наркы (8-пунктту караңыз).*

- Грунтту самосвал менен ташууга кеткен чыгымдар, сом менен:

**Өташуу = Нгр.т. х Нс. х 100 х р,** мында:

*Нгр.т. – жүктөө-түшүрүүнү кошкондо, грунтту (кум-гравий аралашмасы, оор топурактар) ташууга кеткен убакыттын нормасы, саат/тонна. (8-пунктту караңыз).*
*Нө. – самосвалдын иштөө саатынын нормативдик өздүк наркы, сом/саат, (8-пунктту караңыз).*
*р – грунттун тыгыздыгы, т/куб.м.*

- 100 куб.м грунтту (кум-гравий аралашмасы, оор топурактар) бульдозер менен тегиздөөгө кеткен чыгымдар, сом менен,

**Сг.тег = Нг.тег х Нб,** мында:

*Нг.тег – 100 куб.м грунтту (кум-гравий аралашмасы, оор топурактар) тегиздөөгө кеткен убакыттын нормасы, саат менен, (8-пунктту караңыз).*
*Нб – бульдозердин иштөө саатынын нормативдик өздүк наркы, сом/саат, (8-пунктту караңыз).*

- 100 куб.м грунтту (кум-гравий аралашмасы, оор топурактар) бульдозер менен калыңдатууга кеткен чыгымдар, сом менен

**Скал = Нкал х Нб,** мында:

*Н – грунтту (кум-гравий аралашмасы, оор топурактар) тегиздөөгө кеткен убакыттын нормасы, саат менен.*

Ошентип, грунтту төшөөгө кеткен чыгым төмөнкүчө түзүлөт:

а) эгерде грунт (кум-гравий аралашмасы, оор топурактар) өз күчү менен иштетилсе, бир катмарын (Ркатмар) төшөөгө кеткен салыштырма чыгымдар төмөнкү формула боюнча эсептелинет (сом/грунттун куб.м),

**Өкатмар = (Өг.и.т. + Өташуу + Өг.и. + Өкал) /100;**

б) эгерде материал (кум-гравий аралашмасы, оор топурактар) сатып алынса, бир катмарын төшөөгө кеткен салыштырма чыгымдар төмөнкү формула боюнча эсептелинет, сом/куб. м,

**Өкатмар = (Өташуу + Рг.р. + Бп + Өкал) / 100,** мында:

*Бп –* *материалдын 100 куб метрине болгон баа, сом менен.*

1 куб.м адепки калдыкка кайра эсептегенде бир катмарын төшөөгө кеткен чыгымдар, сом/куб. м,

**Чкатмар = Өкатмар / Кз,** мында:

*Кз –* *1 куб.м калдыкка өтмө коэффициент.*

Дренаж трубаларын төшөөгө кеткен чыгымдар төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**Чдр.тр = (Өдр.тр + Өжет + Өтөш) / Q,** мында:

*Өтр –* *дренаж трубаларынын баасы;*
*Өжет –* *жеткирүүгө кеткен чыгымдар;*
*Өтөш –* *төшөөгө кеткен чыгымдар;*
*Q –* *жабылгандан кийин полигондун толук сыйымдуулугу, куб. м.*

Төшөөгө кеткен чыгымдар жумушчулардын эмгек акы фонду катары аныкталат:

**Өтөш = Ужум х Нжум,** мында:

*Ужум –* *механизмдерди колдонбостон асбест-цемент трубаларын төшөөгө кеткен жумушчулардын убактысынын нормасы, саат менен;*
*Нжум –* *механизмдерди колдонбостон жумушчулардын бир сааттык эмгек акы фонду, сом/саат.*

Кайрадан долбоорлонгон полигондорду “активдүү” дегазациялоого кеткен чыгымдар (скважиналар, газ түтүктөрү, газ тазалоочу жана технологиялык жабдуулар системасынын түзүлүшү) капиталдык чыгымдардын курамына кирет.

Калыбына келтирилип жаткан полигондор үчүн:

**Чгаз = [(Агаз+Эгаз)хТ] / Q,** мында:

*Агаз –* *биогазды жыйноо жана жок кылуу системасына амортизациялык чегерүүлөр, сом/жыл;*
*Эгаз –* *биогазды жыйноо жана жок кылуу системасын күтүүгө кеткен жылдык эксплуатациялык чыгымдар, сом/жыл;*
*Т –* *полигонду эксплуатациялагандан кийинки убакыт, жыл менен;*
*Q –* *полигон жабылгандан кийин анын толук сыйымдуулугу, куб.м менен.*

Кайра калыбына келтирүүнүн техникалык этабына кеткен кошунду салыштырма чыгымдары төмөнкүчө аныкталат:

“Пассивдүү” дегазациялоодо:

**Чтр.эт= Чдрен. катмар + Чдр.тр+ ЧЗгид.катмар,** мында:

*Чдрен.катмар – кум-гравий аралашмасынан дренаж катмарынын түзүлүшүнө кеткен чыгымдар, сом/куб. м;*
*Чдр.тр – дренаж трубаларын төшөөгө кеткен чыгымдар, сом/куб. м;*
*Чгид.катмар – гидроизоляциялаган катмардын түзүлүшүнө кеткен чыгымдар, сом/куб. м.*

“Активдүү” дегазациялоодо:

**Чтр.эт= Чдрен. катмар + Чгид.катмар + Чгаз,** мында:

*Чгаз – биогазды жыйноо жана жок кылуу системасынын түзүлүшүнө кеткен чыгымдар.*

## 10. Полигонду биологиялык калыбына келтирүү боюнча операцияларга кеткен чыгымдар

Полигонду биологиялык калыбына келтирүү боюнча операцияларга кеткен чыгымдар топурактын өсүмдүк катмарын калыбына келтирүүгө кеткен чыгымдардан турат, грунттун 100 куб.м өсүмдүк катмарына эсептелип чыгарылат жана төмөнкү чыгымдардан турат:

Өсүмдүк катмардагы грунтту самосвал менен ташууга кеткен чыгымдар, сом/100 куб. м,

**Өташуу. = Нгр.т. х Нө. х 100 х р.,** мында:

*Нгр.т. –* *жүктөө-түшүрүүнү кошкондо, грунтту ташууга кеткен убакыттын нормасы, саат/тонна;*
*Нө. –* *самосвалдын бир сааттык ишинин нормативдик өздүк наркы, сом/саат;*
*р. –* *грунттун тыгыздыгы, тонна/куб. м (физикалык мүнөздөмү).*

Өсүмдүк катмардагы грунтту тегиздөөгө кеткен чыгымдар, сом/100 куб.м:

**Ртег= Нтег х Нб,** мында:

*Нтег –* *грунттун 100 куб.м тегиздөөгө кеткен убакыттын нормасы, саат менен;*
*Нб –* *бульдозердин иштөө саатынын нормативдик өздүк наркы, сом/саат.*

333 чарчы метр аянтта минералдык жана органикалык жер семирткичтерди чачууга кеткен чыгымдар (грунттун 100 куб.м 0,3 метрге чейин катмар менен тегиздөөдө өсүмдүк катмарынын аянтчы төм. болот: 100 куб.м/0,3 = 333 чарчы метр)

**Өж.сем = Нж.сем х Фж.сем СУММА (Нуіх Чж.сем. сат.і.) х 3,33,** мында:

*Нж.сем –* *100 чарчы метр/саат аянтка жер семирткич чачууга кеткен убакыттын нормасы;*
*Фж.сем –* *жер семирткич чачуу боюнча жумуштардын саатына баасы, сом/саат;*
*Нуі –* *і түрүндөгү жер семирткичтерди 100 чарчы м/т чачуунун нормасы;*
*Чж.сем.сат. і - і түрүндөгү жер семирткичтин бир тоннасын сатып алууга кеткен чыгымдар, сом/тонна.*

3,33 чарчы метр аянтта грунттун өсүмдүк катмарын өстүрүүгө жана трактор менен малалоого кеткен чыгымдар:

**Рө.м. = Нө.м. х Нт х 3,33,** мында:

*Нө.м. –* *100 чарчы метр аянтта грунтту өстүрүүгө жана малалоого кеткен убакыттын нормасы;*

*Нт – тракторрдун бир сааттык ишинин нормативдик өздүк наркы, сом/саат.*

333 чарчы метр аянтта айдоо алдында грунттун өсүмдүк катмарын трактор менен тоголотууга кеткен чыгымдар:

**<u>Өа.а = На.а х Нт х 3,33,</u>** мында:

*На.а. – 100 чарчы метр аянтта айдоо алдында грунтту тоголотууга кеткен убакыттын нормасы;*

*Нт – трактордун бир сааттык ишинин нормативдик өздүк наркы, сом/саат.*

333 чарчы метр аянтта чөп айдоого кеткен чыгымдар:

**<u>Өайдоо = Найдоо х Файдоо х СУММА (Нсіх(Зпі + Ча.алд.і.)] х 3,33,</u>** мында:

*Найдоо – 100 чарчы метр аянтта чөп айдоого кеткен убакыттын нормасы, саат менен;*

*Файдоо – чөп айдоо боюнча жумуштардын бир сааттык баасы, сом/саат;*

*Нсі – 100 т/чарчы м аянтка үрөндүн і түрүн себүү нормасы;*

*Чі.сат – і түрүндөгү үрөндүн бир тоннасын сатып алууга кеткен чыгымдар, сом/тонна;*

*Ча.алд.і. – і түрүндөгү үрөндүн бир тоннасын айдоо алдында даярдоого кеткен чыгымдар, сом/тонна.*

Жалпысынан өсүмдүк катмарын калыбына келтирүүгө салыштырма чыгымдар өсүмдүк грунтунун 1 куб.м катмарына кайра эсептөө төм. формула боюнча аныкталат:

**<u>Чөсүм.кат = (Ртр + Ртегиз + Рж.сем + Рө.м. + Ра.а + Райдоо + Өсат) / 100,</u>** мында:

*Өсат – өсүмдүк грунтунун 100 кум.м сатып алуунун баасы.*

1 куб.м адепки калдыктарга кайра саноодо полигондун биологиялык калыбына келтирүү боюнча операцияларга кеткен салыштырма чыгымдар (биологиялык калыбына келтирүү боюнча жумуштарды системалуу жүргүзүүнү эсепке алуу менен) төм. формула боюнча эсептелинет:

**<u>Чб.рек = Чөс.катмары / Ккатышы,</u>** мында:

Ккатышы – адепки калдыктардын көлөмүнүн грунттун өсүмдүк катмарынын 1 куб.метрине карата катышы.

### Амортизациялык чегерүүлөр

Имараттар, курулмалар жана жабдуулар боюнча амортизациялык чегерүүлөрдү эсептөө, сом/куб, төм. формула боюнча жүргүзүлөт:

**<u>Өамор = СУММА (Бсі х Ноі) / Ож,</u>** мында:

*Бсі – і объекттин баланстык баасы, сом менен;*

*Ноі – і объект боюнча чегерүүлөрдүн нормасы, % менен;*

*Ож – полигонго алып келинген калдыктардын жылдык көлөмү, м/жыл.*

Машиналар боюнча амортизациялык чегерүүлөрдү эсептөө ушундай эле жүргүзүлөт. Айлана-чөйрөнү контролдоо боюнча приборлорго кеткен салыштырма амортизациялык чыгымдар (мониторинг):

**<u>Амо = (Бпр. х Нч) / В,</u>** мында:

*Амо – мониторинг жүргүзүүгө амортизациялык чегерүүлөр, сом/куб.м;*

*Бпр – приборлордун баасы, сом менен;*

*Нч – чегерүүлөрдүн нормасы, % менен;*

*В – полигондун пайдалуу сыйымдуулугу, куб.м менен.*

Импорттук техникага жана ата мекендик техниканын жаңы түрлөрүнө амортизациялык чегерүүлөрдү эсептөө ата мекендик ушул өңдүү машиналар жана механизмдер үчүн кабыл алынган нормаларга ылайык, жылдык амортизациялык чегерүүлөрдүн пайызын аныктоо аркылуу жүргүзүлөт.

## 11. Полигондо КТКнын бир куб метрин жайгаштырууга бааны эсептөө

Полигондо 1 куб.м калдыкты жайгаштыруунун баасы 1 куб.м калдыкты жайгаштырууга тике чыгымдардын суммасы (Стике) жана коштомо чыгымдардын суммасы катары эсептелинет:

**<u>Скуб.жайг = Стике + С' + Скошт,</u>** мында:

*Стике – полигондо 1 куб.м калдыкты жайгаштырууга тике чыгымдар, сом менен;*

*С' – 1 куб.м жайгаштырууга кеткен башка салыштырма чыгымдар, аларга төм. кирет:*

- *полигондо жумуштарды аткарууда колдонулган жана тике чыгымдарды (Стике) эсептөөдө эске алынбаган зарыл материалдарды сатып алууга кеткен чыгымдар;*
- *технологиялык максаттарда чыгымдалган сууга жана бардык түрүндөгү энергияга кеткен чыгымдар;*
- *Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык аныкталган башка чыгымдар;*

*Скошт – КТКнын 1 куб.м жайгаштыруу үчүн коштомо чыгымдар, алар жалпы чарбалык жана жалпы өндүрүштүк чыгымдардар түзүлөт, сом менен.*

Жалпы чарбалык жана жалпы өндүрүштүк чыгымдар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- башка жалпы кызматкерлерди кармоого чыгымдар;
- зарыл салыктар жана жыйымдар;
- калдыктарды чыгаруу (төгүү) менен айлана-чөйрөнү булгаганы үчүн төлөмдөр;
- ремонттук фонд;
- эмгекти коргоого чыгашалар;
- кадрларды даярдоого жана кайра даярдоого акы;
- командировкалык чыгымдар;
- сот чыгымдары.

## 12. КТКны жыйноого, чыгарууга жана жайгаштырууга тариф

Баалар (тарифтер) тармактык өзгөчөлүгүн эске алуу менен ар бир субъект үчүн өзүнчө аныктал-

ган, экономикалык жактан негизделген чыгымдын (иш жүзүндөгү жана/же пландуу) жана пайданын өлчөмүнө жараша Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында каралган салыктарга жараша түзүлөт.

КТКны жыйноого, ташууга жана жайгаштырууга тариф төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**<u>Т= (Ө х Крент) + N,</u>** мында:

*Т – КТКны жыйноого, ташууга жана жайгаштырууга тариф;*
*Ө – КТКны жыйноо, ташуу жана жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүнү өндүрүүнүн жалпы өздүк наркы (сом / бирдик)*
*Крент – рентабелдүүлүктүн коэффициенти;*
*N – колдонуудагы салык мыйзамдарына ылайык чегерилген салыктар.*

КТКны жыйноо, ташуу жана жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүнү өндүрүүнүн жалпы өздүк наркы төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**<u>Ө = Өкуб.ж.т.жум + Өкуб.жай</u>**, мында:

*Өкуб.ж.т.жум – КТКнын 1 куб.м жыйноо жана ташуу боюнча жумуштардын өздүк наркы, сом менен;*
*Өкуб.жай – полигондо калдыктардын 1 куб.м жайгаштыруунун баасы, сом менен.*

Рентабелдүүлүктүн коэффициенти төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**<u>Крент = 1 + 0,01 х Р,</u>** мында:

Р – рентабелдүүлүк, (%), жергиликтүү нормативдик документтер менен белгиленген эсептик көрсөткүч.

**<u>Р = Пайда/Ө,</u>** мында:

*Пайда – ишкананын пайдасы.*

**<u>Пайда = V – Соб,</u>** мында:

*V – кызмат көрсөтүүдөн ишкананын жылдык тапкан пайдасы, сом менен;*
*Соб – ишкананын кызмат көрсөтүүнү өндүрүүгө кеткен чыгымдары.*

Тарифти эсептөөдө чарба субъекти продукциянын (кызмат көрсөтүүнүн) өздүк наркына рентабелдүүлүктүн пландуу деңгээлин кошо алат, ал төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**<u>Рпл = Ппл / Спл,</u>** мында:

*Ппл – пландуу пайда (сом менен);*
*Спл – алдыдагы жылга сатуулардын (кызмат көрсөтүүлөрдүн) күтүлгөн көлөмү.*

Адистештирилген ишкананын экономикалык туруктуулугун жогорулатуу максатында пландуу көрсөткүчтөрдү эсептөөдө 10% кем эмес рентабелдүүлүк деңгээлин колдонуу сунушталат.

# 1-тиркеме

## Аткарылган жумуштарга кызмат көрсөтүүлөргө хронометраждык байкоо жүргүзүүнүн тартиби

**Хронометраж –** бул жумуштардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн өндүрүштүк технологиялык картасында көрсөтүлгөн аткарууга кеткен убакыт, чийки зат, материалдардын чыгымын изилдөө усулу.

Хронометражды ЖӨБдүн аткаруучу органынын башчысынын же анын ыйгарым укуктуу адамынын тескемесинин негизинде түзүлгөн комиссия жүргүзөт.

Жумуштардын толук циклин аныктоо үчүн өлчөөлөр этап-этабы менен жүргүзүлөт. Мында тараза, секунда өлчөгүч, сантиметрдик тасма, узундукту өлчөө үчүн тасма ж.б. өңдүү тийиштүү аспаптар колдонулат.

Хронометраж конкреттүү объект боюнча жумуштардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн өндүрүштүк технологиялык картасында белгиленген тартип боюнча жүзөгө ашат.

Эмгекке кеткен чыгымдардын хронометражы ар бир операция боюнча өзүнчө эсептелинет. Белгиленген (фиксацияланган) убакыт операциялар боюнча кошулуп, эмгекке кеткен чыгымдардын таблицасында көрсөтүлөт жана төмөнкүдөй формула боюнча сааттар менен аныкталат:

**<u>Тс = tmin / 60min,</u>** мында:

*Тс – операцияны аткарууга кеткен убакыт, саат менен;*
*tmin – операцияны аткарууга кеткен убакыт, мүнөт менен;*
*60min – мүнөт менен эсептелинген убакыт, бир саатка барабар, мүнөт менен.*

Хронометраж процессинде белгиленген убакыт ченемдик болуп эсептелинет жана технологиялык процесс өзгөргөн учурда гана кошо өзгөрүшү мүмкүн. Технологиялык процесске эмгекке кеткен чыгымдардын көлөмүн азайткан инновациялар киргизилген учурда кайра хронометраж жүргүзүлөт жана анда эмгекке кеткен чыгымдардын жаңы нормативи белгиленет.

Эмгекке кеткен чыгымдар боюнча белгиленген нормативдердин негизинде айлык акы боюнча жумуштардын пландык баасы төмөнкү формула боюнча аныкталат:

**<u>Б= Тс х СТС х Сжум,</u>** мында:

*Б – жумуштардын баасы,*
*Тс – операцияны аткарууга кеткен убакыт (норматив), саат менен;*
*СТС – жумушчунун сааттык тарифтик ставкасы;*
*Сжум – жумушчулардын саны.*

Чийки заттын жана материалдардын чыгашалары боюнча нормативдер болбогон учурда нормативдерди хронометраждын негизинде белгилөө сунушталат. Материалдык чыгымдар төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

**<u>См = Мс х Бм,</u>** мында:

*См – материалдык чыгымдардын суммасы, сом менен;*
*Мс – пайдаланылган материалдын саны,*
*Бм – материалдын рыноктук баасы.*